63.3(2)
А 30

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Ош мамлекеттик университети

Адилбаев Жумали

Индиянын соңку тарыхы (1918-2005-жж.)

Тарых факультетинин студенттери үчүн окуу куралы

2-басылышы

6420 22798

Ош -2008

УДК 93/94
ББК 63.3(0)6
А30

Окуу куралын Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңеши басмадан чыгарууга сунуштады.
2006-жылдын 27-декабрындагы №5 токтому.

Тарых илимдеринин кандидаты, доцент Адилбаев Ж.

Рецензенттер: тарых илимдеринин доктору, профессор Абытов Б.,
тарых илимдеринин кандидаты, доцент Өмүрзакова Т.,
тарых илимдеринин кандидаты, доцент Гапаров Т.

Адилбаев Жумали
А30 Индиянын соңку тарыхы (1918-2005-жж.) тарых факультетинин студенттери үчүн окуу куралы, 2-басылышы. – Ош: 2008. – 104 б.

ISBN 978-9967-03-418-1

Автор Азия жана Африка өлкөлөрүнүн соңку тарыхы предмети боюнча кыргыз тилинде адабияттын жоктугун эске алып, ар бир өлкөнүн тарыхын өз алдынча китеп кылып чыгаруунун колго алды.

Окуу куралы кыргыз тилинде, автордун лекциялык курстарынын негизинде жазылган алгачкы эмгек. Бул китеп тарых факультетинин студенттерине, окутуучуларга, тарых мугалимдерине, жалпы эле Индиянын тарыхына кызыккан окурмандарга арналат.

А 0503010000-08

ISBN 978-9967-03-418-1

УДК 93/94
ББК 63.3(0)6

© Адилбаев Ж., 2008

№1-тема: Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки Индиядагы антиколониялык кыймылдын жогорулашы.

I. Биринчи дүйнөлүк согуштун аяктаган мезгилиндеги Индиянын абалы.

Метрополиянын жеңишине Индиянын кошкон салымы

Индиянын көпчүлүк бөлүгү британиянын колониясы, ал эми калган бөлүгү 600 дөй княздыктар Англия менен эки тараптуу келишимдерди түзүп, алар дагы Британия империясынын курамына кирген. Согушта Индия Англиянын тарабында катышып, Антантанын жеңишине зор салым кошкон. Бир жарым миллион индиялыктар кан майданда британиялык аскерлер тарабында түздөн-түз согушкан болсо, жүз миңдеген адамдар фронтко танапташ тилкелерде кара жумушка тартылган.

Андан башка Индия өзүндө абалдын оор экендигине карабастан (согуш жылдары ачарчылыктан 13 миллионго жакын адам кырылган) фронт үчүн өтө көп өлчөмдөгү азык-түлүк жана айыл чарба чийки затын берип турган. Калк ичинде согуш муктаждыктары үчүн жардам чогултулган. Англия Индиядан 150 миллион ф.ст (фунт стерлинг) карыз алып, Индия жалпы жонунан 200 миллион ф.ст. өлчөмүндө товар жөнөткөн.

Өзүнүн колониясынын экономикалык кудуретин чыңдоо максатында англиялык бийликтер индиядагы өнөр жай жана банктардын өнүгүшүнө болгон бардык чектөөлөрдү алып салган. Ошого байланыштуу согуш жылдары индиялык ишкерлер күч алышып, англичандары сүрө башташты. Индиялык ири ишкерлер металл өнөр жайын, суу энергетикасын өнүктүрүштү, банктарды ачышты. Согуш болор алдында эле Индияда колдо кездеме токуу кайрадан калыбына келтириле баштаган. Бул тармакта пахтадан ийрилген жиптин көбүрөөгү кайрадан иштетилип, 45 миллион адам эмгектенген.

Англиялык банктар Индиянын экономикасына өз каражатын чын дили менен инвестиция катары жумшап турду. Ушулардын баары Индияда антиколониалдык кыймылдын күчөшүнө өбөлгө түздү.

1918-жылдагы улуттук кыймыл

Колониалдык администрацияга индиялыктардын өзүнөн кадрларды даярдоо максатында 1835-жылы генерал–губернатор Маколей билим Берүү тармагында реформа баштаган. Ошонун аркасында XIX кылымдын экинчи жарымында Индияда бир топ университеттер ачылып, аларда окуу англис тилинде жана англиянын

программалары боюнча жүргүзүлгөн. Ал гана эмес колунда бар брахмандардын балдары дүйнөгө атагы чыккан Англиянын Кембриж жана Оксфорд университеттеринде окууга мүмкүнчүлүк алышкан. Европалык цивилизация менен таанышуу индиялык интелектуалдарга зор таасирин тийгизген. Алардын саны салыштырмалуу аз болсо дагы, саясаттагы жана коомдук турмуштагы алардын орду бараандуу болгон.

Ошол чөйрөдөн чыккан белгилүү индиялык агартуучулардан Рам Мохан Рой, Свами Вивекананда, Даяна Сарасватилерди атасак болот. Алардын оюу боюнча Индиянын эркиндигин жоготушу бул карма* мыйзамынын табигый жыйынтыгы, архаикалык* үрп-адаттардын (сати*, жашы жетелек кездеги никелешүү, касталык басмырлоо ж.б) сакталып калышы. Бул абалдан чыгуунун түрдүү жолдорун сунушташкан. Карапайым индиялыктардын арасында өксүк идеясы таркатылып, алар Англиялыктарды мыйзамдуу бийлик өкүлдөрү катары таанышып, алардын алдында таазим кылышкан.

Индиядагы эң чоң уюм 1885-жылы уюшулган Индиялык улуттук конгресс (ИУК) болгон. Ал мезгилде азырынча соясий партия эмес, интеллектуалдуу улут каймагынын уюму болгон. Анын иши жергиликтүү маалымат каражаттарында макалаларды жарыялап, жыл сайын өткөрүлүүчү конгресс жыйындарында антиколониалдык маанайдагы чечимдерди кабыл алып, аларды петиция иретинде англиялык бийликтерде жөнөтүү менен чектелген. ИУК – азырынча массалык уюм эмес, ичинде анын уюмдарын тескеп туруучу ички структурасы жок эле. XIX кылымдын аягында ИУК тен Б.Тилак башында турган радикалдуу* фракция* бөлүнүп чыгып Махараштрада ашынган улутчулдук талаптары менен массалык чыгууларды, нааразычылыктарды уюштурууга аракет жасап көрдү, бирок бул аракеттер эл расында колдоо тапкан эмес.

1906-жылы англиялыктардын иштиктүү жардамы менен Индияда дагы бир уюм - Мусулмандар лигасы түзүлгөн. Бул уюм мусулман интелегенциясынын башын бириктирип, биринчи дүйнөлүк согушка чейин эле Индияда куриялар, башкача айтканда диндик белгиси боюнча өткөрүлө баштаган шайлоолордо мусулман общинасынын арасында иш жүргүзүүсү керек эле. Англиялык колониалдык бийлик мусулмандар лигасын ачык эле колдоп, өзүлөрүн мусулмандардын кызыкчылыгын коргоочулар катары түр көрсөтүшкөн. Ошого карабастан согушка чейин жана согуш жылдары көбүнчө ИУК менен мусулмандар лигасы ар түрдүү акцияларга чогуу чыгышкан. XX кылымдын башында Индияда- жалпы индиялык жана провинциалдык мыйзам чыгарылуучу кеңештер түзүлүп, ошол күндөн алардын укуктарын жана шайлоо жолу менен куралыш мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү талаптары коюлуп келген. 1909-жылдагы мыйзам боюнча жалпы индиялык мыйзам чыгаруучу кеңештердин депутаттарынын

жарымы, ал эми провинциялык депутаттардын көпчүлүгү шайлоо жолу менен тандалган. Согуш жылдары Индияда сварадж (өзүн-өзү башкаруу) идеясы кеңири таркаган.

1916-жылы Б.Тилактын жактоочулары ИУК кайрадан кошулушуп, Лакнау шаарындагы сьездде мусулмандар лигасы менен чогуу жүргүзүү жөнүндө чечимге келишкен. Ошол мезгилден баштап ИУК менен мусулмандар партиялары бирдиктүү сөезд (сессияларды) өткөрө башташкан.

1915-жылы Мусулмандар лигасынын башына белгилүү ишмер Мухаммед Али Жинна келди, уюмдун жаңы Уставы кабыл алынып, партиянын максаты Британия империясынын курамындагы Индияны өз алдынча башкарууга жетиштирүү деп жазылган. Ушул максат эки партиянын тең башын кошуп, жакын арада, 1-дүйнөлүк согуштагы жеңишке кошкон салымы үчүн Англия бийлиги Индияга өзүн өзү башкаруу укугун берет деген үмүт күч алган эле.

Индиялыктардын үмүтүнө англиялык бийликтердин берген жообу

1918-жылы июлда «Индияны башкаруу жөнүндө» - деген мыйзам долбоору жарык көрдү. Ал тарыхта Монтегю – Челмсфорддун реформасы деп аталып калган. (Индияга тиешелүү бардык мыйзамдарга эки адамдын – вице-королдун жана Англия өкмөтүндөгү индия боюнча иштердин министринин аты жазылган) Индияга, күтүлгөн өзүн-өзү башкаруу укугу берилген жок, бирок кээ бир жеңилдиктер каралган. Мисалга: провинциялык Мыйзам чыгаруу жыйынына шайлоочулардын саны байлык өлчөмүнүн азайтылышына байланыштуу үч эсе өскөн.

Эң негизгиси вице-королдун алдындагы жана провинциялардагы аткаруучу кеңештердеги (өкмөттөр) кээ бир мааниси жагынан экинчи катардагы кызматтарды (саламаттыкты сактоо, билим берүү ж.б.) индиялыктар ээлегенге укук алышты. Ошол эле учурда англиялык бийликтер мыйзам чыгаруучу жыйындарды таркатып жиберүү жана анда кабыл алынган мыйзамдарга вето жарыялоо укугун сактап калышкан.

ИУК тин жетекчилеринин бир бөлүгү ушундай чечим менен деле макул болушкан. Айталык Банержи (Бенгалияда) бул чечимди жактырып өзүнчө Либералдык федерация уюмун түзүп Конгрестин курамынан бөлүнүп чыгып кеткен. Бирок, ИУК 1918-жылы августда Бомбейдеги жыйында Монтегю – Челсфорддун долбоорун четке каккан. Ошого карабастан бул мыйзам 1919-жылы парламентте кабыл алынган.

1919-ж. 19-мартында Индияда Роулеттин мыйзамы күчүнө кирген. Ал согуш мезгилиндеги мыйзамдын ордуна кабыл алынып, ал боюнча Индиядагы бийлик органдары кеңири укуктарга ээ болушкан:

митинг, демонстрацияларды кубалап таркатуу, саясый иштер боюнча присяжныйлар соту жоюлган, күнөлүүлөрдү сотсуз эле камоо же сүргүнгө айдоо, бардык уюмдарга жана органдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салу, өтө каттуу цензура киргизүү. Мындай чаралар индиялыктарга жакшы белгилүү болуп турса дагы, андан англиялыктар чочулашкан эмес, анткени ИУК тин белгилүү бир колдонгон сестенте турган тактикасы жок болучу, анан калса уюшкандык жактан дагы чабал эле. Айтса айтпаса ар түрдүү билдирүүлөрдү тараткандан башка Конгресстин колунан эмне иш келмек. Бирок кырдаал бир аздан болсо дагы өзгөрө баштаган.

II. Сатьяграхи кыймылынын биринчи мезгили (1919-1920) М.К. Гандинин саясий ишмердигинин башталышы.

Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда Индияга Мохандас Карамчанд Ганди кайтып келди. Ошол мезгилде эле өзүнүн түштүк Африкадагы ишмердүүлүгүнүн аркасында дүйнөгө тааныла баштаган адам эле. Ошол жакта дагы индиялык общиналардын кызыкчылыгн коргоп, өзүнүн сатьяграхи (кызматташпоо жана атуулдук баш ийбөө аркылуу, эгемендүүлүк үчүн күч колдонбой күрөшүү) тактикасын иштеп чыккан болучу.

1915-жылы Индияга келип М.К.Ганди өзүнүн туулуп өскөн Сабармати кыштагына (Аллахабад шаарына жакын) жашап калган. Ошол жерде өзүнүн мектебин ачып, ал жакка Индиянын бардык өлкөмдөрүнөн жана башка өлкөлөрдөн дагы анын шакирттери келип урушкан. Аларга М.К. Ганди сатьяграхинин принциптерин үйрөткөн: бул күрөштүн катышуучусу эч качан күч колдонууга барбай, жазалануудан качпашы керек. Сварж үчүн күрөштүн түпкү максатына жетүүнүн өзүнчө жолдорун иштеп чыккан.

Баарынан мурда англиялык бийликтерге карата бойкот жарыялоо: администрацияга, юридикалык системасына, мектептер менен окуу жайларына, кызматтарга жана ардактуу наамдарга, англиялык товарларга; өзгөчө чара катарында салык төлөөдөн баш тартуу чарасы сунушталган. М.К. Ганди англиялык мекемелерге дагы бойкот жарыялап, керектүү учурларда алардын ордуна бул же тигил маселелерди чечүү үчүн традициялык панчаяттарга (ар бир эл жашаган пункттарда жана касталарда шайлоо жолу менен түзүлүүчү орган) кайрылууну сунуштаган.

Ошону менен бирге эле дагы максат - свадеши (өзүнүн өндүрүшү, улуттук өндүрүш) - улуттук экономикадан акырындап англиялыктарды сүрүп чыгаруу максаты коюлган. М.К. Ганди кол менен токулуучу традициялык индиялык кездемеге (кхади) чоң маани берген жана аны кеңири жайылтууга үндөгөн.

Сатьяграхи тактикасы улуттук психология менен дүйнөтааным сезимине, баарыдан мурда – карма идеясына негизделген. М.К. Ганди бир нече жолу Индиянын көз каранды эместигине жетишүү архаикалык социалдык түзүлүштүн жана зыяндуу үрп-адаттардын калдыктарын жоймоюнча мүмкүн эмес деп белгилеген. Ошону менен катар эле батыш цивилизациясынын терс таасирлерине (алкоголизм, баңгичилик, сойкулук жана башка) кирбөөгө чакырган.

1919-жылы 6-апрелде М.К. Гандинин үндөөсү астында бүткүл Индияда Роулеттанын мыйзамына нааразычылык иретинде хартал башталды. Бул акциянын ийгилиги күтүлгөндөн алда канча ашып түштү: бардык жерлерде күркөлөр, базарлар жабылып, иш токтотулду. Бирок, 13-апрелде күтүүсүз жерден Амритсар шаарында кайгылуу окуя болуп өттү. Ал жерде Жалианвалл Баг аянтындагы митингдин катышуучуларына карай полиция ок атып, жыйынтыгында миңден ашык адам өлтүрүлүп, эки миңдейи жаракат алган. Бул кыргын жөнүндөгү кабар бүткүл Индияны аралап өтүп, эл англиялыктарга карата күч колдоно баштаган. Ошого байланыштуу М.К.Ганди харталды токтотууга көрсөтмө берген.

Халифат кыймылы жана ИУК ага карата болгон мамилеси

Биринчи дүйнөлүк согушта Индиялык мусулмандар Англияга каршы согушуп жаткан өздөрүнүн жол башчысы – бир эле мезгилде халиф (дүйнөлүк сүннөт агымындагы мусулмандардын башчысы) наамын алып жүргөн туркия султанына карама-каршы турган абалда калышты. Мындай абал өз кезегинде Мусулмандар лигасы менен индиядагы англиялык бийликтер ортосуна көлөкө түшүргөн.

Англиялыктар кандай гана кырдаал болбосун халифат диндик институт катарында сакталып каларына мусулман жамааттарын ишендирип келишкен. Тилекке каршы Туркияга байланышкан маселелер англиянын өкмөтүнө баш ийбеген кырдаалда чечиле баштагандыгына байланыштуу халифат маселеси боюнча дагы күмөн саноолор күч алды. Ошого байланыштуу 1919-жылдын акырында Индияда халифатты колдоо боюнча кыймылдар башталды. М.К.Ганди бул маселе индиялык мусулмандар үчүн маанилүү экендигин эске алып, индиялыктарды аларды колдоого үндөгөн.

Мусулмандар менен индустардын болуп көрбөгөндөй ынтымакташуу мезгили башталды: биргелешкен жыйындар өткөрүлүп, мусулман активистери ИУКка мүчөлүккө өтө башташты, ошол эле мезгилде белгилүү индуистер мечиттерге барып жагымдуу сөздөрдү сүйлөп колдоо көрсөтүп жатышты. 1919-жылы 6-декабрда Амритсардагы ИУК нын сессиясында Мусулмандар лигасынын лидери М. Али Жинна жана Халифат комитетинин жетекчилери, ага-

ини Мухаммад менен Шаукат Алилердин сессиянын ишине катышканы чоң окуя болду.

1920-жылы апрелде Халифат комитетине М.К. Ганди өзүнүн атуулдук баш ийбөө программасын сунуштап, сатьяграхи тактикасы зор шыктануу демилгеси менен кабыл алынган. Ал гана турсун М.К.Ганди Халифат комитетинин төрагасы болуп шайланган. Ошол мезгилде эле, ал жаңы массалык компанияны даярдоо максатында өлкөнү кыдыра баштаган.

Сатьяграхи компаниясы 1920-жылы 1-августа халифатчылардын урааны менен өткөрөлүп, ага ИУК официалдуу түрдө катышкан эмес. Ошого карабастан бул кыймылдын жайылышы күтүлгөндөн да ашып түшүп, англиялык товарларга жана мекемелерге бойкот жарыяланган. Бул кыймылга мусулмандар дагы, индустар дагы жигердүү катышкандыктан, англиялык бийликтер эч бир чара көрүүгө кудуретсиз абалда калган. Сатьяграхи кыймылынын катышуучулары күч колдонушпагандыктан, англиялыктар дагы күч менен басып коюуга даап бара алышкан эмес.

Индиялык улуттук конгресстин (ИУК) М.К.Гандинин программасы менен тактикасын кабыл алышы

Индиялык улуттук конгресстин (ИУК) лидерлери тарабынан сатьяграхи тактикасын кабыл алыш оңойго турган жок, себеби алар негизинен Индия коомундагы улут каймагынын өкүлдөрү эле: юристер, адвокаттар, колониалдык администрациянын белгилүү ишмерлери, англиялык билим жана тарбия алган адамдар болушкан. Эгерде англиялык товарларга бойкот жарыялашса, анда алар өздөрү көнүп калган турмуш стандартынан баш тартышкан болор эле, ал эми администрацияга, юстицияга жана окуу жайларга бойкот жарыялоо деген, алардын өздөрү эмгек акысыз калып, а балдарынын болсо келечекте коомдогу жакшы орундарды ээлөө мүмкүнчүлүгүнө балта чапкандык болмок.

Анан калса Конгресстин көптөгөн белгилүү ишмерлери жогорку эл урматтаган касталарынан чыккан адамдар болгондуктан, өздөрүнүн касталык статусунун төмөндөшүн каалабагандар арбын эле. Ал эми М.К.Ганди болсо айылдык сүткорлордун жупуну-бания-деген кастасынан чыккан. Ошону менен бирге эле көптөрү сатьяграхи тактикасынан жакшы тыянак чыгышынан күмөн санашкан. Халифатчылардын компаниясынын күтүлбөгөндөй ийгиликтери бул күмөн саноолорду четке какты.

ИУК сатьяграхинин ийгиликтерин талкуулай баштады. 1920-жылы эки жолу Калькуттада жана Нагпурда болуп өткөн партиянын сессияларында тарыхый чечимдер: сатьяграхи тактикасы

жактырылып, М.К.Гандинин саясий программасы жана ИУК нин жаңы Уставы кабыл алынган. Партия массалык мүнөзгө ээ болуп, 1920-жылдын акырында анын мүчөлөрүнүн саны 10 миллионго жеткен. Анын структурасы түзүлгөн: провинциялык уюмдары жана бардыгын тескеп туруучу башында Жумушчу комитети болгон.

М.К.Ганди өзү жүз миңдеген адамдарга сыйкырдуу таасир этип артынан ээрчитип алуучу, ошол эле мезгилде өзүн эң мыкты уюштургуч лидер катары көрсөткөн. Ал өзүнүн бардык кадамдарын алдын ала тыкыр ойлонуп, эсептеп чыгып анан иш жасаган адам болгон. Айталык, М.К.Ганди Б.Тилактын фондуна (1920-жылы өлгөн) акча каражатын чогултуп, кийинчерээк ошол эле фонду ИУКнин финансылык системасынын уюткусуна айландырган. Бул система коркунучка дуушар болбостон өз үзүрүн берип келген, себеби акча дайыма өндүрүштө айлантылып турган, ошондуктан аны конфискация* кылышка мүмкүн эмес болчу.

ИУК тин уюмдары жер жерлерде панчаяттарды (өзүн-өзү башкаруу органдары) түзүү жаатында чоң иштерди жүргүзүшкөн. Айыл жерлеринде арендаторлордун укугун коргогон жергиликтүү комитеттер – сабхилер уюштурулуп жатты. Шаарларда жумушчу кыймылдары күчөй баштаган: 1920-жыл ичинде өлкөдө 200 дөй иш таштоолор болуп өткөн, ал эми май айында профсоюздардын (кесиптик кошундардын) жалпы индиялык конгресси түзүлгөн. 1921-жылы январь айында ИУК курамында профсоюз кыймылы менен байланыш түзүп туруу үчүн атайын комитет түзүлгөн.

М.К.Ганди, эгерде тынымсыз иш жүргүзүп, жөнөкөй адамдардын муктаждыктарына көңүл бөлүнүп турса ИУК партиясы массалык мүнөздөгү, аракети күч саясий уюм болуп каларына бөркүндөй ишенген.

Сатьяграхи компаниясынын экинчи мезгили (1921-1922)
1921-жылы августагы индустар менен мусулмандардын биримдигинин начардашы

М.К.Ганди, ага-ини Алилер, Азад жана мусулман жамааттарынын башка лидерлери өлкө кыдырган учурларында динге берилгендердин сезимине этиет мамиле жасоого чакыргандыктарына карабастан эки диний жамааттардын ортосундагы биримдик көпкө созулган жок. 1921-жылы жайындагы мусулмандардын Бакрид* майрамы тынч өттү. Мурунку жылдары мусулмандар ушул майрамда уй союп, этин жегендиктерине байланыштуу индустар менен кандуу кагылышуулар болуп келген.

1921-жылы Индиядагы мусулмандардын диний жетекчилери ислам динин тутунган жарандарга колониалдык бийликтер менен

күрөштү халифат сакталып калганга чейин токтотпоого чакырган фетва (мусулмандар үчүн мыйзам катары күчкө ээ болгон жазуу түрүндөгү көрсөтмө) жарыялашкан. Англичандар бул документке тыюу салган. Ага күбө болгон М.К.Ганди бардык индиялыктарга, анын ичинде индустарга да кайрылып англиялык бийликтердин бул тыюусуна моюн сунбоого, аны бузууга, ал эми англичандардан болсо тыюуну бузгандарды мыйзам чегинде жоопко тартууну талап кылган. Башкача айтканда англиялыктардан атайылап эле массалык түрдө элди камоону талап кылган. Бул болуп көрбөгөн жорук эле, анткени Индиянын шартында көп миңдеген адамдарды камакка алуу мүмкүн эмес эле. Англиялыктар өтө жаман абалда калышты. Бул жерде айта кете турган бир назик нерсе бар. Чыгышта бийлик көрсөтмө берип, аның аткарылышына жетише албаса, ал бийлик катары эсептелбейт. Чыгыштын менталитети ушундай. Кийинки мезгилдерде дагы М.К.Ганди ушундай сатьяграхи-тактикасын бир нече жолу пайдаланып, англиялык бийликтин карапайым адамдардын алдындагы беделин төмөндөтүүгө жетишти.

Индустар менен мусулмандардын биримдигине доо кетирген каргашалуу окуя 1921-жылы август айында Малабар жээктеринде (Индиянын түштүгүндөгү Мадрас шаарына жакынкы чыгыш деңиз жээги) болуп өттү. Ал жерде мопла көтөрүлүшү болуп, малаяли элинин мусулман дыйкандары индус жер ээлерине каршы чыгышкан. Социалдык негизде башталган бул көтөрүлүш бара-бара эле диний кыргынга айланып кетти. Түштүктөгү бул окуя бүткүл өлкөгө таркап, башка аймактарда дагы талкалап тоноо, кыргын салууга айланып, диний каршылашуунун өртү каптаган. ИУК жана М.К.Ганди муну катту сынга алган. Ал гана турсун Ганди мопла көтөрүлүшү каптаган районго барып кырдаалды тынчытууга аракет кылган, бирок ага бийлик каршы чыккан. Ошентип Малабар жээгериндеги окуя эки жамааттын диндик ажырымын күчөтүп жиберген.

Ошол эле мезгилдерде халифат кыймылында дагы солгундоо байкалды, анткени Туркиянын өзүндөгү республикалык түзүлүшкө болгон умтулуулар халифат маселесинин актуалдуулугун басандаткан. Ошентип Индиядагы диндик эки жамааттын башын бириктирген маселе өз маанисн жогото баштаган.

Принц Уэльскийдин Индияга болгон визитине байланыштуу антиколониалдык кыймылдын жаңы жогорулашы

1921-жылдын күз айларында Индияда – англиялык хантактысынын мураскору башкача айтканда хантаажысынын өкүлү принц Уэльскийдин Индияга визит менен келээри жөнүндө сөз таркады. ИУК ушул визитке байланышкан салтанаттарга бойкот

жарыялады. Принцтин визитине мындай мамиле, улуу британиялык императордук хан таажысын шылдыңдоо катары кабыл алынаарын, англиянын өзүндө колониалдык администрациянын саясаты боюнча начар пикир жаралары, а мүмкүн ушулардын бардыгы англияда алдыда боло турган парламенттик шайлоолорго өз таасирин тийгизерин Конгресстин лидерлери жакшы түшүнүшкөн. М.К.Ганди өзүнүн атынан принцке кайрылуу жолдоп, аны жеке өзү жогору деңгээлде сыйлай тургандыгын айтып, бирок кырдаал саясий мүнөзгө өтүп кеткендигин эскерткен. Индияда англиялык мекемелерге карата массалык бойкот жарыяланып, англиялык товарларга бойкот улантылды. 1921-жылы 17-ноябрда принц Уэльскийдин Индияга келээр күнү Бомбей портунда нааразылык демонстрациясы болуп, шаарда төрт күндүк иш таштоо жарыяланган. Ошол эле күнү Бомбейде улуу даражалуу коноктун урматына салтанаттуу тосуп алуу аземин уюштурушкан перстер менен визитке нааразы болгон тараптардын ортосунда кагылышуу болуп өткөн.

Бул тартип бузуулар үчүн күнөөнү англиялык бийлик, так ошол визит болордун алдында тартипти сактап туруу максатында түзүлгөн «Сева дал» деген Конгресстин жаштар уюмуна жүктөгөн. Ошондуктан англиялыктар бул уюмдун ишине тыюу салышкан. Ушундай кырдаалдан пайдаланылып М.К.Ганди бардык индиялыктарды, жаш курагына карабастан «Сева дал» уюмуна мүчөлүккө өтүп, ушул аракети менен мыйзам бузуп баргандыктары үчүн бийликтен жоопко тартууну талап кылууга чакырган.

Индияның бардык булуң бурчунан миңдеген адамдар полициялык бөлүмдөргө барып өздөрүн тыюу салынган жаштардын «Сева дал» уюмунун мүчөсү экендигин билгизип, камакка алууну талап кылып жатышты. Бул уюмдун мүчөлөрүнүн тизмеси газета беттеринде жарыяланып, полицияга жеткирилип турду. Англиялыктар дагы бир жолу өтө туңгуюк абалда калды.

Ошондой кырдаалда колониалдык бийлик М.К.Гандиге өз ара компромисске барууну сунуштады: алар сатьяграхини токтотуп турушат, ал эми принц Уэльскийдин расмий визити аяктагандан кийин ИУК менен сүйлөшүүлөр башталат. Мындай сунушту М.К.Ганди четке какты.Сатьяграхи улана берди, Индиядагы толкун күч алгандан күч алды, ал эми англялык бийликтер кандай арга табарын билбей калышты.

1922-жылдын февралындагы сатьяграхи жана анын жыйынтыгы

1921-жылы декабрь айында Ахмадабадда болуп өткөн ИУК сессиясы сатьяграхи компаниясын свараджга жетишкенге жана халифатты калыбына келтиргенге чейин улунта берүү жөнүндө чечимге келген. Күрөштүн жаңы түрүн башкача айтканда

сатыяграхинин эң жогорку формасына-салык төлөөдөн баш тартууга өтүүгө чакырылган. Бул компаниянын жетекчиси болуп М.К.Ганди дайындалып, ал жеке өзү качан, күрөштүн кайсыл түрүн баштап, качан токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу укугуна ээ болгон.

1922-жылдын 1-февралында вице-король Ридингге жөнөткөн билдирүүсүндө ал бардык камакта жаткандарды бошотуу, «Сева дал» уюмуна тыюу салууну токтотууну жана индияга өзүн-өзү башкаруу укугун берүү боюнча сүйлөшүүлөрдү баштоону талап кылган. Эгерде бул талаптар аткарылбаса салык төлөөгө бойкот башталарын кабарлаган. Буга жооп кылып вице-король массалык түрдө камакка алууга буйрук берген, себеби салык төлөөдөн баш тартуу чоң кылмыш болуп эсептелген.

Сатыяграхи зор шыктануу менен башталды. ИУКнин көптөгөн белгилүү жетекчилери камакка алынса дагы, азырынча М.К.Ганди боштондукта калган. Колониалдык бийликтин ишмердиги толук айласыздык абалга кептелген. 10 миңге чукул конгресстин активисттери камакка алынгандыгына карабастан, салык төлөөдөн баш тартуу токтолгон жок.

Ушундай кырдаалда Чаура-Чаури деген чакан кыштакта өтө кайгылуу окуя болуп өттү: жергиликтүү дыйкандар өз ишканасында ичинен бекитип алышкан полициялык бөлүмдүн кызматкерлерин тирүүлөй өрттөп жиберишкен. Бул чектен чыккан, сатыяграхинин негизги жобосу – күч колдонбоо (ахимсы) жобосун бузган жорук болду. Муну укkан Ганди сатыяграхи компаниясын токтотууга буйрук берди. Көпчүлүк түрмөдө отурушкан конгресстин мүчөлөрү бул кабарды ишенбөөчүлүк менен кабыл алышты, ал гана эмес Гандинин бул чечими үчүн күнөөлөштү, бирок кийинчерээк анын чечими туура болгондугуна ынанышкан.

Бул окуя күч колдонуунун алгачкысы болгону менен, кийинчерээк уланып кетиши толук ыктымал эле. Анын коркунучтуу жагы: биринчиден сатыяграхи идеясы өзүнүн күрөштүн формасы катарында маанисин жоготмок, экинчиден, англичандар үчүн кыймылды күч менен басып коюуга шылтоо табылмак. Ганди элдин ой санаасын, көңүлүн жакшы түшүнүп турган. Себеби, өткөн мезгилдердеги чыңалуу абалы өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок, элдин чыдамы кетип азыр кенедей бир шылтоо болсо арты өтө өкүнүчтүү окуяга алып келери анык болучу.

ИУКнин калк арасында таасирин сактап калуу максатында М.К.Ганди өзүнүн Конструктивдүү программасын сунуш этти: партияга мүчөлүккө адамдарды тартууну улантуу, кхади идеясын жайылтуу, Тилак коруна каражат топтоо, айыл жерлеринде панчаяттарды, социалдык жактан тейлөө (жакырларга жардам, кырсыкка чалдыккандарга колдоо көрсөтүү жана башка) бөлүмдөрүн ачуу, улуттук мектептерди ачуу, төмөнкү касталардагы укук тебелөөгө

каршы күрөш жүргүзүү, алкоголизмди жоюу. Бирок кырдаал колдон чыгып кеткен болучу. Миңдеген адамдар ИУК тун мүчөлүгүнөн чыгып жатышты. Анан калса М.К.Ганди өзү дагы камакка алынып, 6 жылга соттолуп кетти. Антиколониалдык күрөш болсо төмөндөгөндөн төмөндөп олтурган.

Ошону менен бирге халифат маселеси өзүнүн маанисин жоготуп, индустар менен мусулмандардын ортосундагы ажырым күч алды. Ал аз келгенсип бардык жерлерде диндик негизде кагылышуулар, талаптоноо, кыргын салуу күчөй берген. Диндик эки жамааттын тең экстремисттик уюмдарынын аракеттери өөрчүдү. Мисалга, Синдде жергиликтүү мусулмандарга зордук менен индуизмди таңуулаган «Хинду Махасабхи» уюму пайда болгон. 1921-жылдын аяк ченинде М.А.Жинна дагы ИУК тин мүчөлүгүнөн чыгып кетти. Бул мезгилге чейин салтка айлана баштаган ИУК менен Мусулмандар лигасы партияларынын биргелешкен сессияларын өткөрүү дагы белгисиз мөөнөткө артка жылдырылган.

Тема боюнча тыянактар:

1. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Индияда антиколониалдык кыймылдын жаңы мезгили башталган. Ал негизинен ички себептерге жана англиялык бийликтердин сокур саясатына байланышкан.

2. Индияны солкулдаткан окуялар учурунда ИУК өзүнүн кеңири тармактуу структурасы жана өтө эффективдүү - сатьяграхи – деп аталган жаңы тактикасы бар массалык партияга айланган.

3. Сатьяграхи тактикасынын алдында, күчтүү кудретине таянган англиялык бийликтер дагы өздөрүнүн алсыздыгына көздөрү жеткен. Алардын колундагы бирден бир куралы болуп, күч колдонуу аракеттерине түртүү жана индия калкын диндик негизге бөлүп жаруу эле.

4. Тилекке каршы индустар менен мусулмандардын биримдигине жарака кетип, аларды бириктирип турган халифат кыймылы өз маанисин жоготкон. Эки негизги партиялар ИНК менен мусулмандар лигасынын жолдору эки жакка биротоло бөлүндү.

№2-тема: 1920-1930-жылдардагы Индиядагы антиколониялдык күрөш.

1. Антибританиялык кыймылындагы жаңы жогорулаш. 1923-1927-жылдардагы ИУК ичиндеги абал.

1922-жылы сатьяграхинин күтүүсүз жерден токтотулушу менен ИУК мүчөлөрүнүн саны кескин кыскарып кеткен. Анын катарынан көптөгөн адамдар айрыкча мусулмандар чыгып кетишкен. Конгресстин көпчүлүк лидерлери түрмөдө олтурушуп, сатьяграхини токтотуу боюнча чечеми үчүн Гандини күнөөлөшкөн. Негизинен ИУК де үч топ пайда болгон:

1. **Гандинин тарапкерлери** - Р.Прасад, В.Патель, Ч.Раджагопалачария – азыркы кырдаалда сатьяграхинин токтотулушун туура чечим деп эсептешип, негизги көңүлдү иштиктүү (конструктивдүү) программага буруш керектигин белгилешкен.
2. **Өзгөрүүнү жактагандар** же сваражчылар – Мотилал Неру (Жавахарлалдын атасы), Ч.Р.Дас – Ганди тарабынан сатьяграхинин токтотулушун сынга алышып, саясый системага бойкот жарыялоону туура эмес деп эсептешкен. Тескерисинче алар шайлооого катышып, Мыйзам чыгаруучу жыйындын ишин ичинен алсыратууга үндөшкөн. Алар 1923-жылы өз алдынча Сваражистердин партиясын түзүп алышкан.
3. **Сол канаттагылар** – али жаш Жавахарлал Неру жана Субхас Чандра Бос – көз карашы боюнча радикалдар, негизги максат доминион* эмес, Индиянын толук көз каранды эместигине жетишүүнү деп эсептешкен.

1923-ж. Дели шаарындагы болуп өткөн ИУК нын сессиясында, партияга мүчө сваражчылар өз талапкерлери менен Мыйзам чыгаруучу жыйындын шайлоосуна катыша алышат деген чечим чыгарылып, ал эми Конгресс жалпысынан бойкотту уланта берген.

1923-ж. декабрь айында Англияда бийлик башына Д.Р.Макдональд турган лейбористтик өкмөт келген. Убагында лейбористтер Индиядагы саясатты толук өзгөртүүнү убада кылышкан эле. Бийликке келгенден кийин алар Гандини баш кылып ИУК тин лидерлерин абактан бошотушкан. Эл ичинде реформалар жүзөгө ашырылып Индиянын статусу* өзгөрөт деген үмүт пайда болгон. Ушундай шартта Ганди англиялык товарларды сатып алуудан баш тартууну калтырып, калган бойкоттордун бардыгын токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Негизги күчтү кхадини* пропагандалоо, улуттук окуу жайларды ачуу жана Мусулмандар лигасы менен биримдикти бекемдөөгө багыттоо белгиленген. Бир караганда– Гандинин божомолу ишке аша баштагандай туюлуп, ИУКнин катары чыңала түштү. Анан калса

сваражистер шайлоого катышышып Мыйзам чыгаруучу жыйындан тиешелүү орундарга ээ болушуп, парламенттин ишин ичинен бузууга (обструкция)* ийгиликсиз аракет кылып жатышкан. Ал эми англиялык бийлик алардан бул аракеттерин таназарына алышкан эмес, керек болсо алар Индияны Мыйзам чыгаруучу жыйынсыз деле башкара ала тургандыктарын көрсөтүшкөн.

Көп өтпөй бийликке лейбористтердин келиши менен байланышкан үмүттөр солгун тарта баштады, себеби, алар парламентте либералдардын колдоосуна муктаж эле. Ал эми либералдар болсо Индияны башкаруу жаатында эч кандай бет келишип кадам таштоого барышмак эмес. Анан калса, 1924-жылдын аягында Англияда бийликке консервативдик өкмөт келип, Индия боюнча Министрликке лорд Биркинхед дайындалып, аны менен сүйлөшүү жүргүзүү аракети ийгиликсиз аяктады.

1924-1928-жылдары М.К.Ганди ИУК деги өзүнүн саясый ишмердигин токтотуп, негизги күчүн өзү сунуштаган иштиктүү программага жумшаган. Колдо кездеме токуучулардын бүткүл индиялык ассоциациясынын жардамы менен негизги көңүлдү кхадиге бурган.

Сваражисттердин иши дагы жарыбады, себеби 1926-ж. болуп өткөн шайлоолорго катышышып, бирок Мыйзам чыгаруу жыйынында көпчүлүк орунду ала албай калышты, ошондуктан анын ишин ичинен бузуу дагы колдорунан келбейт болучу.

Саймондун комиссиясынын түзүлүшү (1927) жана британиялык бийлик менен ИУКнин ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу

1927-жыл Индия үчүн жаңы конституцияны иштеп чыгуу үчүн башында англиялык юрист Дж.О.Саймон турган комиссия түзүлгөндүгү белгилүү болду. Бул комиссиянын курамы жалаң гана англиялыктардан турган, бирок бардык маселелер боюнча бул комиссия индиядагы саясий партиялар жана уюмдар менен кеңешип турат деп айтылган. Ошого карабастан индияга өзүн өзү башкаруу укугу кандайча берилерин англиялыктар чечишээри белгилүү болуп калган. Мындай жорукка индиялык саясый партиялар нааразылык билдиришип, комиссиянын ишине бойкот жарыялашкан.

1927-ж. декабрь айында Мадраста болуп өткөн ИУК сесиясында Индиянын Конститутциясынын өз долбоорун иштеп чыгуу боюнча атайын комитет түзүлгөн. Анын башында Монтилал Неру турган. (« Мотилалдын комитети»).

Алардын долбоору (« Нерунун Конституциясы») 1928-ж. июль айында даяр болгон. Бул долбоор боюнча Мусулмандар лигасы менен

макулдашууга аракеттер жасалды, тилекке каршы 1928-ж. декабрда болуп өткөн партиялар аралык конференция ийгиликсиз аяктаган. Негизги эки ача пикирди жараткан маселе Борбордук Мыйзам чыгаруучу жыйындагы өкүлчүлүктүн саны болгон (мусулмандар лигасы өздөрүнө бардык орундун 1/3 талап кылган). Өз талабы колдоо таппаган мусулмандардын башчысы Мухаммед Али Жинна конференцияны таштап чыгып кеткен. Ошол эле жерде өз алдынча өткөрүлгөн ИУКнин сессиясында М.Нерунун долбоору жактырылып, англиялыктарга ойлонууга бир жыл берүү, эгерде ошол мөөнөттө алгылыктуу жылыштар байкалбаса, толук көз каранды эмгектикке жетишүү боюнча чечим чыгарылган.

1929-ж. декабрындагы ИУК сессиясында, бөлүнгөн мөөнөтү аяктагандан кийин Индиянын көз карандысыздыгын талап кылуу жана жаңы сатыяграхиге даярдык көрүү чечими бекитилген.

Дүйнөлүк экономикалык кризистин Индияга тийгизген таасири

Ушундай шартта дүйнөлүк экономикалык кризис башталып, тез эле Индияга дагы жеткен. Ага чейин эле, 1927-1928-жылдары өлкөдө агрардык кризис башталган болучу – жутка*, пахтага, буудайга, май чыгуучу өсүмдүктөргө болгон баа төмөндөп кеткен. Кирешеден кол жууган дыйкандар, мурунку өлчөмдө жер салыгын төлөй албай калышкан. М.К.Гандинин шакиртеринин бири Валлабхаи Патель 1928-жылы июнь айында Гуджаратта жер салыгын төлөөдөн баш тарткан сатыяграхини ийгиликтүү жүзөгө ашырып келген.

Дүйнөлүк кризис айыл чарба продукциясынын баасын андан бетер төмөндөтүп, иш жүзүндө салыктын өсүшүнө алып келген. Себеби, формалдуу түрдө салыктын өлчөмү мурдагы деңгээлде калганы менен,аны төлөш үчүн продукцияны 2-3 эсе көп өндүрүп сатыш керек болуп калган. Кризис шартында жер ээлери жер салыгын акчалай алууга өтүшкөн, ал эми жери бар дыйкандар жер салыгын төлөөгө мүмкүнчүлүктөрү жок болгондуктан эки анжы абалга туш болушкан: же жерден ажырап шаарга кетүү, же болбосо жерди сактап калыш үчүн сүткорлордон акча алып карызга батуу, айласы кеткендер үйдөгү кымбат баа буюмдарынан кол жууш керек болгон (Индиядагы ар бир аялдын алтын,күмүш жасалга буюмдары бар эле). Ошол жылдары жер салыгына төлөнгөн кымбат баа буюмдар жана таштар Индиядан Англияга дарыядай агып, ошонун эсэбинен англиялыктар өздөрүнүн финансылык системасын турукташтырууга жетишишкен.

Даяр продукция сатуунун кризисин жөнгө салуу максатында Англия өзүнүн продукциясын Индияга сатууну көбөйткөн. Индиялык атаандаштардын иштери оорлошкон, себеби бийлик темир жол менен жүк ташуу акысын көтөрүп койгон. Өзүнүн акчасы фунт стерлингдин

алтынга байланыштырылган стандартынан баш тартуу менен Англия Индиянын улуттук валютасы-рупийдин курсун көтөрүп жиберген. Бул өз кезегинде индиялык товарлардын баасынын жогорулашына, ал болсо өз кезегинде: Индиядагы миңдеген майда жана орто ишканалардын жакырданышына, жумушсуздуктун өсүшүнө, иштеп жаткандардын айлык акысынын 30-40% га кыскарышына алып келген. Кризис социалдык чыңалууну күчөтүп, карапайым калк ачкалыктан өлбөс үчүн болгон жыйып-терип сактаган байлыгын сарптоого аргасыз болгон.

Коомдо күчөп бара жаткан нааразылык көбүнчө колониалдык бийликтерге каршы багыт алган. Ал турсун терроруду күрөштүн негизги ыкмасы катары эсептеген радикалдык топтор пайда болгон. Алар негизги эки райондо – Бенгалия менен Пенжабда аракет кылышкан, бирок сан жагынан аз болуп, эл тарабынан колдоо табышкан эмес.

II. 1930-жылдардын башталышындагы сатыяграхи.

Сатыяграхинин башталышы жана «тегерек столдун» конференциясынын ачылышы

1930-жылы январда ИУК тен шайланган депутаттар Мыйзам чыгаруу жыйындарын таштап чыгып жетишкен. Ал эми 1930-жылдын 26-январында жалпы хартал жарыяланды, ошентип жаңы сатыяграхиге даярдык башталган. Анын лидери болуп М.К.Ганди дайындалган. Демек, ошол гана бойкоттун кайсы түрүн тандап алуу жана англиялык бийликтердин алдына талаптарды коюу укугуна ээ болгон.

1930-жылы март айында «Гандинин 11 талабы» жарыяланып, анда коомдун түрдүү катмары көлдөй турган маселелер камтылган. М.: жер салыгынын өлчөмүн жана аскерий чыгымдарды тең жарымына чейин кыскартуу, англиялык мамлекеттик кызматкерлердин маянасын азайтуу, кайрадан Индияга алып келинүүчү товарларга кымбат пошлина салуу, Талаптардын бирөөндө туз өндүрүп чыгаруу жана сатууга болгон англиялыктардын монополиялык укугун жоюу каралган. Бул жана калган талаптар экинчи катардагы маселелер болуп, аларды англиялыктар канааттандырып коюшу деле ыктымал эле. Бирок Гандинин максаты башкада – англиялык бийликтерди Конституциянын долбоору боюнча ИУК менен сүйлөшүүлөрдү баштоого мажбурлоо болгон.

Элдин бардыгы Гандиден сатыяграхинин башталышы жөнүндө ишарат күтүп турган эле. Англиялык вице-королго Ганди өзүнүн резиденциясынан чыгып деңизге карай кеткендигин билдиришкен.

22798

Жолдо ага миңдеген адамдар кошулуп 6-апрелде 1930-жылы Гуджаратта деңиз жээгинде сууну буулантып туз өндүрө башташты. Анын бул кадамы сатыграхини баштоого берген ишараты болгон. Ганди туз өндүрүүгө болгон англиялык бийликтин монополиясын бузгандыгы үчүн токтоосуз камакка алынган. Анын жолун миллиондогон адамдар улантышып өлкөнүн ичиндеги көлмөлөрдөн дагы суусун буулантып туз өндүрүп жатышты. Ал үчүн адамдар полиция башкармалыктарынын бетмаңдайына алоолонтуп от жагышып, ачыктан ачык эле мыйзам бузууга барып жатышты.

Туз өндүрүү компаниясы, өтө эффективдүү түрдө англиялык товарларга бойкот кылуу менен коштолуп турган. Гандинин чакырыгы менен индиялык аялдар англиялык дүкөндөр алдында пикетке чыгышкан. Гандинин чакырыгына жооп иретинде жүз миңдеген мусулман аялдары дагы паранжаларын алып салып пикетке чыгышкан жана дүкөндөрдө англиялык товарлар менен соода кылууга жолтоо болушкан. Ошол күндөн кийин Индиядагы мусулман аялдарынын бетине паранжы жамынуу салты бардык учурларда эле сактала бербей калды.

Сатыграхи өткөрүлө баштаган биринчи эле айда 100 миңге жакын адам камака алынды. Англиялык бийликтер калкты ачык эле күч колдонуу акциясына түртүп жатышты. М.: Түндүк – батыш чегара провинциясында патандардын (пуштун уруусу) массалык митингине ок атышкан, бирок жооп иретинде күч колдонуу өртү от алган эмес. Бул райондогу кыймылды өзүн Гандинин тарапкеримин деп эсептеген, анын күч колдонбоо принцибин жактаган «Кызыл көйнөкчөндөр» уюмун түзгөн Абдул Гаффар – хан жетектеп турган.

1930-жылы май айында ИУК тин жетекчилерин кайрадан камака алуу башталып, алардын арасында ата-бала Мотилал менен Жаварахарлал Нерулар дагы бар эле. ИУКнин ишмердигине тыюу салынып, анын мүлкүнө жана активине арест колдонулган. Ошондон кийин колониялдык бийлик Конгрессти көзгө илбей сатыграхиге катышпаган башка саясий уюмдар менен байланыш түзө баштаган.

1930-жылы июнда Саймондун комиссиясы иштеп чыккан доклад Англия тарабынан индиянын саясий партияларына талкуу үчүн жөнөтүлгөн. Ошол эле жылдын ноябрь айында Лондондо индиянын жаңы конституциясынын долбоорун талкулоо үчүн «тегерек столдун» конференциясы өз ишин баштап, ага Мусулмандар лигасы, Либералдар партиясы, Хинду Махасабха, ал гана эмес княздардын өкүлдөрү жана эң төмөнкү кол тийбестер кастасынын башчылары дагы катышышкан. Бир гана ИУК чакырылган эмес, анткени жогоруда айтылгандай анын ишмердигине тыюу салынып, англиялыктар эң таасирдүү бул саясий партиясыз эле маселе чечүүгө ниет кылышкан.

Бул мезгилдерде Мусулмандар лигасы радикалдуу максаттарга көбүрөөк ооп, ИУК деги мүчө мусулмандар менен тил табышуу кыйындай баштайт. Так ошол 1930-жылы, белгилүү коомдук ишмер Мухаммед Икбал Индиядан мусулмандардын өз алдынча мамлекетин бөлүп чыгып кетүү идеясын айткан. Ал учурда бул идея Мусулмандар лигасы тарабынан четке кагылган, бирок кийинчерээк Пакистан мамлекетин түзүү менен аяктаган.

Ганди – Ирвинг пактысы жана ИУК нин «тегерек стол» конференциясына чакырылышы

Лондондо «тегерек стол» конференциясы өз ишин улантып жаткан учурда Индиядагы кырдаал оңолгон жок. Англиялык бийлик алсырап, иши жүрүшпөй калды. Лондондо кандайдыр бир чечим кабыл алынган учурда дагы, аны турмушка ашыруу ИУК сиз мүмкүн эмес экендиги айкын болду. Сатыяграхинин жетекчилерин камакка алуу бул кыймылды токтото алган жок, себеби Ганди эгерде бул же тигил райондогу бир жетекчисин камаса сатыяграхинин ишин экинчиси улантып кете бере турган кыйтыр система иштеп чыккан болучу.

Ушундай абал акыры келип англиялыктарды 1930-жылдын акырында ИУК менен сүйлөшүүлөрдү баштоого мажбур кылды. Адегенде биринчи байланыштар түрмө ичинде башталып, кийинчерээк алар камактан бошотулуп кадимки шарттарда улантылган. Жыйынтыгында 5-марта 1931-жылы Ганди менен вице-король Ирвингдин ортосунда пактыга кол коюлган. Анын шарты боюнча: Англия ИУКнин ишмердүүлүгүнө тыюу салуну токтотот жана анын өкүлдөрүн Лондондогу «төгөрек стол» конференциясына чакырат жана саясий күнөө менен камалгандардын бардыгына азаттык берилет. Буга жооп иретинде ИУК сатыяграхи компаниясын токтотот.

Бул келишим ИУКнин Карачиде өткөн сессиясында 1931-жылы март айында бекитилген. Ушул эле сессияда болочоктогу эгемендүү Индияда аткарыла турган социалдык жана саясий кайра куруулардын программасы талкууланып, ал өзүнө төмөндөгүдөй маселелерди камтыган: ИУК лингвистик негизде административдик-территориалдык бөлүнүүнү реформалайт, экономиканын негизги тармактары улутташтырылат ж.б.

Ошол эле мезгилде Ганди – Ирвинг келишиминин шарттарын аткаруу боюнча бири-бирине доомат артуу орун алган. М.: англичандар абакта камалгандардын бардыгын бошотпостон, террорго тиешеси бар деп күнөөлөгөндөрдү алып калышкан, ал эми индиялыктар жер-жерлерде жер салыгы жана ижара акысын төлөөдөн

баш тартууну улантышкан, аларды ИУК тун жергиликтүү уюмдары колдоого мажбур болуп, иш жүзүндө сатьяграхи толук токтотулган эмес.

1931-жылы сентябрда М.К. Ганди Лондонго келип «тегерек стол» конференциясынын ишине катыша баштап, бирок анда көпкө боло албады, себеби англиялыктар кол тийбестер кастасынын лидерлерине өз алдынча курияга бөлүнүп алууну сунуш кылышты. Анткени, алардын оюу боюнча болочоктогу эгемендүү Индияда, башка жогору турган касталардын алдында, буларга өтө кыйын болмок. Бул жыландын башын чыгарган бузукулук идеянын түпкү максатын түшүнгөн Ганди конференцияны таштап чыгып кеткен. Анын ою боюнча, эгерде азыр кол тийбестердин куриясын түзүүгө макулдук берилсе, Индиядагы бардык касталар өздөрүнүн курияларын түзүүнү талап кылышмак, алардын башын бириктирип кайрадан ынтымакка келүү кыйынга турмак, ал гана турсун мүмкүн эмес эле.

М.К. Ганди баштаган «кол тийбестерди» коргоо кампаниясы (1932-1934)

М.К.Ганди мекенине деңиз менен кайтты. Ал келээри менен эле сатьяграхи баштамак болгон эле, бирок колониалдык бийликтер анын келишине алдын ала даярдык көрүшкөн. Индияга келээр замат, 4-январында 1932-жылы Ганди камакка алынып, ИУКнин ишмердигине кайрадан тыюу салынды, анын мүлкүнө арест салынып, бардык финансылык активдери менен фонддору өстүрүлбөй токтотулду. Сатьяграхи кыймылына катышкан кээ бир жарандардын мүлкү конфискацияланды. Ошолорго карабастан мурдагы деңгээлдей уюшкандыкта болбосо дагы сатьяграхи кайрадан жанданып 1933-жылы май айына чейин улантылган.

Ушул учурда эле М.К.Ганди түрмөдө жатып алып, «кол тийбестердин» өз алдынча курияга бөлүнүшүнө нааразычылык иретинде убактысы белгиленбеген ачкачылык жарыялаган. Качан «кол тийбестер» кастасынын лидери доктор Амбеткар өзү түрмөгө келип, алар өз алдынча курияга бөлүнүү ниетинен баш тарта тургандыгына ишендиргенден кийин Ганди ачкачылыкты токтоткон жана эми ошол «кол тийбестерди» дискриминациялоого каршы кампания баштаган.

ИУКнин көптөгөн лидерлери Гандини Индиянын көз карандылыгын жойбой туруп бул жаңы компанияны баштагандыгы үчүн айыпташкан. Бирок Ганди өз оюнан кайткан эмес. Анын ою боюнча Индиялыктар өз мекендештерине адамгерчиликтүү мамиле

жасай албай туруп, англиялыктардан жакшы мамиле кылууну талап кыла алышпайт.

Бул компанияга жетекчиликти Ганди тарабынан атайын түзүлгөн «Хариджан севак санах» уюуму жүргүзүп, анын жүрүшү жөнүндө Ганди өзү редакторлук кылып турган «Хариджан» гезитинин беттеринде чагылдырылып турган. «Хариджан» - деген сөз «кудайдын адамдары» деген маанини туюндургандыктан ошол күндөн «кол тийбестерди» ушул сөз менен атап калышкан. Ганди индус боордоштордун хариджандарды өздөрүнүн храмдарына кирип сыйынууга, айыл жериндеги кудуктардан пайдаланууга уруксат берүүгө жана көптөгөн чектөөлөрдү алып салууга үндөгөн. Бул кампания негизинен өлкөнүн түштүк аймактарында өткөрүлүп, болуп көрбөгөндөй үзүрүн берген.. Ошону менен бирге эле жалпы өлкө боюнча сатьяграхи басаңдай баштап, көпчүлүгү буга элдин көңүлүн жаңы кампанияга буруп кеткендиги үчүн Гандини күнөөлөштү.

1932-жылы декабрда бардык диний жамааттардын ортосунда өткөрүлгөн дагы бир жолку сүйлөшүүлөр да ийгиликсиз аяктаган. Аллахабаддагы бул биригүү конференциясында индустар бардык мыйзам чыгаруучу жыйындарда мусулмандар үчүн 32% орун бөлүнүшүнө макул экендиктерин билдиришкен эле. Ушундай сатьяграхи басаңдай баштаган шартта 1933-жылдын баш ченинде Ганди абактан бошотулган. Ошол эле учурда индиянын кээ бир аймактарында табигый кырсык суу каптап жаткан. М.К.Ганди эми ошондой кырсыкка кабылган Бихарга жардам берүү кампаниясын баштады. Официалдуу түрдө сатьяграхи 1933 жылдын май айында токтотулуп, ошондой эле англичандар ИУК ке тыюу салууну жокко чыгарышкан.

1934-жылы күзүндө өткөрүлгөн шайлоого катышкан ИУК жарымынан көбүрөөк добуштарды утуп алып чоң жеңишке жетишкен. Ошол эле жылы М.К.Ганди партиянын мүчөлүгүнөн чыгып, өзүнүн иштиктүү программасын жүзөгө ашырууга баш оту менен кириштн. Анын эл арасындагы кадыр баркы өтө жогору болгондуктан,ал өзүн кандайдыр бир саясий ишмердүүлүк менен чектеп коюуну туура көргөн эмес. Ал ансыз деле индиялыктар үчүн жалпы улуттук лидер катары танылган адам эле.

III. Индиянын Экинчи Дүйнөлүк согуш болор алдындагы абалы (1935 – 1939)

1930-жылдардын башталышында болуп өткөн окуялардан кийинки англиялык бийликтердин саясатынын өзгөрүшү

Формалдуу түрдө сатьяграхи жеңилгендиги менен, 1930-жылдардын башында Индияда болуп өткөн окуялар жалпы кырдаалга өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок. Англиялыктар азырынча Индиядагы бийлигин сактап калгандары менен, абдан чоң жоготууларга учурашты. Бир нече жыл бою алардын бийлиги өз күчүн жоготуп, алар өздөрүнүн массалык кыймылдын алдында алсыз экендиктерине көздөрү жетти. Дагы бир жолу ушундай кыймыл каптаса Индиядан бейызат болуп кетүүгө аргасыз болорун сезишкен. Ушул мезгилден баштап англиялыктардын сезиминде Индиядан эртеби- кечпи кете тургандыктары орун таап, бирок муну анархия түрүндө эмес, окуянын өнүгүшүн колдон чыгарбай өз кызыкчылыгынын алкагында тескеп туруу зарыл болгон.

Англиялыктарга тынчтык бербеген дагы бир маселе – бул индустар менен мусулмандардын өз ара мамилеси эле. Алардын ортосуна от жагыш бир жагынан англичандарга пайдалуу көрүнгөнү менен, экинчиден эки диний жамааттардын ортосунда чыр-чатак башталып кетсе өлкөнү башкаруу өтө оор болуп калмак. Ал эми алардын ортосунндагы мамиле күн өткөн сайын татаалдаша берди. 1935-жылы январда ИУК өкүлү Раджендра Прасад менен Мусулмандар лигасынын лидери Мухаммед Али Жиннанын ортосунда бийлик органдарындагы мусулмандардын өкүлчүлүгүнүн өлчөмүн талкуулап, эки жамаатын биримдигин чыңдоо боюнча сүйлөшүүлөр дагы ийгиликсиз аяктаган. Англиялыктарга Индияда бийлик жүргүзүү күн өткөн сайын оорлошуп баштап, ошол себептүү эми акырындап кетүүнүн камын ойлой башташкан.

1935-жылдагы Конституция жана анын жемиштери

1935-жылы августа күттүргөн Индиянын жаңы Конституциясы кабыл алынды. Бул документти «кулдуктун конституциясы» деп атап коюшту, себеби анын жоболоруна ылайык борбордук бийлик англиянын королу тарабынан дайындалуучу вице-королдун колунда калтырылган. Ал бардык аткаруу бийлигин колунда сактап калып, керек болгон учурда Конституцияга тыюу салып, өлкөдө өзгөчө кырдаал жарыялоого акылуу эле. Ошону менен бирге Индияда провинциялык автономия орнотулган: провинцияларда бийлик органдарынын укугу кеңейтилип, жергиликтүү Мыйзам чыгаруучу

жыйындардын алдында жоопкер өкмөттөр түзүлгөн, байлык өлчөмү боюнча цензˆ төмөндөтүлүп, ошонун негизинде шайлоочулардын саны дароо эле төрт эсеге өскөн.

Мына ошентип шайлоолорго катышып женишке ээ болгон саясий партиялар 11 провинцияда өз өкмөтүн түзүүгө мүмкүнчүлүк алышкан, башкача айтканда бул Конституция боюнча жергиликтүү бийлик индиялыктардын колуна берилген. Англиялыктардын келечекте Индиядан кетүүгө камынгандыктары айкын болуп калды.

Индия провинциялар менен княздыктардын федерациясына айлана баштаган, себеби княздар дайындаган өкүлдөр Борбордук Мыйзам чыгаруучу жыйында орундардын 1/3, ал эми Мамлекеттик кеңеште 2/5 син ээлешмек.

Ошентсе дагы Индия мурдагыдай эле колония бойдон калтырылган, анткени Борбордук Аткаруу бийлиги – Борбордук Мыйзам чыгаруучу жыйынынын алдында эмес, колониялык бийликтер менен тыгыз байланышкан Мамлекеттик кеңештин алдына жоопкер болгон. Индиянын келечектеги саясый стутусу боюнча сөз да болгон эмес.

Жаңы мыйзам боюнча провинциялардагы шайлоолор 1937-ж. өткөрүлүп ИУК жеңишке жетишип, эки Пенжаб жана Бенгалия провинцияларынан башкаларында (аларда Мусулмандар Лигасы жеңип чыккан) өз өкмөттөрүн түздү. Жергиликтүү саясат дароо эле өзгөртүлдү: саясый айып тагылып камалгандар бошотулду, демократиялык эркиндиктер калыбына келтирилип, цензура алынып салынган. Жаңы социалдык саясат жүргүзүлүп, ижарачы дыйкандардын укуктарын кеңейткен, жер салыгынын өлчөмүн азайткан, калктын жакыр катмарынын сүткорлорго болгон карызын төлөөгө мораторийˆ киргизген мыйзамдар кабыл алынган.

Жаңы провинциялык өкмөттөр өз укутарынын алкагында улуттук ишкердиктин өнүгүшүн колдоого алып, англиялык капиталды индиялык экономикадан сүрүп чыгарууга көмөк көрсөтүшкөн. Мына ошентип Англия Индиядагы таасирин акырындап жогото баштаган.

Өкүнүчтүү нерсе эки диний жамааттардын ортосундагы ансыз деле жөнөкөй эмес мамиле, андан бетер курчуй берген. Мусулман калкы көпчүлүгүн түзгөн автономиялык провинциялардын пайда болушу келечекте өлкөнүн экиге бөлүнүп калуусун шарттаган. Мусулмандар лигасы өз тарапкерлерин ИУК менен кызматташпоого багыттай баштаган, ал гана эмес 1938-жылы М.А.Жинна Калькуттадагы сессияда Конгресске мүчө болгон мусулмандарды лиганын мүчөлүгүнөн чыгарууга чакырган. Ошентип мусулмандар жамааты Индияда акырындап өздөрүнүн «улуттук очогун» курганга аракет көрө берген.

ИУК теги ички партиялык пикир келишпестиктин курчушу

1933-жылы аяктаган сатьяграхиден кийин ИУК өзүнүн катарынын массалуулугун жана өлкөдөгү кадырын сактап калган. Анын жетекечилиги менен дыйкандардын арасында аренда акысын, жер салыгын жана сүткордук, проценттик төлөмдөрдүн өлчөмүн азайтуу үчүн кыймыл жайылтылган. 1936-жылы бул ишти Конгресстин курамында түзүлгөн «Кисан сабха» координациялай баштаган. ИУК тин курамында мындан башка дагы массалык – коомдук уюмдар (студенттер федерациясы, прогрессивдүү жазуучулар ассоциациясы жана башка) түзүлгөн.

Акырындык менен ИУКнин филиалдары формалдуу түрдө англиялык колонияга кирбеген княздыктарда да түзүлө баштаган. Филиалдардын жетекчилиги астында 1937-жылдан Масур, Травайкур, Раджкот княздыктарында деспотиялык бийликтерге каршы нааразылык харталдары өткөрүлүп турган. ИУК кээ бир княздыктарда орун алган дыйкандар кыймылын дагы колдоп, өз таасирин кеңейтүүгө аракет кылган.

1936-жылы майда Лакнауда өткөрүлгөн партиянын сессиясында солчулдар канаты күчөп, ИУК тин президенттигине жаш лидер Жавахарлал Неру шайланат. Жалпысынан солчулдар Жумушчу комитетиндеги орундардын 1/3 ээлешкен. Бирок шайлоолорго катышып, провинциялык өкмөттөрдүн түзүлө башташы менен партиянын ичинде административдик жана өкмөт органдарындагы кызмат үчүн күрөш күч алган. ИУК кээ бир лидерлери, партиялык аппараттын үстүнөн контролдук кылууга кызыгышкан болсо, башкалары административдик органдардан кызмат ээлешти.

1938-жылы партиянын төрагасы болуп солчулдардын лидерлеринин бири Субхас Чандра Бос шайланган. Бирок көп өтпөй, ага тымызын арамзалык иштерге катышкан – деген күнөө тагышып 1939-жылы апрелде кызматтан кетүүгө мажбурлашкан. Анын ордуна Раджендра Прасад келген. Кийинчерээк С.Ч.Бос партиянын катарынан чыгарылып, ал өзүнүн – «Форвард блок» деген партиясын түзүп алган. Ал эми экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде С.Ч.Бос Япониянын кол баласына айланып, ошолор түзгөн англияга каршы пайдаланылган Индиялык улуттук армияны башкарган.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда айтылган окуялар ИУК начарлаткан, ошол эле мезгилде бул партия Индияны башкаруучу партияга айлана баштаган.

Тема боюнча тыянактар:

1. Антиколониалдык кыймыл менен колониалдык бийликтин ортосундагы өз ара түшүнбөөчүлүк мамиле 1930-жылдардын башталышында Индиядагы англиялык үстөмдүктү түп тамырынан бери солкулдаткан сатьяграхиге алып келген.

2. Англиялыктар эртеби-кечпи индиядан кетүүгө туура келээрине көздөрү жетип, 1935-жылы жергиликтүү бийликти индиялыктарга өткөрүп берүүгө мажбур болушкан.

3. ИУК Индиядагы эң күчтүү жана кадыр-барктуу саясий уюмга айланган, бирок бийликке жетүү мүмкүнчүлүгү бышып жетилгенде ички өз ара түшүнбөстүктөр, карама-каршылыктар күч алган.

4. Эки диний жамааттын ортосундагы ажырымды жоюуга мүмкүн болбой калган, ИУК менен Мусулмандар лигасынын ортосунда өткөрүлгөн сүйлөшүүлөр ийгиликсиз аяктаган

№3-тема: Индиянын көз каранды эместиги үчүн күрөштүн акыркы мезгили (1939-1947).

I. Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышындагы Индиянын абалы (1939-1940)

Согуштун башталышына болгон Индиядагы көз караштар

1930-жылдарда эле фашисттик мамлекет башчылары ИУКтин белгилүү ишмерлери менен байланыш түзүүгө аракеттенишкен. Белгилүү болгондой Муссолининин Д.Неру менен жолугушуу аракети ийгиликсиз аяктаган. Индиялыктардын дээрлик көпчүлүгү фашизимди жек көрүшүп, анын философиясын гумандуулукка жана индуизмге каршы келүүчү окуу катары эсептешкен.

Ошондуктан мусулман өлкөлөрүнөн айырмаланып Индияда «менин душманымдын душманы – менин досум» деген принципке үмүт артуу фашисттик өлкөлөрдүн башчылары үчүн ишке ашпай турган кыял боюнча калган. Өлкөнүн калкы антафашисттик коалицияны* колдоп чыккан. Бирок, 1939-жылы сентябрда вице-король бир дагы саясий партиялар менен кеңешпей туруп Индияны согушка кирди деп жарыя кылышы, эл арасында нааразычылыктарды жараткан.

1939-жылы 14-сентябрда М.К.Ганди вице-король Линлитгоу менен жолугушуп эгерде англиялыктар эки шартты аткара турган болсо бул согушта аларды ИУК колдой тургандыгын билдирген. Ал талаптар: согуш аяктаары менен Индия көз каранды эместигин алат жана вице-королдун алдындагы Аткаруу кеңешиндеги (борбордук өкмөт) бийлик укугу азыр токтоосуз индиялыктарга өткөрүлүп берилет.

17-октябрда бул талаптар англиялыктар тарабынан четке кагылганда, Конгресстин ичинде көп талаш-тартыштар жаралып, көпчүлүгү согушта Англияны колдобоо сунушун жактап чыгышты. Ошонун негизинде 1939-жылы ноябрь айында ИУК жетектеген провинциялык өкмөттөрдүн отставкага* кетиши – Конгресстин англиялык бийликтер менен кызматташуудан баш тартышынын белгиси эле.

Бирок, англиялыктар өз жолунан кайтпай ИУК нин жогорку кадамы жемишин берген жок. Тескерисинче өкмөтсүз бош калган провинцияларда: Түндүк-Батыш чекара провинциясында, Ассамда жана Синдде Мусулмандар лигасынын өкмөттөрү түзүлгөн, Пенжаб юнионисттер* тарабынан башкарыла баштады, ал эми калган провинциялардагы бийлик толук бойдон кайрадан англиялык губернаторлордун колуна өткөн.

Британиялык бийликтердин ИУК менен тил табышууга болгон аракеттери

Ушундай кырдаалда Экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшү антифашисттик коалиция үчүн ийгиликсиз болуп жатты. 1940-жылдын июнь айына Батыш Европа толук бойдон фашисттик аскерлердин таман астында калды. Франция капитуляция* болгондон кийин Гитлер менен Муссолиниге каршы Англия өзү жападан жалгыз калган.

1940-жылы июль айында ИУК дагы бир ирет мурунку эле шарттар менен Улуу Британияга өзүнүн жардамын сунуш этти. Бул сунуш антиколониалдык кыймыл ичинде кайрадан талаш-тартыштарды жаратты; алардын М.К.Ганди, Р.Прасад, А.Гаффар-хан башында турган бөлүгү жөн гана моралдык колдоо көрсөтүү менен чектелүүнү сунушташкан. Вице-король алардын сунушун, өзгөчө борбордук аткаруу кеңешинде индиялыктарга токтоосуз бийлик укугун берүүнү четке кагып, согуш аяктагандан кийин гана Индияга доминион статусу берилерине убада кылган. Бул болсо өз ара тил табышуу мүмкүн эмес экендигин айгинелеген.

Индияда күндөн күнгө согушка каршы ой пикирлер күч ала баштады. 1940-жылы октябрда Ганди элди жекече сатыяграхиге үндөп, анын пикирлеши – Виноба Бхаве эл көп жерлерде согушка каршы ураандарды кыйкырып чыгып баштады жана бийлик тарабынан токтоосуз камалды. Мындай жекече сатыяграхиге чыгууга Гандинин уруксаты менен гана Конгресстин белгилүү ишмерлерине мүмкүнчүлүк берилгендиктен, бийлик жалпы партияны күнөөлөшкө же анын ишмердигине тыюу салууга негиз таба албай калган.

Мусулмандар лигасынын карманган жолунун жаңы учурлары

Конгресстен айырмаланып Мусулмандар лигасы англиялыктарга каршы кадамдарга барган эмес. Ал саясий системага бойкот жарыялоону колдоболу, тескрисинче провинциялык өкмөттөр отставкага кетээри менен мүмкүн болгон провинцияларда өз өкмөттөрүн түзүүгө ашыкты. Анысы аз келгенсип бул партия ИУКке каршы саясий компания баштады.

1940-жылы март айында Лахордо Мусулмандар лигасынын тарыхый сессиясы болуп өтүп, анда индиядагы мусулмандар көпчүлүк кылган райондор бөлүнүп, мусулмандардын Пакистан мамлекетин түзүү чечими кабыл алынган. Ошентип, Пакистан мамлекетин түзүүнү Мусулмандар лигасы Индияга көз каранды эместикти берүүнүн негизги шарттарынын бирөө катарында көтөрүп чыккан.

Мусулмандар лигасынын оппозициялык маанайда турбагандыгынан пайдаланып англиялык бийлик, жогорудагыдай талаптарын назарына алып дагы койгон жок. Ал эми мусулмандар,

алардын башчысы Мухаммед Али Жинна англиялыктардын жамандыгы жоктугунан пайдаланылып мусулмандар мамлекетин түзүү идеясын жайылтууну уланта беришкен.

Мындай пропаганда согуш жылдары тынымсыз жүргүзүлүп, өз жемишин берди. Бул ишти 1941-жылы түзүлгөн «Жамаат-и-ислами» уюму колго алып, калк арасында Индиялык бардык мусулмандардын маданий биримдигин чындоо идеясын көтөрүп чыккан. Акырындап Индиядагы мусулмандар, келечектеги бирдиктүү эгемен мамлекетте улуттук азчылык статусу менен тең укуктуулукка жетүү мүмкүн эмес деген идеясына сугарылып, сөзсүз түрдө өз алдынча мусулман мамлекетин түзүү зарыл экендигине ынана башташкан.

II. 1941-1945-жылдардагы ИУК менен Британиялык бийликтер ортосундагы мамилелер

Японияның согушка кириши менен Индиядагы кырдаалдын өзгөрүшү

1941-жылдын декабрында Японияның согушка кириши менен бул аймактагы кырдаал дагы чукул өзгөрүүгө дуушар болду.

Биринчиден, согуш башталганга чейтн эле Япония «биргелешип гүлдөп өсүү чөйрөсүн» түзүү сунушу менен кайрылып, «ак колонизаторлордун бийлигинен Азия элдерин куткарып алууда» өзүнүн милдетин баса көрсөткөн болчу. Индиялыктардын бир бөлүгү ушундай убадага ишене баштаган эле.

Экинчиден, Япония түздөн-түз Англияга каршы чыгып, аскеринин көбү индиялыктардан турган англиялыктарга сокку ура баштаган. Согуштун жүрүшү англиялыктар үчүн өтө ыңгайсыз болуп, ал бир нече чоң деңиз кораблдеринен ажырап, аскерлери япондуктардан жеңилүүгө дуушар болушкан (Малайадан, Сингапурдан кетип, Бирмадан чегинишкен), ушулардын баары өтө чукул арада болуп өткөн. 1942-жылдын жазында япондуктар Бирмада туткунга түшкөн жана эмиграцияда жүргөн индиялыктардан Индиянын улуттук армиясын (ИУА) түзгөн. Анын башына согуш башталгандан кийин Берлинде болуп, ал жактан Токиого жеткирилген Субхас Чандра Бос дайындалган. Негизинен Индиянын өзүндө япондуктарга каршы пикир үстөмдүк кылгандыгына карабастан, калктын бир бөлүгү колуна курал алып англиялыктарга каршы азаттык үчүн күрөшүшкөн адамдарга чоң ишеним артышкан. Анан калса Япондук аскерлер дагы тез эле Бенгалияга, индиянын чек арасына жакындап кирип келишкен. С.Ч. Бос өзү дагы Бенгалиядан болгон.

Ал мезгилдерде япондуктардын максаты эч кимге белгисиз бойдон калган. Көпчүлүгү (анын ичинде немистер дагы) Японduктар Индиянын, анан Ирандын территосриясынан Закавказьеге өтүшүп түндүктөн келе жаткан Германиянын аскерлери менен биригишет деп ойлошкон. Ушуга байланыштуу англичандар Индияны коргоого көп көңүл бурган.

Индиянын стратегиялык жактан маанилүү экендиги англиянын союздаштарынын дагы көңүлүндө турган. Мисалга АКШнын президенти Ф.Рузвельт өзүнүн өкүлүн Индияга жөнөтүп ИУК менен англичандарды жараштырууга аракет кылган.

1942-жылы 23-мартта Индияга башында Р.С.Криппс турган англиялык миссия келген. Англия өкмөтүндө камсыздоо министри Криппс М.К.Ганди жана А.Азад менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп англичандардын оюн ортого салган. Ал боюнча согуш аяктагандан кийин Англия Индиянын көз каранды эместигин берүүгө, вице-королдун алдындагы Аткаруу кеңешиндеги согуштук аскердик маселелерден башка бардык укуктарды токтоосуз өткөрүп берүүгө даяр. Бирок бул сунушту ИУК дагы, Мусулмандар лигасы дагы четке кагышты. Мусулмандар лигасы бул сунуштарда келечектеги Пакистан жөнүндө эч кандай сөз болбогондугуна нааразылык билдиришти. Ошентип индиялыктардын колдоосун алууга болгон англичандардын акыркы аракети дагы ийгиликсиз аяктаган .

Ушундай шартта Японduк аскерлер Индиянын чек арасына келип калышкандыктан англиялыктар коргонууга чоң даярдыктарды көрүп жатышты. Англиялык аскерлердин Индиядагы башкы командачысы лорд Маунтбеттен Ганг дарыясындагы кеме, кайыктардын бардыгын конфискациялоого, аэродромдорду жана башка согуштук обьектилерди куруш үчүн жергиликтүү элден жер аянттарын тартып алууга, азык түлүктөрдү зордук менен чогултууга жана адамдарды мажбурлап иштетүү үчүн мобилизациялоого буйрук берип жатты.

1942-жылы 8-августа ИУКнин Бомбейдеги сессиясында өзгөчө маанiге ээ «Индиядан кеткиле!» деген резолюция кабыл алынган. Анда Японduктарды Индияга киргизбеш үчүн англичандардан толук бийликти ИУКне өткөрүп берип өздөрү өлкөдөн тез арада чыгып кетүүлөрүн талап кылышкан. Ушул чечимди жүзөгө ашырыш үчүн ИУК өлкөдө жалпы элдик сатыяграхи өткөрүүнү пландаштырган.

Кийинки 9-август күнү Ганди баш болгон ИУКнин Жумушчу Комитетинин мүчөлөрү толугу менен кармалып абака салынды. Аларга коюлган күнөөнүн ичинде алар бардык коммуникациялык обьектилерди бузуу максатын коюшкандыктары айтылган.

Ырас эле көп өтпөй коммуникациялык каражаттар, байланыш түйүндөрү, почталар иштен чыгарылып, полициялык кызматчыларга

кол салуулар орун алган. Буларга карата Англиялык бийлик согуш мыйзамына таянып өтө катаал чараларды көрүп жатты.

Толкундоолор эки айга жакын улантылды, андан кийин кыймылдын активистери камакка алынып кырдаал тынчытылды. Ошол окуялар индиядагы улуттук-боштондук кыймылдын тарыхында «август революциясы» деп жазылып калды. Өкүнүчтүүсү индиядагы башка саясий партиялар сатьяграхини колдошкон эмес.

1943-1945-жылдардагы колониалдык бийликтин Индиядагы саясаты

Иш жүзүндө 1942-жылы августан 1944-жылдын май айына чейин ИУК нин М.К.Ганди баш болуп бардык белгилүү ишмерлери камакта жатышты. Алар качан гана англиялыктардын ою боюнча япондуктардын Индияга басып кирүү коркунучу токтогондон кийин абактан бошотулушту. 1944-жылы майда япондук аскерлерге каршы ийгиликтүү операцияны жаңы вице-король Уэйвилл ишке ашырган.

Согуш жылдары англичандар Индиянын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн өз кызыкчылыгы үчүн толук пайдаланышкан: жалаң гана азык-түлүк менен чийки зат эмес, көптөгөн өнөр жай товарлары жана согуштук жабдуулар дагы согуштук зарылчылыкка пайдаланылып турган. Бул мезгилдерде Индиянын өнөр жайы бир топ өскөн. Өзгөчө металл, химиялык өнөр жай, пахтадан кездеме чыгарууда өндүрүш көлөмү көбөйгөн.

Финансылык абал түп тамырынан өзгөргөн. Англиялык банктарда Индиянын эсебинде валюта түрүндө болуп көрбөгөндөй чоң сумма (1 млрд. ф. ст. ашыгыраак) топтолуп, эми Англия өзүнүн колониясына карыз болуп калган. Индиялык капиталдын финансылык базасы кеңейип, каражат топтоонун көлөмү өскөн.

Согуш жылдары Индиядагы англиялыктардын акцияларын сатып алуу күчөгөн, бул биринчи кезекте плантация чарбасында өнүккөн. Биргелешкен (чет элдик капиталдын катышуусу менен) аралаш компаниялар пайда болуп жатты. Алар өзгөчө машина куруу, автомобиль жана химиялык өнөр жайды өз кучагына алган. Княздыктарда дагы өнөр жай өндүрүшү колго алынган.

Ошону менен катар эле согуш Индия үчүн оңойго турган жок. Жүз миңдеген индиялыктар согуш талааларында курман болушту. Айталык, Чыгыш Африкадагы англиялык аскерлердин көпчүлүгүн индиялыктар түзүп, Кения, Эфиопия, Сомали жана Эритреядагы ийгиликтер ошолордун каны менен жаралган. Андан башка согуш өлкөдө социалдык чыңалууну туудурган. Себеби өтө зор өлчөмдөгү азык-түлүктү экспорттоо, дайыма орун алган конфискациялоо бийликтегилердин тоң моюндугу Индиянын өзүндө азык-түлүктүн жетишпестигин, ачарчылыкты жаратты. 1943-1944-жылдары эле Бенгилияда ачарчылыктан 5 миллионго жакын адам кырылган.

1944-жылы гана ИУК ачык иш жүргүзүүгө уруксат алган. Ошол мезгилден тартып ИУК менен Мусулмандар лигасынын ортосунда узакка созулган, татаал сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Эгерде референдум жолу менен жактырылса ИУК Пакистан мамлекетинин түзүлүшүнө деле каршы эместигин билгизген.

Сүйлөшүүлөр 1945-жылы жазында гана өз ара мамилелерди жөнгө салуу принциптерин макулдашуу менен аяктаган. Ал боюнча келечекте түзүлө турган өкмөттөгү орундар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлө турган болгон: 40% тен ИУК менен Мусулмандар лигасы алат, ал эми калган 20% башка диний жамаат өкүлдөрүнө ыйгарылат. Ал эми Пакистан маселеси көз кара ндысыздык чечилгенден кийинкиге жылдырылат.

1945-жылы июнда Симл шаарында англиялык вице-король Уэйвеллдин ортомчулугу менен ИУК жана Мусулмандар лигасынын ортосунда сүйлөшүүлөр башталып, анда англиялыктар жаңы жоопкер өкмөт-Бүткүл индиялык аткаруу кеңешин түзүүнү, андагы орундарды саясий партиялардын ортосунда эмес, диний жамааттар арасында бөлүштүрүүнү сунушташты. Сунуш боюнча ал өкмөт 15 адамдан туруп, анда: англиялыктар-2 (өкмөт башчысы жана аскердин башкы командачысы), индустар-5, мусулмандар-5, сикхилер-1, парстар-1, христиандар-1 орун ээлэшмек. Бул сунуш бардык тараптар жагынан четке кагылып, ал эми мусулмандар лигасы болсо бардык орундарды тең экиге бөлүүнү, анын жарымын мусулмандарга, экинчи жарымын калган бардык партияларга бөлүүнү сунушташкан.

Ошентип Симлдеги сүйлөшүүлөр ийгиликсиз аяктаган. Ошондон көп өтпөй эле 1945-жылы июлдун баштарында Англиядагы шайлоолордо бийликке күтүүсүздөн эле башында Клемент Эттли турган Лейбористир партиясы келген.

Индиядагы колониалдык бийликтин кулашы (1945-1947)

Лейбористтердин бийликке келиши менен Индиядагы элдин ой пикиринин өзгөрүшү

Англиядагы парламенттик шайлоолордо ишенимдүү жеңишке ээ болгон лейбористер Индиянын маселелерин тез арада чечүүнү негизги маселелердин бири деп эсептешкен. Бул маселе боюнча алар оюн өмөттүн 1945-жылы 19-сентябрындагы декларациясында жарыялашкан. Өкмөт башчысы Эттли өзүнүн кабинетинен үч адамды Индияга жөнөтүп, адегенде индиянын көз карандысыздыгын берүү жөнүндө ИУК менен Мусулмандар лигасы ортосунда келишимге жетишүү милдетин жүктөгөн. Тилекке каршы согуш жылдары бул эки партиянын ортосундагы мамилелер бир топ начарлап кеткен эле.

Анысы аз келгенсип Мусулмандар лигасы партиясынын лидери М.Али Жинна англиялыктар Конгресске жан тартат деп ойлоп, макулдашууга баруудан баш тартты. 1946-жылы 15-мартта Индияга доминион статусу ыйгарылып, апрелде провинциялык Мыйзам чыгаруучу жыйындарга шайлоолор өткөрүлдү. 1946-жылы майда вице-король жаңы планды жарыя кылды, ал боюнча көз карандысыз Индия абдан кеңири укуктары бар үч зонадан (Түндүк-Батыш, Чыгыш жана Борбордук) турган федерация болуп түзүлмөк. Бирок бул план дагы эки партия тарабынан тең четке кагылган.

1946-жылы июль айында Учредителдик жыйынга шайлоолор өткөрүлүп (депутаттар провинциялык мыйзам чыгаруучу жыйындар тарабынан дайындалган), вице-король Жавахарлал Неруга өкмөт түзүүнү тапшырат. Бирок Мусулмандар лигасы бул өкмөткө кирүүдөн баш тартып, анын ордуна, М. Али Жинна 10-август 1946-жылдан баштап бардык мусулмандарды Пакистан мамлекетин түзүү үчүн ачык күрөшкө чакырган.

Провинциалдык өкмөттөр мусулмандардан турган Бенгалия менен Синдде жалпы элдик хартал баштаган. Бирок лиганын активистери индустарды күркө, дүкөн жана устаканаларын жабууга мажбурлай баштаганда өз ара кагылышуучулар чыгып, 16-августа Калькуттада кандуу кыргынга айланып кеткен, андан 20 миңге жакын адам курман болгон. Ошол эле күнү толкундоолор Бенарес, Аллахабад, Дакку жана Делиге жайылып, бардык жерде кандуу кыргын, өрт менен коштолуп турган. Бул шаарларда дагы 4 күн ичинде 6 миңден ашык адам курман болгон. М.К. Ганди өзүнүн жеке кадырын ортого салып жатып Калькуттадагы кыргынды күч менен токтоткон, бирок толкундоолор өлкөнүн бул же тигил аймактарында болуп жатты.

1946-жылы 2-сентябрда Ж.Неру индустардын, парстар, христиандардын катышуусу менен көптөн күткөн өкмөттү түзгөнгө жетишкен. 15-октябрда бул өкмөткө формалдуу түрдө Мусулмандар лигасы да кошулган, бирок анын ишине бойкот жасап туруп алды. Ошол эле учурда кыргындар токтобой, өлкөнүн ар тарабынан качкындар агылып жатты. М.К.Ганди буларды токтотуу үчүн жарыялаган ачкачылыгы дагы өз жемишин бере албады. Бул окуялар элдин үшүн алып, кара жанын сактап калуу аракетинде миңдеген адамдар диний жамаатташтарынан түнөк издей башташты.

Көз карандысыздыкты берүү боюнча сүйлөшүүлөрдүн аяктalышы

Акыркы 1946-жылы 9-декабрда Учредителдик жыйын ачылды жана анын төрагасы болуп Раджендра Прасад шайланды. Бирок өлкөдөгү кырдаал татаал бойдон калып, диний толкундоолор 1946-1947-жылдардын кыш айларында дагы улантылып турган.

1947-жылдын башталышында вице-король Уэйвелл индияда бирдиктүү борбордук бийлик түзүү мүмкүн эмес деген тыянакка келип, англиялык өкмөткө жаңы сунуш менен кайрылган. Анын ою боюнча англичандардын Индиянын үстүнөн болгон контролу дагы жок дегенде 10 жылга сакталып турушу керек, же болбосо көз каранды эместикти акырындап бир провинциянын артынан экинчисине берип олтуруш керек. Англиялык өкмөткө мындай сунуш жакпай калып, 1947-жылы 22-мартта индиянын жаңы вице-королдугуна лорд Маунтбеттенди дайындаган. Бул киши согуш жылдарында толук бойдон Индияда англиялык аскерлердин башкы командачысы кызматында болгон. Англия өкмөтү Индиядан кетүүнүн мөөнөтү 1948-жылы июль айынан кечиктирилбейт деп жарыя кылган.

Маунтбеттен ишке өтө кызуу киришип, англичандар койгон мөөнөт өтө кечиктирилген мөөнөт экендигине басым жасап, ага чейин өлкөнүн ичиндеги абал контролдон чыгып кетет деп эсептеген. Анын мындай тыянагы менен Англия өкмөтү макул болгон. Маунтбеттен 1947-жылдын 3-июлунда өзүнүн Индияны бөлүү боюнча планын өкмөткө тапшырган. Бул мезгилге Индияны бирдиктүү мамлекет катарында сактап калуу мүмкүн болбой калгандыгына, М.К.Ганди дагы көзү жеткен.

Маунтбеттен индияны эки мамлекетке: Индия жана Пакистанга бөлүп, экөөнө тең доминион статусун берүүнү сунуштаган. Пакистан өзү батыш жана чыгыш бөлүктөрүнөн турат. Батыш Пакистанга-Синд, Белуджистан, Түндүк-Батыш чек ара провинциясы жана Пенжабдын болжол менен ¾ бөлүгүн түзгөн батыш бөлүгү кирген. Чыгыш Пакистанга болсо Чыгыш Бенгалия (болжол менен 2/3 бөлүгү) жана референдум өткөрүлгөн Ассам провинциясынын Силхет округу кеткен.

Ошентип Пакистан бирбүтүн мамлекет болбой, анын эки бөлүгүн 1600 кмге индиянын территориясы бөлүп турган. Андан башка дагы бир татаал жери Пакистанга дини гана бир болгон ар башка элдер бириктирилген.

Маунтбеттендин планынын экинчи бөлүгү саны 600гө жакын, англиянын колониясынын курамына кирбеген княздыктарды камтыган. Бул план боюнча княздыктар өз алдынча мамлекет курууга укуксуз болушуп, ошол эле мезгилде ар бири өз каалоосу менен Индиянын же Пакистандын курамына кириши керек болуучу.

Жогору жактагылар бийлик өткөрүп алуу менен алек болуп жатканда, экиге бөлүнө турган Пенжаб менен Бенгалиянын чек араларын демаркациялоого убакыт жетпей калды. Демаркациялоо боюнча башында Сирила Редклифф турган атайын комиссия эки ай бою тынымсыз иштешти. Ошол мезгил ичинде миллиондогон адамдар өзү бөлүнгөн мамлекетке көчүп кетип жатышты.

Ушундай мурда болуп көрбөгөндөй жер которуу учурунда өз ара кагылышуулар, өч алуулар болуп турган. Сикхилер мусулмандарга, мусулмандар индустарга кол салышкан. Мыкаачылык мыкаачылыкты туудуруп, жоолашуу өтө чоң аймакты өз кучагына камтыган. Ошого карабастан Индиянын территориясында 45 млн. мусулмандар калышып, алар калктын 12% түзгөн, ал эми Пакистанда – анын Чыгыш Бенгалия бөлүгүндө 30 млн. го жакын индустар жашап калышкан.

Көптөгөн чечилбеген маселелер финансаныны, иш кагаздарын, административдик функцияларды, куралдуу күчтөрдү бөлгөндо пайда болду. Бардык кен байлыктардын жана өнөр жайдын 90% Индияда, ал эми негизги азык-түлүк өндүрүшү жана айыл чарба чийки заты Пакистанга өтүп кеткен. Индиянын калкы 320 млн., ал эми Пакистандыкы 71 млн адамды түзгөн.

1947-ж. 15-августунда эки: Индия жана Пакистан мамлекеттери көз каранды эмес болуп жарыяланды. Индиянын премьер-министри Д.Неру, генерал-губернатору – Ч.Раджагопалачария, ал эми Пакистандын өкмөтүнүн башында Лиикат Али-хан, генерал-губернаторлукка М. Али Жинна келди.

Индия менен Пакистандын көз крандысыздыкка жетишиши коңшу англиялык колонияларга дагы өз таасирин тийгизип, 1948 ж. 4 февралда Цейлон эгемендүүлүгүн алган. Болжол менен ошол мезгилдерде эле Непал менен Бирма азаттыкка жеткен. Ошентип узакка созулган Англиядан болгон колониалдык көз карандылык жоюлган.

Тема боюнча тыянактар:

1. 1939-ж. башталган экинчи дүйнөлүк согуш Индиядан англиялыктардын акырындап кете баштаганын убактылуу токтоткон. Ушундай шарттан пайдаланып ИУК англиялыктарга кысым көрсөтүүгө аракет кылган. Алардын ою боюча эң негизги максат англиялыктардын Индиядан кетиши эле, ал эми калган маселелер өзүнөн өзү чечилмек.

2. Мусулмандар лигасы 1940-ж. Лахор конференциясында Пакистанды түзүү боюнча чечим чыгарып алып, англиялык бийликтерге бойкот жарыялоого кошулбай коюшту. ИУКнен турган провинциялык өкмөттөр отставкага кеткенде, алардын ордун ээлеп алышкан мусулмандар өлкөнү бөлүп алуу идеясын пропагандалаганга өтүшкөн.

3. Англияны азык-түлүк, чийкизат жана өнөр жай товарлары менен камсыз кылып турган Индия антифашистик коалициянын жеңишине зор салымын кошкон. Согуш жылдарында улуттук экономикада дагы бир топ жылыштар болгон. Алсак, финансалык система жана жергиликтүү ишкерлердин абалы оңолуп, англиялык капиталды сүрүп чыгаруу күч алган.

4. 1945-жылдан кийин Индиядагы абалдын тынымсыз кыйындашы англиялыктарды өлкөнүн көз карандысыздыгын берүү процессин тездетүүгө мажбурлады. 1946-1947-жылдардагы кандуу кыргындар, коомчулук арасында, өлкөнүн көз карандысыздыгы өз алдынча эки мамлекеттин түзүлүшүнө түздөн түз байланыштуу экендигин көрсөттү. Ошентип британиялык Индия: Индияга жана Пакистанга бөлүнүп калды.

№4-тема: «Нерунун доорундагы» Индиянын экономикалык маселелери (1947-1964)

I. Өлкөнүн экиге бөлүнүүсүнүн натыйжасында келип чыккан өтө курч кесепеттерин жоюу (1948-1949)

Индиянын эки мамлекетке бөлүнүшү толгон токой маселелерди жаратты. Бөлүнүү учурунда башталган массалык кыргындар ондогон жылдарга созулган Индия менен Пакистандын ортосундагы касташууга алып келди. Миллиондогон адамдар жер которуудан жабыркашкан: калтырып кеткен, сата албай калгандардын саны (эки тараптан биригип) 17 млн адамды түзгөн. Эки тараптан тең кыргынга учурагандардын саны 1948-жылдын январына чейин 2 млнго жеткен.

Ошол мезгилге чейин Индиянын көпчүлүк аймактарында аргасыз жер которгондордун лагерлери пайда болгон. М: Делинин чет жакаларында Пенжабдан качып келгендер үчүн 400миң качкындардын лагери тигилген. «Хинду Махасабха» жана «Раштрия Сваямсевик сингх» деген шовинистик уюмдардын көкүтүүсү менен мусулмандарга каршы уюштурулган талоон, сабоо массалык түрдө өлтүрүү болуп көрбөгөндөй деңгээлге жеткен. Бул тартипсиздиктерди административдик органдарды же армияны пайдаланып басып коюу дагы мүмкүн болбой калган, себеби бөлүнүүчүлүк ал жакка дагы жеткен.

1948-жылы 12-январда М. К. Ганди кыргындардын токтолушун талап кылып ачкачылык жарыялаган. 18-январда бардык диний жамааттардын өкүлдөрү Делиде чогулушуп, бири-бирине каршы күч колдонууну токтотуу боюнча ант беришкен. Бирок, М.К.Гандиге, Ж.Неруга жана башка ИУКнин башчыларына карата мусулмандарды коргоп жатышатдеген күнөө тагылган.

Кол салуулар күчөдү. М.К.Ганди өзүнүн жансакчыларынан баш тартып, 30-январда 1948-жылы миллионго жакын адам катышкан чоң митинг учурунда, Хинду Махасабхинин мүчөсү, фанат-индус тарабынан өлтүрүлгөн.

Индия үчүн М.К.Гандинин өлүмү аябагандай зор улуттук таргедия болуп, акыр аягында элди эсине келтирип, кыргындын токтолушуна алып келген.

Өлкөнүн экиге бөлүнүшү бирдиктүү инфраструктуранын ишин бузду: темир жол поезддери токтоп калды, эгерде электр тогу бир өлкөдө өндүрүлсө экинчи өлкөгө берилбей калды.

Пакистанга негизги тамак-аш продукциялары менен айыл чарба пахта, жут, буудай өндүрүү калып, Индияга негизинен өнөр жай өндүрүшү өткөн. Индия биринчи күндөрдөн эле азык-түлүк өнөр жайга чийки зат жетишсиздигин сезген.

Ж.Нерунун өкмөтү адегенде эле чет өлкөлөрдөн жетишсиз продукцияларды сатып алуудан баштады, тилекке жараша Англиянын банкында Индиянын эсебинде жүздөгөн миллион өлчөмүндөгү каражат топтолуп калган эле. Ошону менен бирге Калькутта менен Бомбейдеги текстил фабрикаларынын ишин жандандырыш үчүн пахта менен жут өндүрүүнү 25-70% га көбөйтүү чаралары көрүлдү.

Чечилбей турган дагы бир оор маселе княздыктардын бул же тигил мамлекетке кошулуулары болгон, себеби Маунтбеттендин планы боюнча аларга эки мамлекеттин бирин тандоо укугу калтырылган. 1947-жылы 15-июнда эле ИУК резолюция кабыл алып, анда: а) княздыктар өз алдынча мамлекет курууга укуктары жок экендиги; б) алардын калкынын ою эске алынары жана демократиялык эрежелер сакталары; в) Чек арасы бардык жагынан Индия менен курчалып турган княздыктар Пакистанга кошулушуна жол берилбей тургандыгы айтылган.

Индиянын көз карандысыздыгы берилгенге чейин эле 565 княздыктардын 555 Индиянын курамына кире тургандыктарын билгизишкен. Алардын кээ бирлери штаттардын курамына кошулуп, калгандары өзгөчө союздук территория түзүшкөн же федерациянын өз алдынча бөлүгүнө айланган. Княздыктардын бир нечеси Пакистанга кошулууну чечишкен. М.: Жунагадж княздыгы бардык тарабынан Индия менен курчалып турган. Анын князы өзүнүн катачылыгын сезип Пакистанга качып кетип, княздык индияга бириккен.

Өлкөнүн түштүк бөлүгүндө дагы бир топ маселелер бар эле. Траванкор – княздыгынын маселеси оңой эле чечилди, себеби анын князы өзү энсеген көз карандысыздыгы куру кыял экендигин түшүнүп Индияга кошулгандыгын билдирди.

Индиядагы эң чоң княздык-Хайдарабад дагы адегенде өзүнүн көз карандысыздыгын жарыя кылган. Калкынын көпчүлүгү дыйкандары индустар, ал эми жер ээлери жана башкаруучу династия мусулмандар болгон. Ж.Неру бир нече ирет бийликтеринин көңүлүн ушул маселеге бургандыгына карабастан өз ара түшүнүшүү болгон эмес. Бардык мүмкүн болгон аракеттер жемишин бербегенден кийин, ички абалды тартипке келтирүү деген шылтоо менен 1948-жылы сентябрда Хайдарабадга индиялык аскерлер киргизилип, 1949-жылдын башталышында низам княздыктын Индияга кошулганын жарыя кылган.

Дагы бир княздык – Кашмирде кырдаал өтө татаал болгон бирок бул маселе тышкы саясатка байланыштуу болгондугун эске алып өзүнчө карасак тура болчудай.

Индиянын өкмөтүнүн алдында чечиле турган аябагандай оор маселелер турган мамлекеттик аппараттын ишин нукка салыш, диндик чыр-чатактарды токтотуу керек болучу. Ушул милдет ИУКнин

белгилүү ишмери, Ж.Нерунун өкмөтүндөгү премьер-министрдин биринчи орун басары жана ички иштер министри кызматтарын ээлеп турган Валлабхаи Пателге жүктөлгөн. Өз убугында М.К.Ганди ушул эки белгилүү ишмерлердин ортосундагы атаандаштык келечекте индяга өз залакасын тийгизбесе экен деп чочулап, көзүнүн тирүүсүндө экөөнөн эч качан бири-бирине жамандык кылбоо жөнүндө ант алган, булар ошол убадасына турушту.

В.Патель, бир караганда көзгө анча деле көрүнө бербеген кара жумуш, бирок өтө манилүү иш менен алектенип, анын өтөсүнө эң сонун ийгиликтер менен чыга алды. Ал кыска мөөнөттүн ичинде эле Индиядагы административдик баш аламандыкты жоюп «Индиялык граждандык кызматтын» (чиновниктер корпусу) ишин жөнгө салды. Индиядан англиялык аскерлерди чыгарып кетүү 1948-жылы февралда аяктаган. В.Патель англиялык чиновниктерди индиялыктар менен алмаштыруу маселесин дагы 1949-жылдын аяк ченинде чечип бүткөн. Көпчүлүк княздыктардын Индиянын курамына кошулушун дагы Пателдин өз оюнан кайтпагандыгына жана анын эркинин күчтүүлүгүнө байланыштырышат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы экономикалык кыйынчылыктарды Кашмирдеги согуш отунун тутанышына байланышкан күтүүсүз чыгымдар күчөтүп жиберди. Бул өз учурунда өлкөдөгү кырдаалды курчутуп, аткарыла турган милдеттерди оорлоткон.

1950-жылдардын биринчи жарымындагы Ж. Нерунун экономикалык саясаты

Индияга колониализмден калган негизги маселе-бул бири-бирине коошпогон эки экономикалык традициялык жана жаңы укладдардын сакталышы.

Экономиканын традициялык секторунда калктын көпчүлүк бөлүгү: дыйкандар кол өнөрчүлөр, майда соодагерлер, сүткорлор эмгектенишип, алар ички рыноктун негизги муктаждыктарын тейлешкен.

Ал эми жаңы сектор өнөр жай өндүрүшүн, анын инфраструктурасын, андан башка негизинен экспортко багытталган айыл чарба өндүрүшүн камтыган, башкача айтканда бул сектор дүйнөлүк рынокко иштеген. Улам кеңейген сайын жаңы сектор, традициялык өндүрүштү кыскан, алардын ортосунда эч кандай кооперациялык байланыштар болгон эмес.

Экономикадагы колониалдык структураны жок кылуу оңой эмес эле, анткени Англиялыктар жаңы сектордун өз кызыкчылыктарына жооп берген тармактарын өнүктүрүшкөн. Индиянын өнөр жай өндүрүшү алдыңкы техника жана технология жактан артта калган,

андан башка чет өлкөлөрдөн запастык бөлүктөрдү жана буюмдарды, өнөр жай чийки затын жана полуфабрикаттарды алып турууга мажбур эле. Мындай өнөр жайлар негизинен деңиз жээктерине жайгаштырылган, себеби деңиз жолу менен ташып келүү ансыз деле кымбатка турган.

Өнөр жай инфраструктурасы өлкөнүн ички райондорунан деңиз жээктерине товар ташып келүүдөгү транспорт чыгымдарын аз өлчөмдө сарптоого ылайык түзүлгөн. Бирок экономикалык артта калуучулукту жалаң гана жаңы секторго тиешелүү ири өнөр жайларды өнүктүрүү жолу менен жеңүү мүмкүн эмес эле. Андай болгондо, дароо эле мурда традициялык сектордо эмгектенген миллиондогон жумушсуздардын маселеси келип чыкмак, себеби традициялык сектордун продукциясы, жаңы сектордуку менен атаандаштыкка туруштук бере алмак эмес.

Бул маселедеги өкмөттүн стратегиясы Учредителдик жыйындын 1948-жылдын 7-апрелинде кабыл алынган «өнөр жай саясаты жөнүндөгү Резолюция» - деген документинде аныкталган болучу. Индиянын экономикасы традициялык жана жаңы укладдар ортосунда бир нече секторлорго бөлүнгөн. Өнөр жайдын үч тармагында (атомдук, аскердик жана темир жол транспорту) толук бойдон, андан башка дагы 6 – өнөр жай тармагында мамлекеттик ишканаларды түзүү артыкчылык укугу берилген.

Калган өнөр жай тармактары жеке капиталга, майда жана кустардык ишканаларга тиешелүү болгон. Болгондо дагы кээ бир өнөр жай продукцияларынын түрлөрү традициялык секторго энчиленип берилген. М: улуттук аялдар кийими - сари бүгүнкү күнгө чейин колдон жасалыш абзел, эч кандай механикалык өндүрүш ыкмалары пайдаланылбаш керек. Традициялык сектордо узанган кол өнөрчүлөр мамлекеттен заказ алышкан, товарлардын жана чийки заттардын таңкыс түрү менен камсыз кылынган болсо, алар үчүн салык жеңилдиги каралган. Ушул айтылгандай экономикалык саясат Индияда азыр дагы жүргүзүлүп келе жатат. Мындай саясатты илимий-техникалык прогресске атайылап бут тосуу катары бааласа болот. Анткени өндүрүштүн көп тармактары жаңы технологиялар үчүн жабык бирок өкмөт мындай кадамга социалдык себептерден барууга аргасыз.

Калктын дээрлик көпчүлүгү дыйкандар болгондуктан эң оор жана курч маселе – бул агрардык маселе. Ушуга байланыштуу жаңы өкмөттүн эң алгачкы реформасы дагы агрардык реформа болгон. Бул реформа негизинен заминдарлар системасы үстөмдүк кылган чөлкөмдөрдө жүргүзүлүп, мурунку ортомчу-жер элөөчүлөр буга чейин жерлерин дыйкандарга ижарага (аренда) берип келишкен болсо, эми алар мындай укугунан ажырашып, жер дыйкандардын колуна өткөн.

Жыйынтыгында калктын жалпы санына салыштырмалуу ижарачылардын үлүшү 70%тен 12% га чейин кыскарган.

Конституция боюнча агрардык реформаны ишке ашыруу штаттардын өкмөттөрүнүн колунда болгон. Бирок штаттарда заминдардын таасири күч болгондуктан алар ар түрдүү көз боемочулуктарга түрткөн. Мурдагы жер ээлери сотторго кайрылышып, өзүнө тиешелүү жер өлчөмүнө төлөнүүчү төлөм акысынын көлөмүн талашышкан. Ошондуктан, парламентте кабыл алынган жаңы мыйзам боюнча агрардык реформаны соттордун кароосунан алып салган.

Так ошол мезгилде Индияда башында М.К.Гандинин жолун улаган белгилүү ишмер Виноба Бхаве турган «Бхудан жана Грамдан» кыймылы башталган. Ал өзү жер ээлерине кайрылып, ашыкча жерлерин атайын корго (фонд) өткөрүп берүүлөрүн талап кылган, ал кордо чогулган жерлерди дыйкандарга өз колу менен бөлүп берүүнү убада кылган. Ушундай ыкма менен 1955-жылга чейин В.Бхаве 4,3 млн га жер алган болсо, ошол эле учурда мамлекет жер ээлеринен конфискация жолу менен алган жердин аянты 2,3 млн гана түзгөн. Жер ээлигинин эң төмөнкү өлчөмү жогору коюлган анан калса эң көп калкы бар Индияда мурунку жер ээлери жеринин ашыкча бөлүгүн өз туугандарына жаздырып коюну адат кылып алышкан эле.

Бирок дыйкандар жерге ээ болушканда эле айыл чарбасында абал жакшырып кеткен жок. Товардык чарбаны өнүктүрүш үчүн дагы көптөгөн факторлор керек экендиги айкын болду.

Азык-түлүк продукциясын өндүрүүнүн көлөмү, калктын сан жагынан өсүү ылдамдыгынан артта калды. Ал эми түшүм болбой калган жылдары ачарчылык каптап, өкмөт ансыз дагы жетишсиз каражатын дан сатып алууга жумшап турган. Айыл чарбасынын артта калышы экономиканын жалпы өнүгүшүн артка тарткан.

Ж.Нерунун өкмөт мүчөлөрүнүн көпчүлүгү ошол мезгилдеги экономикалык идеянын өнүгүш багытын жактаган адамдар эле. Ж.Неру өзү дагы көп жагынан романтик болгондуктан социалисттик идеяларга сый-урмат менен мамиле кылган, ошондуктан экономикадагы мамлекеттик секторго көп үмүт артып, анын уламдан-улам кеңейе беришин жактаган.

Ал экономикалык жана социалдык процесстерди жөнгө салууда мамлекеттин милдетин жогору баалаган. 1950-жылы өлкөдө Пландык комиссия түзүлүп, ал беш жылдык пландарды түзүүнү баштаган. 1952-жылы Өнүгүүнүн улуттук кеңеши түзүлүп, ага экономикалык саясатты жөнгө салыптуруу милдети жүктөлгөн. Мурунку колониалдык администрациянын кол алдында турган ишканалардын бардыгы мамлекеттик секторго өткөрүлгөн.

Биринчи беш жылдык (1951-1956) ичинде эле мамлекеттик секторду кеңейтүүгө бардык капиталдык салымдардын 47%

сарпталган. Өзгөчө көңүл металлургия, (нефти) мунайзат, көмүр, машина куруу өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүүгө бурулган. 1950-жылдын орто ченинде мамлекеттик сектордун экономикадагы үлүшү 5% түзгөн.

Жекече сектордун өнүгүшүн күчөтүү багытында бир топ иш чаралар ишке ашырылды. Алып карасак чет элдик товарларга коюлган жогорулатылган тариф алардын индиянын ички рыногуна киргизилишине тыюу салып, аны товарлар менен толтуруу мүмкүнчүлүгү атамекендик ишкерлерге берилди. Аларга өкмөт тарабынан түздөн түз акчалай жардам берүү, салык төлөөдөгү, электроэнергиясын жана темир жол кызматын пайдалануудагы жеңилдиктер каралган.

1950-жылдын башында мамлекеттик секторду өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына анчалык деле каршы чыгуулар байкалган эмес. Анткенинин себеби бул саясаттын жеке секторго дагы көмөгү тийип жаткан учуру эле: жумуш менен камсыз кылуу маселесин жеңилдеткен (өнөр жай жумушчу орундарынын 1/3 түзгөн).

Мамлекеттик сектордун дагы бир жакшы жагы, ал өзүнө негизинен капиталды көп талап кылуучу, алынуучу пайданын көлөмү өтө көп болбогон, ошондой эле жумшалган каражаттын кайтарымы тез болбогон өнөр жай тармактарын камтыган. Ал эми бул тармактарга тобокелчилик көп болгондугуна байланыштуу жеке капитал дайыма эле бара бербейт. Өкмөт мүчөлөрүнүн арасынан В Патель социалистик идеяларга өтө берилгендикке каршы болгон, бирок, ал өзү күтүүсүздөн 1950-жылы 15-декабрда кайтыш болуп кеткен.

1955-жылы январда Авадиде өткөрүлгөн ИУК сессиясында «бардык өнөр жай каражаттарын коомдук менчикке » өткөрүп берүү жана «социалистик үлгүдөгү коомду» куруу жөнүндө сөздөр болуп жатты. Ошол эле жылы парламенте Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилип, мамлекеттеги мыйзам чыгаруучу мекемелерге «коомдун кызыкчылыгы үчүн менчиктин бардык түрүн акчасын төлөө жолу менен мамлекетке алып коюуга» жана ага төлөнүүчү акчанын өлчөмүн аныктоо укуктары берилген.

Бул өз кезегинде өлкөдө менчикти улутташтыруу саясатына кеңири эшик ачты. Эң алгачкылардан болуп Империялык банк улутташтырылып, Индиянын мамлекеттик банкына айландырылып, ошол күндөн өкмөттүн экономикалык саясатынын негизги куралына айланды.

III. 1950-жылдардын экинчи жарымында 1960-жылдардын башталышындагы экономикалык өнүгүү.

1956-жылы 30-апрелде кабыл алынган өнөр жай саясаты боюнча жаңы Резолюцияга ылайык мамлекеттик секторду андан ары кеңейтүү

боюнча чечим кабыл алынган. Мамлекет эми өнөр жайдын 17 тармагын жөнгө салып турууга, жаңы ишканаларды курууга жана жеке менчик секторунда иштеп жаткан ишканаларды улутташтыруу укугуна ээ болгон. Ушундай саясаттын аркасында 1960-жылы өнөр жайдагы мамлекеттик сектордун үлүшү 10% жеткен.

Индияда ушул мезгилдердеги күчөтүлгөн индустриялаштыруу башталгандан кийинки өнөр жайдын өсүшү жыл сайын 7,5% түзгөн. Эң ири мамлекеттик ишканаларды куруу анын ичинде 1955-жылы СССРдин жардамы менен Бхилайдагы металлургиялык комбинаттын курулушу башталган.

Өкмөт чет элдик ишканалардын акцияларынын индиялыктардын колуна өтүшүн колдоого алган. Ал гана эмес жеке менчикке тиешелүү ишканаларда дагы административдик аппараттын «индиялаштыруу» саясаты жүргүзүлүп, чет элдик техникалык адистерди индиялыктар менен алмаштыруунун мөөнөтү коюлган.

Тилекке каршы экономикалык өнүгүүнүн үзүрү калктын санынын тез өнүгүшү менен жокко чыгарылып жатты: М.: 1950-жылы Индияда 360млн адам жашаган болсо, 1960-жылы алардын саны 440млн го жеткен башкача айтканда 10 жылда калктын саны 80 миллионго өскөн. Мурункудай эле эң чоң маселе бүткүл улуттук дүң продуктунун жарымынан көбүрөөгүн берип турган айыл чарбасынын артта калуусу эле. 1959-жылы жер ээлигинин эң төмөнкү көлөмүнүн жаңы өлчөмү киргизилген. Бирок жер калктын бардыгына жетпегендиктен, айыл чарба өндүрүшү өтө жай өнүккөн.

1961-жылы өлкө үчүнчү беш жылдык планды аткарууга киришти. Бул план боюнча мамлекеттик сектордун үлүшү бүткүл өнөр жай өндүрүшүн 18% түзүш керек болгон. Алгачкы эки жылда (1961-1962) өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 7,7 % жеткен. Ал эми 1963-жылдан баштап Индияда олуттуу экономикалык кыйынчылыктар сезиле баштаган. Анын негизги себептери төмөндөгүлөр эле:

1. улуттук өндүрүш негизинен ички рыноктун эсебинен өнүктүрүлгөндүктөн, импорттук товарларга жогорку өлчөмдөгү пошлиналар коюлган учурларда анын мүмкүнчүлүгү өз дараметин жоготкон. Анан калса рыноктун көлөмү дагы салыштырмалуу тар эле. Айталык, ушунча эбегейсиз чоң индиянын калкынын сатып алуу кудурети кичинекей Швециянынкынан төмөн болгон. Ички дүң продукциянын 55% күнүмдүк керектөөгө кеткен; шаар калкынын бар болгону 5-6% гана анча-мынча байлык топтоого кудуреттүү болгон, ал эми айыл калкы жөнүндө сөз кылып дагы кажети жок;
2. чет өлкөлөрдөн чийки зат жана чала фабрикат сатып алуу үчүн керектелүүчү валютанын жетишсиздиги. Анткени Индиянын өнөр жай ишканаларынын структурасы ошого ылайыкташтырылган (өзүнүн кен байлыктарын казып алуу бир топ артта калган эле). Анысы аз келгенсип улам кайталанып туруп алган түшүмсүз жылдар Индияны

чет жактардан азык-түлүк сатып алууга мажбурлаган. Бул болсо өнөр жай үчүн машиналарды жана өнөр жай жабдууларын импорттоо үчүн бөлүнгөн каражаттын көлөмүн азайткан;

3. традициялык жана жаңы секторлордун ортосунда кооперациялык байланыштарды өнүктүүрүүгө болгон өкмөттүн аракеттерине карабастан, жаңы сектор абдан тез өнүгүп, традициялык өндүрүштү сүрө баштаган. Экөөнүн ортосундагы ажырым кеңейип, өз ара карама – каршылыкты курчуткан, ошонун аркасында элди жумуш менен камсыз кылуу маселесин күчөткөн;

4. мамлекеттик сектордун даректине сын – пикирлер күч алган. Мамлекеттик сектор улам жаңы тармактарды камтыганы менен, экономикалык эффективдүүлүгү начар эле: себеби толук кубаттуулукта иштебей, иштин көзүн билбеген аткаминерлер тарабынан башкарылып, дайыма мамлекеттен жардам алып турууга багытталган. Ошого карабастан, анын кайтарымы өтө төмөн болгон. Ошондуктан жеке ишкерлер мамлекеттик сектордун кыскарышын жана анын ишканаларынын бир бөлүгүн өздөрүнө өткөрүп берилишин талап кылышкан;

5. сын-пикир мамлекеттик жөнгө салуунун даректине дагы айтыла баштаган; анткенинин себеби индиялык аткаминерлерге өтө ач көздүк мүнөздүү болгондуктан бул чөйрөдөгү коррупцияны жок кылуу мүмкүн эмес эле. Мамлекет экономикага жетекчилик кылууда өзүнүн колуна улам көп функцияларды топтоп жаткан учурда мындай фактор өнүгүүгө жолтоо болуп туруп алган. Ишкерлер бардык маселелер менен аткаминерлерге кайрылууга мажбур болсо, ал өз кезегинде пара берүүнү талап кылып турган;

6. калктын сан жагынан тез өсүшү экономикалык прогресстин түшүмүн жокко чыгарган.

Жыйынтыгында 1964-жылга саламаттыкты сактоо менен элге билим берүү тармагында, илим менен техниканын өнүгүшүндө мурда болуп көрбөгөндөй ийгиликтер жаралгандыгына карабастан, экономикада болгон аракеттер калктын жашоо деңгээлин ойдогудай жакшырта албады.

Тема боюнча тыянактар:

1. 1947-жылы Индиянын эки мамлекетке бөлүнүшүнө байланыштуу Ж.Нерунун өкмөтүнө өтө кыска мөөнөттө бир топ маселелерди: азык – түлүк менен чийкизаттын тартыштыгын, мамлекеттик аппарат менен инфраструктуранын нормалдуу иштешин жөнгө салуу князыктарды Индиянын курамына кошууну чечүүгө тура келди.

2. Индия үчүн эң негизги маселе болгон традициялык жана жаңы секторлордун бири-бирине коошпогондугун экономиканын кээ бир тармактарын белгилүү бир укладга байлап берүү жолу менен чечүү пландаштырылган. Мына ушундай мамлекеттик жөнгө салуу гана эки сектордун өз ара жакындашуусуна, ал гана эмес бири-бирине аралашуусуна алып келет деп болжолдонгон.

3. Ж.Нерунун экономикалык саясатынын өзөгүн мамлекеттик секторду кеңейтүү жана мамлекеттик жөнгө салып туруу түзгөн. 1955-жылы Авадиде болуп өткөн ИУК сессиясында ушул процессти ылдамдатуу чечилген.

4. Улутташтыруу жана мамлекеттик инвестициялоо саясаты 1950-жылдардын экинчи жарымында өнөр жайдагы мамлекеттин үлүшүн кескин жогорулатып жиберген. 1963-жылдан баштап бир топ стратегиялык мүнөздөгү себептерге ылыйык өлкөнүн экономикалык өнүгүшү бир орунда өспөй токтоп калган.

№5-тема: «Нерунун доорундагы» Индиянын ички саясий өнүгүшү (1947-1964).

I. Индиянын жаңы саясий системасынын калыптанышы.

Индия Азия жана Африка өлкөлөрүнүн ичинен эгемендүүлүк жылдарында бекем парламенттик демократиялык системасы калыптанган жападан-жалгыз өлкө. Муну 200 жыл бою англиялык колониализм зордук менен таңуулаган система катары кароого болбойт.

Индиядагы демократия чындыгында байыркы мезгилден тамырланган. Мисалга, традициялык бийликтин шайлануучу органы болгон – панчаяттарды эске салсак болот. Алар ар бир кастада жана ар бир кыштакта түзүлүп, ага мүнөздүү шайлоо эрежелери, талапкерлерди көрсөтүү, добуштарды эсептөө жана жеңүүчүлөрдү аныктоо майда-чүйдөсүнө чейин иштелип чыккан. Бул органдарга 5-адам шайланып анын курамы уламдан-улам жаңы адамдар менен алмаштырылып турган. Мына ошентип, Индияда дүйнө жүзүндө кезикпеген демократиянын байыркы салты болгон.

Белгилүү болгондой саясий демократия ар дайым курч мүнөздөгү күрөш Индияда дагы 1950-жылдарда 1960-жылдардын башталышында күрөш 5-багытта жүргөн:

1) административдик-территориялык реформа;
2) мамлекеттик тилди киргизүү;
3) агрардык реформа;
4) экономикалык саясат, экономикадагы мамлекеттик сектордун орду;
5) тышкы саясат.

Бул күрөштүн аркасында Индияда:

1) ИУК өзүнүн ичиндеги күрөш күч алды;
2) саясий жиктелишүүнүн аркасында – жаңы партиялар түзүлдү;
3) общиналар аралык, касталар аралык күрөштөр, экономикалык жана диний араздашуулар күчөдү.

Индиянын көз карандысыздыгы үчүн күрөштө ИУК жетекчилик ордун эске алсак, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары өлкөнүн саясий турмушунда ал толук үстөмдүк кылгандыгы таң калыштуу деле эмес. Ал убакта ИУК өлкөнүн калкынын бардык социалдык катмарынын колдоосуна ээ жалгыз, жалпы улуттук партия эле. Анын өкүлдөрү 1949-жылдын 26-июнунда Индиянын жаңы Конституциясын кабыл алган Учредителдик чогулуштун депутаттарынын да көпчүлүгүн түзгөн.

Бул жаңы Конституцияда Индия 1950-жылы 26-январда атуулдук (диндик эмес) республика деп жарыяланган. Бул деген мамлекетте дин чечүүчү күчкө ээ эмес, ал гана эмес мамлекеттик дин деген түшүнүк, бийликтин эч кандай теологиялык тармагы болбойт.

Индия – автономиялык чоң укуктары бар штаттар менен союздук территориялардын федерациясы. Ар бир штаттын өзүнүн мыйзам чыгаруучу жыйыны жана өкмөтү бар, ар бири айыл чарбасында, электр энергиясы менен камсыз кылууда, автожол аркылуу жүк ташууда толук ыйгарым укукка ээ, ал гана эмес майда жана орто өнөр жай ишканаларынын өнүгүшүн, жер, суу жана токой байлыктарын пайдалануунун үстүнөн текшерип турууга укуктуу. Штаттар областарга, округдарга, уездерге бөлүнөт. Штаттагы аткаруу бийлигинин башында президент тарабынан 5 жылга дайындалган губернатор турат. Мыйзам чыгаруучу бийлик 2 палатадан: мыйзам чыгаруучу кеңеш жана мыйзам чыгаруучу жыйындан турат.

Ал эми финансылык саясат, жалпы улуттук мааниси бар ири ишканалар, жалпы индиялык инфраструктуралык обьектер, тышкы саясат, өлкөнү коргоо жана башкалар борбордук бийликтин колунда калган.

Өлкөнүн **Мыйзам чыгаруучу бийлиги** эки палаталуу парламентке тиешелүү. Жогорку палата деп аталган-Штаттар Кеңеши – индиянын федерациясын түзгөн штаттардын мыйзам чыгаруучу жыйындарынын мүчөлөрүнөн түзүлөт. Төмөнкү палатасы – Элдик палата деп аталып, үзгүлтүксүз өткөрүлүп туруучу шайлоолор аркылуу түзүлөт. Ошолордун негизинде башында Ж.Неру турган негизги аткаруучу бийлик, өкмөт түзүлөт.

Конституция боюнча Индиянын президенти дагы бар. Ал борбордук парламенттин жана штаттардын мыйзам чыгаруучу жыйындарынын депуттарынан турган атайын коллегия тарабынан шайланат. Президент формалдуу түрдө аскердик башкы командачы болуп эсептелет, кээ бир аймактарга парламенттик башкаруу киргизе алат, парламент кабыл алган мыйзамдарга кол коет. А иш жүзүндө, ал башкаруучу партиядан же коалициядан көз каранды болгондуктан анын бийлиги өкүлчүлүк ролду ойноп келе жатат. Ошого карабастан бийлик маселеси боюнча президент менен премьер-министрдин ортосунда эч качан олуттуу түшүнбөстүк же карама-каршылык болгон эмес.

Конституция негизги демократиялык эркиндиктер, адам укугу касталар аралык тең укуктуулукту жарыялап, бийлик бутактарынын аткаруучу, мыйзам чыгаруучу жана сот (Индиянын жогорку соту) болуп бөлүнүшүн бекиткен. Бийликтин ар бир бутагы өз алдынча жана бири-бирине көз каранды эмес, кимдир бирөөлөр тарабынан кысымга алынбайт.

Индияда эң ири партиянын кандидаттарына артыкчылык берүүчү шайлоонун мажоритардык системасы иштейт. Ушул система эгемендүүлүктүн алгачкы он жылдыктарында ИУК чындалышына алып келген: айталык жалпы шайлоолордо добуштун жарымынын азына ээ болгондугуна карабастан, парламенттеги же штаттардын мыйзам чыгаруучу жыйындарындагы орундардын ¾ ээлеп келип жаткан. Анткенинин себеби мүчөлөрүнүн күптүгү жагынан бул партияга тең келүүчү партия азырынча жок болгон.

Өлкөнүн Жогорку соту жана штаттардын Жогорку соттору мыйзамдардын Конституцияга дал келишин талкууга алууга, ал гана турсун мыйзамдын иш аракетин токтотуп коюга дагы акылуу болушкан.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары княздыктардын федерацияга кошулушу, алардын үйүр алышы, федерациянын өзүн кайра түзүү маселелерин В.Патель чечкен. Бир топ өтө чоң княздыктар федерацияга мурунку өзүнүн чек арасынын алкагында өз алдынча провинция катарында киришкен, кийинчерээк штат болуп калышкан. Ал эми майдараак административдик бөлүктөр Конституция боюнча союздук территорияны түзүшкөн же алгачкы мезгилде администраторлор болуп мурунку княздары дайындалган штаттардын «Б» деген өзгөчө тобуна бириктирилген. Бирок чек аралар мурдагыдай эле улуттук принцип менен бөлүнгөн. Ошондуктан өлкөдө административдик реформа жүргүзүү зарылчылыгы сакталып калган.

II. Административдик реформа жана бирдиктүү тил маселесинин айланасындагы күрөш.

Тилдик белгилердин негизинде административдик кайра түзүү маселеси Индияда 1920-1930-жылдарда эле козголгон болуучу. ИУК партиясы дагы өзүнүн 1930-жылдары кабыл алынган резолюцияларында өлкө көз карандысыздыгын өз колуна алар замат, токтоосуз административдик реформа ишке ашырылаарын убада кылып келген. Ал убактарда улуттук кыймылдын лидерлери маселенин чечилбей келишин колониализмден көрүшүп, англиялыктар кетер замат көптөгөн маселелер оңой олтоң эле чечилет деп ойлошкон.

Тилекке каршы, өлкө диний белгиси менен экиге бөлүнүп калган алгачкы жылдары кырдаал өтө опурталдуу экендиги байкалды. Ж.Нерунун өкмөтү өлкөнүн биримдигине доо кетирип алуудан жана башка ички саясий абалга тийгизүүнү терс таасиринен чочулап өтө этияттык мене ниш жүргүзө баштаган. Ошондуктан административдик реформа маселеси кийинкиге жылдырылган.

1950-жылдардын баш ченинде штаттарды кайра түзүү үчүн кыймыл төмөн жактан күчөй баштаган. Бул кыймыл 1952-жылы андхра элин бир штаттын алкагында баш коштуруу үчүн Хайдарабадда башталып кетти. Бул кыймылдын башында Индияга таанымал М.К.Гандинин шакирти Рамалу турган Бул аймакты толугу менен сатьяграхи каптап, борбордук бийлик кырдаалды жайгарууга алып келбей калган. Анан калса Ромалу өзү мөөнөтсүз ачкачылыкка олтуруп алып, маселе чечилбесе аягы күөч колдонгон чырга айланып кетүү коркунучу түзүлгөн.

Ж.Нерунун өкмөтү аргасыз чараларды көрүүгө мажбур болду. 1953-ж. октябрда биринчи жолу лингвистикалык белгисине негизделген, андхра эли жашаган райондорду бириктирген Андхра – Прадеш штаты түзүлгөн. Ошону менен катар эле штаттарды кайра түзүү боюнча Комиссия түзүлгөн.

Комиссия иштеп чыккан долбоордун негизинде 1956-ж. ноябрда Индияда территориялык жаңыча бөлүнүү ишке ашырылып лингивистик негизде дагы 14 штат пайда болду. Кийинчерээк, 1960-ж. эки тилдүү Бомбей штаты – Махараштру жана Гуджарат бөлүнүп, ошол эле жылдары Пенжабдан хинди тилдүү Харьяна штаты бөлүнүп чыккан.

1950-жылдары өлкөнүн түндүк чыгышындагы Ассам штатында бир топ уруулардын автономиясын талап кылган кыймылы башталды. Алар саны жагынан бир нече миллион адамды түзүп, бирок башка өзүнөн дагы көбүрөөк элдердин арасында жашап келишкен. 1963-ж Ассам штатынан адегенде нага эли (негизинен христиандар) Нагаленд штатына бөлүнүп чыгат, андан кийин: Мизорам, Манипур, Мегхалая, Аруначал-Прадеш, Химачал-Прадеш штаттары бөлүнүп чыккан.Мындай бөлүнүүчүлүк аракеттер Индияда бүгүнкү күнгө чейин уланып келет.

Дагы бир татаал маселе бул тил маселеси болуп калган. Себеби Индияда бардыгы болуп – 87 тилде сүйлөшөт, анын ичинен 60-га жакыны бир топ кенири тараган тилдер, ал эми 23-дө ондогон миллион адамдар сүйлөшөт – бенгалдар, телугу, маратхи, тамил, каннада, малаялам. Бирок, тилекке каршы калктын басымдуу көпчүлүгү сүйлөгөн бир дагы тил жок, ал гана эмес, хинди тилинде калктын бар болгону 30% га жакыны, ал дагы Индиянын түндүк жана борбордук бөлүгүндө жашагандар сүйлөшөт. Ал эми Индияда жашап калган мусулмандар аралашма-хиндустани тилинде сүйлөшөт (бул тил араб жазмасына негизделген).

Бара-бара тил маселеси саясий мүнөзгө айланып кеткен. Колониализм жылдары мамлекеттик тил катары англис тили пайдаланылып, бул тил Индияда кенири жайылып кеткен эле. 1949-ж. Ж.Нерунун өкмөтү англис тили менен катар эле хинди- тилин экинчи мамлекеттик тил деп жарыялаган болучу. Тилекке каршы

1956-ж. штаттарды лингвистик негизде кайра түзүү шартында тил маселеси өзгөчө курчуп, Бенгалияда жана өлкөнүн түштүгүндө хинди тилине каршы кыймыл кеңири жайылып кеткен. Ошондуктан 1957-ж. тил боюнча комиссия, 1965-ж чейинки мезгилде өлкөнүн бардык аймактарында жалгыз гана мамлекеттик тил катары-хинди тилине өтүүнү сунуштаган.

Мындай сунушка каршы өлкөдө абдан чоң, кыймыл башталган, ал гана эмес өлкөнүн түштүгүндө хинди тилине мамлекеттик статус берүүгө каршы күрөштү өзүнө негизги ураан кылып алган «Дравида мунстра кажкагам» (ДМК) партиясы пайда болгон. Бул партия негизинен өз эне тилинде сүйлөгөн индиянын түштүк штаттарындагы элдерге таянган.

Ушунун аркасында Ж. Нерунун өкмөтү жаңы кадамга барууга аргасыз болгон – Индиянын ар бир штатында үч мамлекеттик тил: англис, хинди жана жергиликтүү (хинди тилдүү штатттардан башкасында), тил киргизилген.

Ш. 1950-жылдарда жана 1960- жылдардын башталышындагы өлкөдөгү ички саясий абал.

1950-жылдардын башталышына чейин ИУК те ички саясий карама-каршылык болгон эмес. В.Патель партиянын оң канатынын лидери болуп мамлекеттик сектордун кеңейишине, мамлекеттин экономикага кийлигишине каршы чыккан. Анын кадыр-баркы Ж.Нерунун көптөгөн иш – аракетине кедерги болгон.

Ж.Неру өзү болсо күчтүү акыл дарамети, мыкты билим көрөңгөсү, адам менен тил табышуу жөндөмдүүлүгү, мурдатан ИУК менен байланышы бар мыкты үй-бүлөдөн экендиги жана Индияда эл тарабынан урмат-сыйга ээ, кашмирлик брахмандар кастасынан болгондуктан, партиянын ичиндеги кадыры өтө жогору эле. Анан калса ал партиянын сол канатындагылардын дагы колдоосун алып келген. Бирок бул эки лидерлердин ортосунда кандайдыр бир кагылышуу болгон эмес. Ж. Неру негизинен өзүнүн ишмердигин аткаруучу бийликке бурган, ал эми В.Патель болсо өзүнүн тарапкерлери менен мыйзам чыгаруу жана партиялык иштер менен алектенген.

1950-ж. В.Патель дүйнөдөн кайткандан кийин ИУКте жалгыз гана жалпы улуттук лидер Ж. Неру калды. Калгандары, айталык – Патил, Раджагопалачария, Т.Тандон, М.Десай, Р.Прасад, С.Раджакришнан аны менен тентайлаша алышпайт эле. Булар салыштырмалуу бир топ төмөнкү дараметтүү инсандар болучу.

1950-ж. ИУК төрагалыгына оң канаттагылардын лидери Т.Тандон шайланат. Бирок кийинки жылы эле Ж.Неру аны отставкага кетүүгө мажбур кылып, бул кызматты 1955-жылы

өзүнүн тарапкерлерине өткөрүп бергенге чейин өзү ээлеп турган. 1950-1951-жылдары ИУКтен бир нече солчул топтор чыгып кетишип, Ж.Нерунун орду бир топ чыңдалган.

Индия көз карандысыздыгын алган алгачкы жылдардан эле өлкөдө саясий жиктелүү башталып, ондогон жаңы партиялар түзүлгөн. 1951-жылга катталган жаңы партиялардын саны 80 ге жетип калган. Сол канаттагы эң чоңу – Индиянын коммунистик партиясы – болуп, ал өзү согушка чейин эле пайда болуп, колониалдык бийликтер тарабынан бир нече жолу тыюу салынган, ал эми эгемендүүлүк жылдары дагы ачык иштөөгө мүмкүнчүлүк берилген эмес. 1951-жылдын май айында бул партия ачыкка чыгарылып, анын мүчөлөрүнүн саны 25миң адамга жеткен. Коммунистердин таасири негизинен өлкөнүн эң түштүгүндөгү райондордо жана Батыш Бенгалияда күч эле.

1951-ж. парламенттик шайлоодо Компартия 3,3% добушка ээ болгон, ал эми кийинки эки жолку шайлоолордо алардын үлүшү 10% га чейин өскөн. Түштүктөгү Керала штатында коммунистер ИУК нин негизги атаандашы катары күрөшүп, 1957-жылы өзүнүн өкмөтүн түзгөнгө жетишкен. 1959-ж. бул өкмөт федералдык борбордун чечими менен таркатылган. 1960-жылдагы шайлоолордо жергиликтүү коммунистер 42,5% добуш алышкан. 1964-жылы советтик-кытайлык мамилелер курчуган мезгилде Индиянын компартиясы экиге (бири Кералада, экинчиси Батыш Бенгалияда) бөлүнүп калган. 1980-жылга чейин бул эки компартиянын ортосунда элдешкис катуу мамиле сакталып калган.

Саясий турмуштун сол канатында башка дагы көптөгөн партиялар болгон. Алардын арасында 1930-ж. ИУКнен чыккан Д.Нарайан тарабынан түзүлгөн Социалистик партиясы дагы бар эле. Андан башка дагы өлкөнүн ар башка аймактарында иш жүргүзүшкөн майда топтор дагы болгон.

Саясий турмуштагы оңчулдар канатын негизинен динчил-коммуналдык* багыттагы партиялар: Хинду Махасабха, Джан Сангх, Рам раджья паришад түзгөн. ИУКнин катарынан чыккан, башында Раджагопалачария турган топ Сватантра партиясына биригишкен.

Индиядагы саясий партиялардын көпчүлүгү кандайдыр бир аймака, этноско*, кастага, диний жамаатка таянышып, бүткүл индиялык партияга айлана алган эмес. Мындай абал шайлоонун мажоритардык* системасынын шартында алардын өлкөдөгү саясий жетекчиликке жетишине кедерги болгон.

Буга мисал катары 1949-жылы Тамилнадда түзүлгөн салыштырмалуу чоң «Дравида Мунетра Кажкагам» (ДМК) партиясын келтирсек болот. Бул партия төмөнкү касталардын кызыкчылыктарын коргоп, брахмандардын билим берүү жана

башкаруу системаларындагы кысым көрсөтүүсүнө, хинди тилинин мамлекеттик тил катары бекемделишине, ИУКнин Индиянын экономикалык жана саясий турмушундагы үстөмдүгүнө каршы чыккан. 1957-жылы доктор Б.Р.Амбедкар «кол тийбестер» кастасынын Федерациясынын негизинде Индиянын Республикалык партиясын түзгөн. Пенжабдагы Акали дал партиясы дагы сиххи элине таянып ошолордун кызыкчылыгын коргогон.

1951-жылы болуп өткөн жалпы элдик шайлоолордо ИУК 45% дан бираз көбүрөөк добуш алып, бирок парламенттеги орундардын ¾ ээлеген жана ошонунун негизинде бардык штаттарда өзүнүн өкмөттөрүн түзгөн. Партиянын жана өкмөттүн ичинде Ж.Нерунун кадыр-баркы өскөн.

1957-жылкы шайлоолордо ИУК 48% добуштарды алган, ошого жараша борбордук парламенттеги конгрессчилердин ээлеген орду дагы көбөйгөн. Бирок штаттарда партия жоготууларга учураган.

1958-жылдан баштап экономикадагы мамлекеттик кийлигишүүнүн көлөмүн кыскартуу талабы коюла баштады.

1962-жылдагы жалпы элдик шайлоодо ИУК 6 млн добушунан ажырагандыгына карабастан борбордук парламенттеги орундардын көпчүлүгүн өзүндө сактап калды. Бул шайлоолордо башка партиялар дагы ийгиликтерге жетише алышты. М.: коммунистер 10% добушка ээ болуп, Сватантра менен Жан Сангх партиялары дагы өз орундарын көбөйтүшкөн.

ИУК ичиндеги күрөш дагы күч ала баштады. Ж.Неру өзү жүргүзүп жаткан саясатка тоскоолдук кылгандарды азайтуу максатында өзүнүн саясий оппоненттерин өкмөттүн курамынан чыгарып, партиялык аппаратка ишке которуп жаткан. Ушундай абалга С.К.Патила, М.Десай, Уттар-Прадеш менен Батыш Бенгалиянын лидерлери туш болушкан.

Акырындап жүрүп олтуруп ИУК ичиндеги оңчулдар өздөрүнүн Синдикат- деген тобун түзүшкөн. Алар негизинен Ж.Нерунун саясатын сынга алышып, мамлекеттик секторду кыскартуу, агрардык реформаны токтотуу, бюрократиянын милдеттерин жана укуктарын чектөөнү талап кылышкан. Нерунун бейтараптыкка негизделген тышкы саясатына дагы каршы чыгышкан. Мындай кадамга барууларына 1960-жылдардын башындагы Кытай менен болгон чыр-чатактар жана иш жүзүндө Индиянын башка өлкөлөрдөн бөлүнүп калышы дагы себеп болуп калган.

Ошого карабастан Ж.Нерунун көзү тирүү мезгилинде анын эбегейсиз чоң кадыр-баркынан, анын саясий каршылаштары ачык чабуулга өтүүгө даай алышкан эмес. Өзүнүн саясатында Ж.Неру кыйшаюсуз төмөндөгү максаттарды көздөгөн: 1) өлкөнүн территориялык бүтүндүгүн гарантиялоо, 2) турмуш деңгээлин көтөрүү, 3) атуулдук укуктарды коргоо, 4) индиянын коопсуздугун

камсыз кылуу. Тилеке каршы 1964-жылы май айында Ж.Неру каза болду жана Индиянын тарыхында жаңы доор башталды.

Тема боюнча тыянактар:

1. Бүткүл Чыгыш өлкөлөрүнөн бир гана Индияда эгемендүүлүк жылдар ичинде туруктуу парламенттик демократия системасы калыптанган. Конституцияда бийликтин бөлүнүү принциптери, жарандардын демократиялык укуктары жана эркиндиктери белгиленген.

2. Өлкөдөгү административдик реформа жана жалпы тилди киргизүүнүн тегерегиндеги күрөш саясий мүнөзгө өтүп, өтө курч болгон. Ошого карабастан өлкө федеративдүү мамлекет болуп, көптөгөн элдер, тилдер, диндер жана маданияттар жанаша жашап келе жатышкан.

3. Индиянын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарынан баштап эле көптөгөн саясий партиялар пайда болгон.. Алардын көпчүлүгү диний мүнөзгө ээ болушкан, калктын белгилүү бир тобуна таянгандыктан, шайлоонун мажоритардык системасынын шартында бир топ мезгилге чейин ИУКне теңаталык атаандаштыкка бара алышкан эмес.

4. Өлкөнү эгемендүүлүккө жеткирген ИУК партиясы өлкөнүн саясий турмушунда үстөмдүк кылган. 50-жылдардын акырында гана анын саясий бедели бошоңдой баштап, партиядагы ич ара күрөш күчөгөн. 60-жылдардын башталышында партиянын ичинде оңчул лидерлер – Синдикат деген топ түзүшкөн.

№6-тема: 1960-жылдардын экинчи жарымында - 1970-жылдардагы Индиядагы кризистик кырдаалдар.

I. Индиядагы кризистин күчөшү (1965-1970).

1964-жылы май айында эле ИУК сессиясында саясатчылардын ортосунда курч мүнөздөгү пикир келишпестиктер орун алган болучу. Негизги талаптар: мамлекеттик секторду жана экономикага мамлекеттин кийлигишүүсүн чектөө, агрардык реформаны токтотуу жана тышкы саясатты өзгөртүү жөнүндө болгон. Бирок, азырынча Ж.Неру тирүү мезгилинде ИУКнин бөлүнүп-жарылуусу боюнча коркунуч жок эле, себеби анын деңгээлиндеги лидер партияда болгон эмес.

1964-жылы майда Ж.Нерунун ордуна Лал Бахадур Шастри келди. Ал таптакыр башка адам эле. Мурунку ачык айрым, шайыр Ж.Неруга салыштырмалуу Л.Б.Шастри аскет* абдан оор басырыктуу, токтоо, жашоодо жупуну М.К.Гандинин принциптерин катуу карманган адам болгон. ИУК төрагасы Кумарасвами Камарадж менен биргеликте партиядагы бөлүнүп-жарылууларды токтотууга аракет кылып көрдү, бирок пайнап чыккан жок. Штаттардагы партиялык уюмдарда ачыктан-ачык эле: бири негизги министрдин, экинчиси партиянын жетекчисинин айланасында эки уюлга бөлүнүп калышты.

Кырдаалды тышкы саясий шарт татаалдаштырып жиберди. 1965-жылы августа Кашмирде Пакистан армиясына каршы согуш аракеттери башталган. Индиялык аскерлердин ийгиликтүү чабуулунан кийин окуя туңгуюкка барып капталды, себеби, каршылашуу токтотулбаса дүйнөлүк ири державалар эки мамлекет менен тең болгон алакаларды токтото тургандыктарын билгизишип коркута башташкан. 1966-жылы январда совет өкмөтүнүн башчысы А.Н.Косыгиндин ортомчулугу менен Ташкентте Индия менен Пакистан жетекчилеринин ортосунда сүйлөшүүлөр башталган.

Бул сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктагандан кийин Л.Б.Шастри күтүүсүздөн ошол жерде кайтыш болуп, Индиянын премьер-министрлик кызматы кайрадан бош калат.

ИУК ичинде бул кызматка талапкерликке адам тандоо боюнча өтө курч мүнөздө күрөш башталат. Алар негизинен экөө: жашы өйдөлөп, картайып калган Морарджи Десан жана Ж.Нерунун кызы Индира Гандилер эле. Акыр аягында И.Гандинин талапкерлигине токтолушуп, ал жаштыгына жана тажрыйбасы аз экендигине байланыштуу өз алдынча саясат жүргүзбөйт, бардык маселелерди чечүүдө тажрыйбалуу саясатчылардын кеп-кеңештерине таянат деген бүтүмгө келишкен.

Ошого карабастан партиянын арасында И.Гандинин бул кызматка келишине макул болбогондор дагы көп эле, ошондуктан дароо эле партияда бөлүнүп-жарылуу күчөп, топ тобу менен партиянын катарынан чыга башташты. Бул процесс Кералада, Майсурда, Батыш Бенгалияда, Бихарда, Ориссада орун алып, 1967-жылы майда алар Бхаратия кранти дал партиясына биригишкен. Штаттарда ИУК кулатууну максат кылып койгон оппозиция* баш кошуп, улам жаңы саясий партиялар пайда боло баштады.

Ушундай шартта өткөрүлгөн 1967-жылдагы шайлоолордо ИУК борбордук парламенттеги орундун 1/5 жоготту, ошого карабастан мажоритардык системага ылайык жалпы орундардын көпчүлүгүн (54%) сактап калды. Ал эми штаттарда болсо партия 60% орундарынан ажыраган, 9-штатта улуттук конгресстин өкүлдөрүнүн катышуусусуз өкмөт түзүлгөн. М: Орисса штатында – Сватантра партиясынын өкмөтү, Пенжабда – Акали дал, Тамилнадда – ДМК, Мадхья-Прадежде-Джан сангх партиялары өз өкмөттөрүн түзүп конгрессчилерди сүрүп чыгарышкан. Кээ бир штаттарда солчулдар менен оңчулдардын биргелешкен коалициялык өкмөтү түзүлгөн. Бирок мындай бирикмелер туруктуу боло алышкан эмес, олку-солкулуктар көп болгондуктан шайлоодон кийинки бир жыл ичинде 5 штатта президенттик башкаруу киргизилген.

1967-жылдагы шайлоолордогу жоготуулар боюнча И.Ганди күнөөнү партиялык аппаратка жүктөгөн, андан калса көптөгөн адамдар партиянын катарынан чыгып кетип жатышкан. Бул болсо өз кезегинде эски партиялык билермандардын азайышына, алардын кадыр-баркынын кетишине, тескерисинче, И.Гандинин позициясынын чыңдалышына алып келди.

Ошону менен катар өлкөдөгү диний-этникалык келишпөөчүлүктөр күчөдү. Мисалы, уруулар аралык куралдуу күрөш тыйылбай жаткан Ассамда, ассам тилине мамлекеттик статус берилгендигине каршы козголондор күчөдү. Ал жердеги башкаруучулардын көпчүлүгү бенгалдыктар болгондуктан, өз ара кыргындар башталып, бул толкундоолор коңшу Батыш Бенгалия менен Бихарга дагы жайылган.

Индияда жашап жаткан мусулмандарды 1965-жылдагы Индия менен Пакистандын ортосунда от алган конфликте пакистанды колдогон деп айыпташып, мусулмандар менен дагы мамиле курчуган. Индиялык мусулмандар пайдаланган урду тили боюнча дагы маселе курчутулган, себеби бул тил араб графикасында* жазылып, лексикасы* боюнча перс жана араб тилдерине жакын эле. Мындай көрүнүш индустарга ал жакканэмес. Индустар менен мусулмандардын карама-каршылыктары коммунисттик уюмдар: Хинду махасабха жана Раштрия Сваямсевак сингх тарабынан дагы күчөтүлүп турган.

Джамму жана Кашмир штаттарында сепаратистик* кыймыл күчөп, өлкөнүн көпчүлүк аймактарында касталык араздашуу орун алган. Бир гана 1969-жылы Ахмадабаддагы кандуу кагылышууда 2 миңге жакын адам мерт болгон.

Солчулдар дагы баш көтөрө баштаган 60-жылдардын аягында Батыш Бенгалия штатында 3-компартия, Революциялык компартия, Большевиктик партия, Социалдык биримдик борбору, Форвард блок, Революциялык социалистер жана башка толуп жаткан өзүн партия же кыймыл деп атаган уюмдар пайда болгон. Ошолор көчөдө тартип бузуу, иш таштоо, студенттик кыймылдарды уюштурушкан. Мамлекеттик секторго кирген ишканалардагы иш таштоолор өзгөчө кучак жайган. Бул кыймылга ушул сектордо иштеп жаткандардын ¼ катышкан. Өкмөт өлкөдө мыйзамдуулук менен тартипти орнотууда зор кыйынчылыктарды башынан кечирип жатты.

Анысы аз келгенсип өлкөдө экономикалык кыйынчылыктар күчөдү. Өнөр жай өндүрүшү 1960-жылдардын орто ченинде токтоп, 1966-67 жылдары төмөндөө байкалаган, ошого байланыштуу 1966-жылы өкмөт рупийди* девальвациялоого* барган. Кийинки жылдары өнөр жай өндүрүшүнүн өсүү темпи жыл сайын 3,7% дан ашкан эмес.

Өлкө ачарчылыктын кырында турган, түшүм болбой калган жылдары өкмөт 10 миллион тоннага чейин дан сатып алууга мажбур болуп жаткан. Тилекке каршы 1960-жылдардын аяк ченинде, 1960-жылдардын башынан баштап БУУ нун азык-түлүк комиссиясы, Форт фонду жана башка эл аралык уюмдардын көмөгү менен ишке ашырылып жаткан жаңы агрардык саясат – жашыл революция – өз жемишин бере баштап, абал бир аз оңолгон.

Бул революциянын маңызы – жылына гектарынан 60-70 центнер түшүм буудайдын, белогу көп тез бышкан жана жерге жатып калбай гектарынан 100 ц ге чейин түшүм берген күрүчтүн жаңы сортторун эгүү, айыл чарба инфраструктурасын өнүктүрүү, 5 гектардан кем эмес жери бар фермердик чарбаны колдоо болуп эсептелгендигинде.

«Жашыл революциянын» ишке ашырылган негизги району Пенджаб болуп калган. 1960-жылдарга салыштырмалуу Индияда түшүмдүүлүгү 2,3 эсе, ал эми күрүчтүкү 50% ке өскөн. 1970 ж. жалпы түшүм 108 млн. тоннага жетип, бир нече жыл Индия аларды импорттобой дагы калган .

Бирок мындай ийгилик өлкөдөгү жалпы кырдаалды негизинен оңдой алган эмес, анткени мурдагыдай эле айыл калкынын ¾ бөлүгү жашоонун зарыл болгон минималдык өлчөмүнө ээ боло алышпады. «Жашыл революциянын» мүмкүнчүлүк кудурети чарбалардын 14 % гана өзүнө камтып, ижарачы дыйкандарды жеринен кубалай башташкан.

Эгемендүүлүк жылдары айыл калкы 30 миллион адамга көбөйсө, айдоо аянты бар болгону 22 миллион га. га өсүп, жердин жан башына

бөлүштүргөндөгү өлчөмү кыскарган, ал эми айыл калкынын 28% ти дегеле жери болгон эмес.

Айыл жергесинде мамлекеттин кредит берүү мүмкүнчүлүгү өтө эле жупуну болгондуктан, сүткорлордун күнү туулган. Жалпылап айтканда айыл чарбасынын өлкө калкын жумуш менен камсыз кылуудагы жана анын улуттук дүң продуктыны өндүрүүдөгү үлүшүн эске алсак андагы мындай терс көрүнүштөрү жалпы экономиканы артка тартып турган.

Индиянын экономикасында дагы деле традициялык сектор үстөмдүк кылып турган. Өкмөттүн майда ишканаларды түзгөндөрдү колдоого алып тургандыгына карабастан (1961-66-жылдары эле 86 миңден ашуун ушундай ишканалар пайда болгон) традициялык сектор дагы деле күчүндө калган.

Айталык, кайра иштетүүчү өнөр жай өндүрүшүндө иштегендердин 70% майда кол өнөрчүлөр болгон. Жаңы заманбап фабрикалык өнөр жай өндүрүшүндө иштегендердин саны 5 миллионго жакын (калктын 3%) адамга барабар эле. Анан калса кырдаалды курчуткан дагы бир маселе калктын санынын тез өсүшү болгон.

Экономиканын жаңы секторунда дагы бир топ татаалдыктар орун алган. Алсак, анын ички рынокко таянып өсө турган негизги факторлору өзүнүн мүмкүнчүлүгүн сарптап бүткөн. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жогорку өлчөмдөгү бажы төлөмдөрүн киргизүү аркылуу жаңы сектор чет элдик товарлардын атаандаштыгынан куткарылган. Ошонун аркасында тез эле ички рынокту атамекендик товарлар менен толтуруп салышкан, бирок калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү төмөн болгондуктан андан абал оңолуп кеткен жок. Ал эми товарлардын чет өлкөлөргө сатууга, алардын сапатынын төмөндүгү кедерги болгон.

Жеке сектордогу ири ишканалар товарлардын кээ бир түрлөрүн чыгарууну өзүнө менчиктеп алышкан. Айталык алардын колунда (1960-жылдардын акырында 10 ири концерндердин) пахтадан кездеме чыгаруучу өнөр жай өндүрүшүнүн 1/3, жутту кайра иштетүүнүн ¾, кагаз чыгаруунун 9/10 бөлүгү топтолгон. Ошондон пайдаланып алар товардын жетишсиздигин (дефицит) пайда кылуу аркылуу өздөрүнүн кирешелеринин көлөмүн көбөйтүү максатында өндүрүштүн көлөмүн кыскартууга чейин барышкан.

Өкмөт майда өндүрүшчүлөргө салык төлөөдө ар түрдүү женилдиктерди берип, чийки зат, отун, курулуш материалдарын төмөндөтүлгөн баада сатып алууга жардам берип жатты. Орто ишканалардын андай женилдиктерди алууга мүмкүнчүлүктөрү жок болсо дагы, ошондой укукка жетүүгө умтулушкан.

Көптөгөн майда өндүрүшчүлөр мамлекеттин колдоосуна карасанатайлык менен мамиле кылышып, андан төмөндөтүлгөн баада сатып алган продукциясын кайрадан кымбат сатып пайда көрүүгө

аракет жасашкан. Анан калса жекече бизнестин өндүрүштүк кубаттуулугунун жарымы иштетилип, Индиянын майда ишканалардын 12% өкмөттөн женилдик алуу үчүн гана жалган документтерге жамынып түзүлгөндүгү аныкталды.

Мамлекеттик сектор Индиянынын бүткүл өнөр жай өндүрүшүнүн 29%ын өз кучагына камтыган. Көп ишканалар билими тайкы, жөндөмдүүлүгү начар адамдар тарабынан башкарылып, өндүрүш киреше бербей, натыйжасыз иштетилген. 1965-жылдагы согуштан кийин капитал салуунун мамлекет тарабынан каржыланышы 5 эсеге кыскарып өнүгүү темпин андан бетер төмөндөткөн. Өлкөдө баалар өсүп, инфляция денгээли бир нече эсеге көтөрүлгөн, жумушсуздук көбөйгөн. Калктын материалдык абалы жалпы жоонунан оорлогон.

Калктын бардык социалдык катмарынын нааразычылыктары өкмөткө каршы багытталган. Ички саясий күрөштүн негезги темасы экономикалык саясаттын маселелери болуп, негизинен уч социалдык-экономикалык концепциялардын ортосунда карама-каршылык келип чыккан:

1.«Ж.Нерунун курсу» негизги багыты мамлекеттик секторду кенейтүү жана мамлекет тарабынан экономикалык жана социалдык процесстерди жөнгө салып туруу болгон. Өлкөдөгү бардык укладдар мамлекеттин көзөмөлү астында бирдиктүү экономикалык системага интеграцияланышы зарыл эле. Өкмөт жекече сектордогу ири өндүрүштү акырындык менен чектөөнү болжолдогон.

2. Жекече капитал мамлекеттик жөнгө салууга эмес, рыноктук механизмдерге таянууга багытталган. Ишкер адамдар мамлекеттик секторду кыскартууну, мамлекеттик ишканалардын бир бөлүгүн өз колдоруна берүүнү, атка минерлердин бизнеске аралашуусун кыскартууну, чет элдик капитал менен өз ара кызматташууну өнүктүрүүнү талап кылып турушкан. Ири бизнестегилер болсо, өкмөт майда ишкердикке жана традициялык секторго колдоо көрсөтүүнү токтотуп, капиталдын концентрацияланышын, күчөтүлүшүн талап кылышкан. Андан башка жер аянтынын ашыкча бөлүгүн алып коюп жаткан агрардык реформаны токтотуп, тескеринче өнүмдүү ири фермердик жана плантациялык чарбаларды өнүктүрүү талаптары дагы коюлуп жаткан.

3. Традициялык сектордо эмгектенип күн көргөн калк экономикалык саясатты толук өзгөртүүнү көздөгөн. Алардын талабы боюнча экономикалык саясаттын негизги максаты көпчүлүктүн муктаждыктарын канааттандыруу жана жаңы укладды эн төмөнкү чекке чейин кыскартуу болгон. Азыркы сектордун милдети алардын түшүнүгү боюнча традициялык сектордун суроо – талаптарын канааттандыруу болуш керек. Экономиканы децентрализациялап,

негизги каражатты майда өндүрүш менен дыйкан чарбаларына сарптоону талап кылып жатышты.

1966-1969-жылдары өкмөт жеке менчик секторунун кызыкчылыгына карай бир топ кадам таштаган: өндүрүштүн, баалардын, материалдарды бөлүштүрүүнүн, отун жана чийки заттын үстүнөн болгон мамлекеттик көзөмөл кыскартылган, беш жылдык пландарды иштеп чыгуу токтотулган.

1969-жылдагы И.Гандинин «10 пункту», деп аталган экономикалык саясатынын жарыяланышы өлкөдөгү орчундуу бурулуш окуясы болуп калган. Бул деген Ж.Нерунун курсуна кайрылып келүү, аны андан дагы жигердүү ишке ашыруу дегендик эле.

II. 1970-жылдардын биринчи жарымындагы И.Гандинин социалдык экономикалык саясаты.

1969-жылы жай айларында 14 эң ири банктарды, бардык камсыздандыруучу компанияларды, бир нече мунайды кайра иштетүүчү, кара жана түстүү металлургия ишканаларын, ошондой эле 100 ири текстил фабрикаларын жана 12 кант заводдорун улутташтыруу (мамлекеттик менчигине өткөрүү) жөнүндө жарыя кылынды.

«10 пунктан» турган программа андан башка өзүнө мамлекеттик соода жана кредит, кайра иштетүү, айыл чарба продукцияларын сатуу жана сатып алууну, майда өндүрүшчүлөргө финансылык жардамдын өлчөмүн 2,5 эсеге көбөйтүүнү камтыган. Бул жаңы программанын киргизилишине каршылык көрсөтүү иретинде премьер-министрдин биринчи орун басары жана каржы министрлик кызматтарын ээлеген М. Десай баштаган топ өкмөттүн курамынан чыгып кетишкен. ИУК дагы экиге бөлүнүп калган: Индира Гандини колдогондор – ИУК(И), ал эми башында А. Десай турган - «Конгресс уюму»-ИУК(О) партиясы. Мындай бөлүнүп жарылуучулук И.Гандинин өкмөтүнүн парламенттеги арзыбаган көпчүлүк добушун дагы жок кылып, алардын мыйзам чыгаруу демилгелерин ийгиликсиз калтырган. Ошого байланыштуу «10 пункттан» турган программаны жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон мыйзамдарды парламент аркылуу өткөрүү мүмкүн эместиги айкын болду. Иш жүзүндө жогоруда айтылып кеткен улутташтыруу жөнүндөгү мыйзам кабыл алынбай, княздардын пенсияларын алып салуу аракети дагы ийгиликсиз аяктаган, алар Жогорку сотко кайрылып, сот алардын арызын канааттандырып берген

Өлкөдө иш таштоолор күчөп, Батыш Бенгалияда наксалиттер дегендердин террористик аракеттери орун алган, алар аз келгенсип

диндик – этникалык жана касталык негиздеги толкундоолор болуп жатты. Ушул окуялар И.Гандиге парламентти таркатып жиберүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Ошол эле учурда Пакистан менен чектешкен аймактарда коркунучтуу окуялар жакындап келе жаткан болучу.

Пакистан өзү дагы өтө олуттуу ички маселерге тушугуп, анын чыгыш бөлүгү болгон Чыгыш Бенгалияда сепаратисттик кыймылдар күч ала баштаган. Өлкөнүн бул аймагынын калкы борбордук аппаратта пенжабдыктардын көпчүлүк кылышканына нааразы болушкан. 1969-жылы мурунку диктатор Айюб Хандын отставкага кетишинен кийин бийлик генерал Яхья Ханга өткөн. Ал болсо жалпыга тиешелүү шайлоо укугун киргизип, өлкөнүн Конституциясын иштеп чыгуучу учредителдик жыйынга шайлоо өткөрдү. Бул 1970-жылдагы шайлоонун жыйынтыгы таң калтырарлык болгон. Пакистандын чыгыш бөлүгүндө башында Муджибур Рахман турган Авами лиг (элдик лига) партиясы утуп чыгып парламенттеги 151-орунду ээлеген. Ал эми Пакистандын батыш бөлүгүндө Зульфухар Али Бхутто башында турган Пакистан элдик партиясы (ПЭП) 81-орунду ээлеп жеңишке жетишкен.

Бул эки лидерлердин ортосунда сүйлөшүүлөр башталып, ийгиликсиз аяктаган. М.Рахман Чыгыш Пакистанга кетип, көз карандысыз администрация башчысы катарында бийлик жургузө баштаган. Кийин ал камака алынып, Чыгыш Бенгалияга сепаратизимди тыюу максатында Пакистан аскери жөнөтүлгөн.

Пакистан аскерлери Элдик лиганын активистерин массалык түрдө камакка алуу, жергиликтүү калктын үстүнөн жазалоо операцияларын жүргүзгөн. Ошонун аркасында 10млн.го жакын индустар өздөрүнүн кандаштарына Индияга качып өтө башташкан. Ансыз дагы калкы жыш Батыш Бенгалия менен Ассам штаттарына өтүп келген мынча качкындарды багуу Индиялык өкмөттү өтө көп чыгымдарды сарптоого мажбурлаган. Эл аралык жардам өтө эле жетишсиз өлчөмдө берилген.

Мына ушулардын бардыгы 14 күн ичинде Даккада Пакистан аскерлеринин женилиши менен аяктаган. 1971-жылдагы Индия-Пакистан согушуна алып келген Мунун жыйынтыгында көз-карандысыз жаңы Бангладеш мамлекети жарыяланган.

Индия өкмөтүнүн ушундай кырдаалда чечкиндүү кадамдарга барышы И.Гандинин жана анын партиясынын кадыр – баркынын жогорулашына алып келген. Ошонун жениши катары 1971-жылдагы кезексиз өткөрүлгөн парламенттик шайлоолордо ИУК(И) орундардын 2-3 ээлеп, женишке жетишкенин айта кетсек болот.

1972-жылдагы штаттарда өткөрүлгөн шайлоолордо орундардын ¾ ээлеп, 18-штаттын 15 инде конгрессчилердин өкмөттөрү түзүлгөн.

Мурда партияны таштап чыгып кеткендер кайрадан кайрылып келе башташты.

Өкмөт эми чындап өз программасын ишке ашырууга киришти. Княздардын пенсияларын алып салуу, парламентке жана штаттардын мыйзам чыгаруучу жыйындарына «социалдык адилеттүүлүктү орнотуу кызыкчылыгына байланыштуу» жеке менчикти улутташтыруу укугун берүүчү Конституцияга ондоолор киргизилди.

Ушунун аркасында 1971-1974-жылдардын аралыгында эле көмүр шахталарынын 97%, жез өндүрүүнүн 100%, болот өндүрүүнүн 70% мамлекеттин колуна өткөрүлгөн. Андан башка 95% чейинки мунай өндүрүшү, бардык камсыздандыруучу компаниялар, банк операцияларынын 85% чейинки үлүшү мамлекеттик секторго өткөн. Тышкы сооданын үстүнөн болгон көзөмөл күчөп, мамлекеттин үлүшү импортто – 80%, экспортто – 20% түзгөн. Ал эми улутташтыруу дагы мамлекеттик чыгымдарды көбөйткөн. Айталык: көмүр шахталарын мамлекеттин колуна алгандыгы үчүн төлөнгөн компенсациялык төлөмдөрдүн өлчөмү 2 млрд. долларды, мунайды кайра иштетүүчү ишканалары үчүн 740 млн. долл, банктар үчүн – 870 млн. долл., камсыздандыруучу компаниялар үчүн төлөмдөр – 380 млн. долларды түзгөн. Бул улутташтырылган ишканалардын көпчүлүгү кайтарымдуулугу төмөн, ал гана эмес эч кандай пайда алып келбегендиктен бюджеттен каражат бөлүүгө аргасыз болгон.

1972-жылы борбордук өкмөт штаттарга жер ээлигинин өлчөмүн бир нече эсеге төмөндөттү, ашыкча жерлерди жери аз дыйкандарга алып берүү боюнча көрсөтмө берген. Майда чарбаларга сугат иштерине, айыл чарба эмгек куралдарын, үрөн, жер семирткичтерин сатып алууга, ал гана эмес алган түшүмүн сактоо жана сатууга мамлекет жардам берген. 1973-жылы өкмөт буудай, күрүч жана кант менен болгон дүң сооданы өзүнө алган.

Мына ушундай иш чараларга карабастан 1974-1975-жж. Экономикалык абал кескин төмөндөп кеткен. Анын тышкы себептерине 1973-жылдын аягынан башталган мунайга болгон дүйнөлүк баанын өсүп кетишин, 1971-жылдагы Пакистан менен болгон согушка кеткен чыгымдарды айта кетсе болот. Андан башка мамлекеттин менчигине өткөрүлгөн өндүрүш каражаттары үчүн төлөнгөн компенсациялар жана миллиондогон качкындарды багуу дагы оңойго турган жок.

Абалды кыйындаткан дагы бир жагдай, кургакчылыктын кесепетин жоюу үчүн кайрадан чет жактардан дан эгиндерин сатып алууга мажбур болгондугу. Ошонун чыгымдарына байланыштуу өкмөт тарабынан дыйкандарга, майда өндүрүшчүлөргө жана кедей кембагалдарга берилүүчү жардамдарды кыскартууга туура келген. Ошентип «10 пунктган» турган программанын көп бөлүгү турмушка

ашырылбай кала берген. Экономикалык саясат терең кризиске алып келген.

1970-жылдардын экинчи жарымындагы саясий кризис.

Экономикалык саясаттын кризиске кептелиши социалдык карама – каршылыктарды курчуткан. Өлкөнү тартип бузуулар, шаарларда иш таштоо, студенттик кыймылдар каптап, эл бийликти кыянаттык кылды, коррупцияга малынды, административдик аппаратты натыйжасыз пайдаланды деп күнөөлөгөн.

Ушундай кырдаалда Индияда – «Джайпракаша кыймылы» - деп аталган массалык оппозициялык кыймыл пайда болгон. Анын башында М.К.Гандинин ишенимдүү шакирти катары жана Социалистик партиянын мурунку лидерлеринин бири катары жакшы белгилүү болгон Джайпракаш Нарайян турган. Ал болсо баанын өсүшүнө жана «көмүскө рыноктогу» чайкоочулукка, коррупцияга, бийликти кыянаттык менен пайдаланууга, мамлекеттин экономикага кийгилишүүсүнүн натыйжасыздыгына каршы болуп сындап чыккан.

Д.Нараяндын кыймылы мамлекеттик финансынын сарпталыш багытын өзгөртүүнү, традициялык сектордогу майда кол өнөрчүлөргө жардам үчүн каражат бөлүүнү агрардык реформаны токтотууну, мамлекеттик ишканаларды жеке менчикке берүүнү жана ИУК(И) нин токтоосуз бийликтен четтетилишин талап кылган. 1974-жылдан башталган бул кыймыл сатыяграхи формасында бүткүл өлкөнү өз кучагына алган. Өзгөчө Бихарда, Гуджаратта, Махараштрада жана Уттар-прадеш штатында күчтүү жайылган. Ушундан пайдаланып экстремисттик уюмдар ар түрдүү тартипсиздиктерди, ал гана эмес террористтик аракеттерди жасашкан. Айталык, 1975-ж. январь айында транспорт министри Мишра өлтүрүлүп, өкмөт адамдарына бир нече кол салуулар уюштурулган. 1975-ж. майда Делиде массалык демонстрация болуп өткөн. Коомдук тартипке коркунуч туулган.

Гуджаратта болсо М.Десай ачкачылык жарыялап жатып жергиликтүү өкмөттүн отставкага кетишине жана мыйзам чыгаруучу жыйындын таркатылышына жетишкен. 1975-ж. 11-июнунда Гуджаратта өткөрүлгөн шайлоодо, ИУК(И) ге оппозицияда болуп турган Джаната фронт коалициясы жеңип чыккан.

Ошол эле күнү Аллахабад сотунун өкүмү жарыяланып, ал боюнча премьер-министр И.Гандиге коррупция жөнүндө мыйзамды бузган деген айып тагылып, аны депутаттык мандатынан ажыраткан жана «5 жыл ичинде бардык шайлануучу кызматтарды ээлөө укугуна ээ боло албасын» - деген чечим чыгарылган. Ушуга байланыштуу Д.Нараян өкмөттүн отставкага кетишин, парламенттин таркатылышын жана жаңы шайлоолордун белгиленишин талап эткен. Эгерде бул талаптар аткарылбай турган болсо бүткүл Индиялык

сатыяграхи өткөрө тургандыгын эскерткен. Бардык чиновниктерди дагы атуулдук баш ийбөөгө, өкмөттүн көрсөтмөлөрүн аткарбоого чакырган. Өкмөттүн отставкага кетишин И.Ганди өзү жетектеген партиянын 120 көрүнүктүү мүчөлөрү дагы колдоп чыгышкан. Жалпы улуттук сатыяграхи 1975-жылдын 29-июнуна белгиленген.

Ушундай оор шартта 1975-ж. 26-июнунда Индияда өзгөчө абал киргизилген. Анын шарттарына ылайык өлкөдө Конституциянын күчү, аракети токтотулган, саясий кыймылдарга тыюу салынган, цензура киргизилген, экстремистик маанайдагы 26 уюм таркатылган, 600 оппозициялык, 30 мин бул кыймылдын активистери камакка алынган.

И.Ганди эми «20 пункттан турган Программаны» ишке ашырарын жарыя кылды жана ал программа 1977-жылдын жаз айларына чейин аткарылып келди. Бул программага ылайык өлкөдө бузулган коомдук тартип калыбына келтирилген, коррупция, кылмышкерлик, базарлардагы чайкоочулук, алдамчылык менен күрөш жүргүзүлдү. Бул иш чараларды ишке ашыруу өзгөчө абал киргизилген кырдаалда бир топ жеңил болгон.

Бир эле жыл ичинде 1млн. га ашыкча жерлер мамлекетке алынып, кайрадан жери жок же жери аз дыйкандарга бөлүнүп берилген, дыйкандарга мамлекеттен кредит берүү кеңейтилген. Жакыр үй-бүлөлөргө жардам күчөтүлгөн, алардын карыздарын төлөөгө мораторий киргизилген, кызыл кулактарга болгон карыздарынан жарым-жартылай куткарылган, 7 миллиондой айыл чарба жумушчуларына (негизинен «кол тийбестер» кастасынын өкүлдөрү) турак жай куруу үчүн жер бөлүнүп берилген. Кол менен кездеме токугандарга (саны боюнча айыл чарбасында иштегендерден кийинки экинчи орунду ээлегендер) туруктуу баа менен чийки зат жана керектүү материалдарды сатып алууга шарт түзүп, чет элдик продукцияларга протекционисттик баа коюу жолу менен жардам берген.

Өкмөт атайын каражат бөлүп, жеңилдетилген кредиттерди берип, салыктан жеңилдиктерди киргизип, мурда өзү көзөмөлгө алып сыртка чыгарууга чектөө киргизилген товарлардын 2-3 бөлүгүнөн чектөөлөрдү алып салуу менен товарларды экспорттоону кеңейтүүгө шарт түзгөн.

Ошону менен бирге эле өзгөчө абал шартында кээ бир адамдар тарабынан колдоо таппай турган иш – чаралар дагы турмушка ашырылган. Аларга иш таштоолорго чыгууга тыюу салуу карыз акча алууга (заемго), айлык акысынын бир бөлүгүн депозитке салууга мажбурлоо ж. б. Андан башка дагы мыйзамдуулукту бузуу жана бийликти кыянаттык менен пайдалануулар болуп жаткан. Кийин ушундай айыптар коргоо министри Банси Лалга жана И.Гандинин уулу Санджайга («Конгресс жаштары» уюмунун лидери) тагылган.

Бирок баарынан да элдин нааразычылыгын мажбур түрүндө адамдарды стерилизациялоо компаниясы пайда кылды. Себеби кээ бир штаттарда үч балалуу адамдарды стерилизация кылуу боюнча мыйзамдар кабыл алынган. Бул үчүн миндеген медициналык көчүп жылып жүрүүчү пункттар ачылып, макулдугун бергендерге көп эмес өлчөмдөгү акча төлөө менен керектүү операцияларды жасашкан. Бул иш – чарага ылайык кээ бир штаттар план милдеттенмелерди алышып, кээ бирлери бул пландарды ашыгы менен аткарууга аракет кылышкан. Ошонун аркасында 1976-жылдын апрелинен тарта өлкө боюнча 7 млн. адам стерилизациялоодон өткөн.

Мындай аракеттер улуттук салттарга каршы келгендиктен коомдун төмөнкү жакыр катмарынын, өзгөчө төмөнкү касталар менен диндик азчылыктардын нааразычылыгын туудурган. «Кол тийбестердин» лидерлеринин бири Джангдживан Рам нааразычылык иретинде өкмөттүн курамынан чыгып, өзүнчө оппозициялык «Конгресс демократия үчүн» - деген партия түзгөн.

1976-жылы И.Ганди парламенттик шайлоо өткөрүүдөн баш тарткан. Конституцияга киргизилген түзөтүүдө Индия «социалисттик республика» деп жарыяланган. Ушундан кийин өлкөнүн ичинде жана чет мамлекеттерде Индия президенттик башкарууга өтүп, парламенттик системанын жоготулушу жонүндө сөз боло баштаган.

Саясий ушундай кырдаал, экаономиканын көзгө көрүнөрлүктөй оңоло башталышы менен коштолгон: баанын жана инфляциянын өсүшү токтотулган, өнөр жай продукциясын чыгаруу 1976-жылдагы 6,1% дан, 1977-жылы - 10,4% га чейин өскөн, 1977-жылы экспорт дароо эле 34% га валюталык резерв 2,5 эсеге же болбосо 2,6 млрд. долларга чейин өскөн.

Ошол жылдары аба ырайы дагы абдан ыңгайлуу болуп берген. 1975-жылы рекорддук түшүм жыйналып алынып, 1977-жылга 20млн.тоннага чейин дандын запасы камдалып, аны импорттоо токтотулган. Ушундай ийгиликтер коштоп турган шартта И.Ганди өзгөчө абалды токтотуп 1977-жылы март айына жаңы парламенттик шайлоолорду дайындаган.

Алдын ала эсептелген ыңгайлуу божомолдорго карабастан 1977-ж. мартта болуп өткөн шайлоолор ИУК нин толук женилиши менен аяктаган. Алар 1971-жылдагы шайлоолордо ээлеген 68% тин ордуна бар болгону бүткүл парламенттеги орундардын 28% тин ээлегенге жетишишкен.

Жеңиш Джаната парти деген ар кошкон коалицияга өткөн. Бул коалицияга И.Гандинин элдешкис каршылаштары: Конгресс уюму, Джан Сангх, Лок дал, Социалистик партия, Демократия үчүн конгресс ж.у.с. кирип, аларды ИУК(И) ни бийликтен кетирүү идеясы бириктирген. Андан кийинки алардын стратегиялык максаттары ар башка болгон. Жаңы өкмөттун башына 82 жаштагы М. Десай келген.

Оппозиция штаттарда дагы, ал гана эмес президенттик шайлоодо дагы жеңип чыккан. Индиянын президенти болуп Джанати партинин кандидаты Санджива Редди шайланган.

Эми жаңы социалдык-экономикалык багыт белгиленип, ал боюнча бюджеттен мамлекеттик секторго бөлүнгөн каражат кескин кыскартылып, жерлерди конфискациялоо токтотулган, ошол эле мезгилде майда чарбаларга жана дыйкандарга кошумча жардамдар каралган. 1977-ж. декабрда традициялык секторго дагы товарлардын 324 түрүн чыгаруу резервге калтырылып, жалпысынан анын саны –504 ко жеткирилген. Бул өкмөт дагы майда кол өнөрчүлөргө жана дыйкандарга өзгөчө көңүл бөлүп, мурдагыдай беш жылдыктарга пландоо практикасы четке кагылган.

Джанатья партия башкарган мезгилде өлкө үчүн жагымсыз жыйынтыктар дагы көп болду: инфиляция менен жумушсуздук өсүп, баалар көтөрүлгөн, иш таштолор күчөгөн. Ошолордун кесепетинен 1979 жылга улуттук дүң прадукция 3%га азайган. Өлкөдөгү социалдык кырдаал дагы курч туп диний негиздеги (1976-ж. 439 жолу катталган) жана касталар ортосундагы кагылышуулар кайрадан башталган.

И.Ганди башталган партия үчүн эң оор кезең башталды, анын катарынан чыга баштагандардын саны өстү, 1978-ж. январда партиядан мурунку коргоо министри, кадыр-барктуу Сваранг Сингх башталган топ бөлүнүп кеткен. И.Гандинин өзүнүн үстүнөн соттук териштирүү күчөп аны депутаттык мандатынан ажыраткан. Анысы аз келгенсип 1977 жана 1978-жылдары И.Ганди эки жолу камакка алынган. Жогоруда айтылгандай анын уулу Санджайга дагы көп айыптоолор тагылган.

Бирок Джанатия партиянын өзүн дагы жамандыктар чырмай баштаган, алып карасак 1979-жылдын июнунда бул коалиция өзү бөлүнүүгө дуушар болгон. Ошонун аркасында М Десай отставкага кетип, өкмөттүн башына Чаран Сингх келген, тилекке каршы бул өкмөт дагы парламенттеги көпчүлүк орундарга таяна албагандыктан жаңы шайлоолор 1980-жылдын январь айына белгиленген.

Тема боюнча тыянактар:

1. 1960-жылдардын экинчи жарымындагы Индияны чырмаган кризистин негизги себеби болуп, традициялык жана жаңы укладдардын ортосундагы ажырымды жоюдагы мамлекеттин ролу эсептелген. 1969-ж. И. Ганди өзүнүн атасы Неру жүргүзгөн социалдык –экономикалык саясатка кайрадан кайрылуу аракетин жасап көрдү.

2. Улутташтыруу саясаты активдүү жүргүзүлгөндүгүнүн натыйжасында мамлекеттин колуна улуттук экономиканын көпчүлүк бөлүгү өткөрүлгөн. Ошону менен катар ар түрдүү себептерге

байланыштуу майда өндүрүшчүлөргө жана дыйкандарга көрсөтүлгөн финансылык колдоо жетиштүү деңгээлге жеткен эмес.

3. «Ж. Нерунун курсунун» ордунан чыкпай калышы, 1970-жылдардын орто ченинде кайрадан терең кризиске алып келген. Ошонун натыйжасында калктын көпчүлүгү, ИУКнин бийликтен кетишин талап кылган Д. Нарайяндын өкмөткө каршы багытталган кыймылын колдоп чыккан.

4. Конституциялык кепилдик иш жүзүндө токтотулган шартта, өкмөттүн кайрадан тартипти орнотууга жасаган аракеттери өз жемишин берди. Экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыктары дагы үмүт байлай тургандай абалга келтирилген. Бирок, 1976-77-жылдары өкмөттүн кээ бир иш чаралары, өзгөчө стерилизациялоо саясаты элдин кыжырын кайнаткан. Индияда парламенттик демократияны жок кылып алуу коркунучу пайда болгон. 1977-жылдагы шайлоолордо оппозиция жеңишке жетишкен.

5. 1977-1980-жылдардагы Джаната партинин башкарган мезгили өлкөдөгү экономикалык жана социялдык абалдын төмөндөшүнө алып келген. Өнүгүүнүн конкреттүү маселелери боюнча ички карама-каршылыктар курчуган. Мына ушулар жыйынтыгында оппозициянын бөлүнүп-жарылуусуна жана парламенттеги көпчүлүк орундардан кол жуушуна алып келген.

№7-тема: Индия XX кылымдын аяк чегинде (1980-1990-жылдарда).

I. Экономикалык саясаттын өзгөрүшү.

1980-жылдагы шайлоолордо ИУК (И) ге бирдиктүү Джаната парти эмес, көптөгөн майда партиялар атаандаштыкка чыгышкан. Алардын программаларына жөнөкөй шайлоочунун түшүнүшү кыйын эле, ал эми Конгресс партиясы алардын аң сезиминде өлкөдөгү туруктуулуктун кепили катары сезилген.

Январь айында болуп өткөн шайлоодо И.Гандинин партиясы жеңип чыгып, парламенттеги орун дардын 67% ээ болгон. Шайлоодо жеңилүүгө дуушар болгон Джанати партии дагы бөлүнүп, андан чыккандар жаңы – Бхаратия Джаната парти – деген өз алдынча партия түзүштү.

Май айында өткөрүлгөн жергиликтүү шайлоолордо ИУК (И) орундардын 63 % ээлеп, бардык 22 штаттардын 15 де өз өкмөттөрүн түзгөнгө жетишкен.

Ушундай салтанаттуу жеңиштерге жетишкен И.Гандинин үйүндө үч айдан кийин чоң кайгы басты – авиакатастрофадан анын уулу Санджай каза тапкан. Ал өлгөндөн кийин анын иниси Раджив агасынын ордун басып саясий ишмердикке аралаша баштаган.

Бийликке кайрылып келгенден кийин И.Ганди өлкөдөгү экономикалык саясатты түп тамырынан бери өзгөртүү чечимин кабыл алды. Мунун себептери көп эле. Анын ичинен мурунку экономикалык саясаттын ийгиликсиз аякташы, дүйнөлүк экономикадагы өзгөрүүлөр: муңайга болгон баанын өсүп кетиши, өнүккөн өлкөлөрдө эң жаңы технологияларга өтүү, структуралык процесстер. Андан башка Индия өкмөтүнүн өзүнүн финансылык каражаттарынын жетишсиздигинен эл аралык финансылык институттарга жардам сурап кайрылууга аргасыз болушу, ал эми өз кезегинде алардын Индияга кысым көрсөтүшү дагы түрткү берди.

М.: 1980-жылы ноябрда Дүйнөлүк валюта фонду (ДВФ) жаңы кредит берүү үчүн төмөндөгүдөй шарттарды койгон: а) салыктардын өлчөмүн төмөндөтүү, б) социалдык чыгымдарды азайтуу, в) дан эгиндерин сатып алууга акча бөлүүнү токтотуу, г) импорттук тарифтердин өлчөмүн азайтуу. Ушундай шарттар менен гана Индия 5 млрд. доллар өлчөмүндөгү кредит алууга жетишкен.

Индиянын өзгөртүлгөн экономикалык саясатынын маңызы төмөндөгүдөй болгон:

биринчиден, мамлекеттик сектордун жана ага бюджеттен бөлүнгөн каражаттын кыскарышы;

экинчиден, экономикага мамлекеттин кийлигишүүсүн чектөө, башкача айтканда, импорттук пошлиналардын өлчөмүн азайтуу,

экспортту либерализациялоо*, чет элдик инвестицияларга* жана чет элдик технологияларды жайылтууга каршы болгон чектөөлөрдү алып салу;

үчүнчүдөн, түз төлөнүүчү салыктардын өлчөмүн азайтуу, ошонун аркасында ички инвестициялардын келишине шарт түзүү;

төртүнчүдөн, дан эгиндерин сатып алууга жана социалдык жардамдарга бөлүнүүчү каражаттын көлөмүн азайтуу.

Ушул иш чаралардын турмушка ашырыла башташы өлкөнүн экономикасынын жандануусуна алып келди. 1982-жылдан баштап өнөр жай өндүрүшүнүн жылдык өсүшү - 4-5%; айыл чарба өндүрүшү - 9% болуп, 1985-жылы 150 миллион тонна эгин жыйналып алынган.

Экспорт өсө баштап, тышкы соодадагы тескери сальдо* кыскарган, валюта боюнча абал дагы оңоло баштаган. Индияга чет элдик капиталдар келе баштап, чет элдик корпорациялардын* ишмердигинин үстүнөн болгон көзөмөл жумшарган, жаңы технологияларды жана алдыңкы тажрыйбаларды алмашуу колдоого алынган.

Өкмөттүн агрардык инфраструктуранын өнүгүшүнө көңүл буруусу күчөгөн. Айыл калкынын социалдык муктаждыктарына өтө көп каражаттар бөлүнө баштаган. Айыл жерлерин электрлештирүүгө зор маани берилип, 1981-1985-жылдары электрлештирилген айыл кыштактардын саны 1/3, же болбосо 100 миңге көбөйгөн. Ушундай иш – чараларга карабастан Индия дагы деле жакырлардын өлкөсү бойдон калган. Жакырлар өлкөнүн жалпы калкынын 1980-жылы – 51% түзгөн болсо, бул көрсөткүч 1984-жылы – 37 %, 1990-жылы – 23% түзгөн.

1980-1990-жылдар тогошкон мезгилде Индиянын экономикалык абалы кайрадан оорлошо баштаган. Бул мезгилде Индия дүйнөлүк экономикага жетишүү деңгээлде жуурулушуп калгандыктан, дүйнөдө болуп жаткан жаңы агымдардан четте калууга мүмкүн эмес эле. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөй эле Индияда дагы экономикалык өсүш токтоп, инфляция өскөн, экспорт кыскарган жана валютанын алтын түрүндөгү резерви* кыскарган.

Мындай абал өкмөттү жаңы рыноктук реформаларды жүргүзүүгө түрткөн. Биринчиден, мамлекеттик сектордун тездик менен кыскартылышы башталып, мамлекеттик ири ишканалар приватташтырылып* жатты. Ушундай реформалоонун негизинде мамлекеттин колунда темир жолдор жана энергетика, андан башка металлургиялык өндүрүштүн 40%, өндүрүш жабдууларын чыгаруу, атомдук жана коргонуу өнөр жай ишканалары, граждандык авиация менен деңиз транспортунун бир бөлүгү калган. Азыркы мезгилде бардык экономикалык продуктунун (УДП) ¾ жеке сектор өндүрүп чыгарат.

Экинчиден, экономикага мамлекеттин кийлигишүүсү азайтылган башкача айтканда, бийлик экономикалык ишкердикке лицензия берүү укугунан баш тарткан, административдик көзөмөл жүргүзүүнү жана жөнгө салууну азайткан.

Булардан башка эң чукул иш-чаралар дагы жүзөгө ашырыла баштаган. М.: Индиянын финансы министри Монмохан Сингх рупийдин девальвациялап, тарифтерди азайткан, салык реформасын жүргүзүп, валюталык резервди толуктаган, ошолордун негизинде экономика акырындап оңоло баштаган: адегенде жылдык өсүш 3,9% түзсө, 2000-жылы 9,1 % чейин жеткен.

2000-жылга Индия көптөгөн ийгиликтерге жетишкен. М: Анын дүң продуктусу Россиянын көрсөткүчүнөн алда канча ашып кеткен. Кээ бир адистердин ою боюнча 2015-жылга Индия Япониянын экономикалык өнүгүү деңгээлине жете алат. Анын ички кудурети 30 жыл бою улуттук дүң продуктунун өсүшүн орточо 9% деңгээлинде кармап турууга жетет. Индия 2000-жылга өзүнүн валюталык корунун алтын менен эсептеген деңгээлин 30 млрд доллардан ашырып, ал эми мунай өндүрүүнүн деңгээлин 34 миллион тоннага жеткирген.

Айыл чарба өндүрүшүндө дагы алгылыктуу жылыштар болуп жаткан. Алсак, 1992-жылдан Индия дан-эгиндерин экспорттоону баштаган, ал эми 1999-жылы дандын жылдык түшүмү 203 миллион тоннаны түзгөн. XX кылымдын аягында өлкөнүн жалпы товарларды экспортоосунун көлөмү 36 млрд долларга жетип, анын ичинде жогорку технологиялык товарлар бар экендигин дагы белгилей кетүү абзел. Мисалга, 1997-жылы Индия 3 млрд долларга жогорку сапаттагы компьютердик программаларды саткан. Адистердин эсептөөсү боюнча бул көрсөткүч 2002-жылы 5 млрд долларды түзсө, 2006-жылы анын деңгээли 10 эсеге өсүп, 50 млрд долларга жетет деп болжолдонгон.

Компьютердик программалоо менен алектенген жогорку деңгээлдеги адистердин саны боюнча Индия дүйнөдө АКШ дан кийинки 2-орунга чыкса, илимий-техникалык кызматкерлердин жалпы саны боюнча 3-орунга көтөрүлө алган. Аталган тармактар боюнча АКШда индиялыктарды жан дили менен ишке кабыл алышкан, айталы дүйнөгө атагы чыккан американын Силикон өрөөнүндөгү «Майкрософт» компаниясынын кызматкерлеринин 30% индиялыктар түзгөн.

Жалпысынан Индиянын жогорку технология жаатында жетишкен ийгиликтери таң каларлык деңгээлге жеткен. 1988-жылы Пуна шаарында жогорку технологияларды иштеп чыгаруу борбору түзүлгөн, ал эми андан 10 жылдан кийин 1998-жылы Индиялыктар секундасына триллиондон ашык математикалык операцияларды жасоого жөндөмдүү «Парам-10000» деген супер-компьютерди жасап чыгарышкан.Бул Азиядагы Япониянын кийинки ушундай

кубаттуулуктагы экинчи компьютер болуп, Индияны ушул тармак боюнча дүйнөдөгү эң алдыңкы өлкөлөрдүн катарына кошкон. Ал гана турсун ушул технологияга таянып, Индияда молекулярдык биология, мунай жана газды чалгындоо, климаттын сырларын изилдөө жаатында кеңири масштабдагы иштер жүргүзүлө баштаган. Кылым тогошоор мезгилде Россия дагы Индияга «Парам-10000» компьютерин заказ кылган.

2000-жылга Индиянын тышкы соодасынын 60% Батыштын өнүккөн өлкөлөрү менен жүргүзүлгөн. Чет өлкөлөрдө жашаган индиялыктардын жалпы саны 14 миллиондон ашып, алардын көпчүлүгүн байыган адамдар түзөт. Америка Кошмо штаттарында жашаган индиялыктардын саны 1,3 миллион адамга жетип, алар бай этникалык общинаны түзөт. Чет өлкөлөрдөн индиялыктардын мекенине которгон акчалары эле жыл сайын 1 млрд доллардан ашкан. Акыркы жылдары Индияга чет элдик инвестициялардын агымы дагы көбөйө баштаган.

Жогоруда келтирилген ийгиликтер менен катар Индияда кыйынчылык менен чечиле турган экономикалык маселелер сакталып калган:

1. экономикадагы традициялык секторду сактап калу үчүн – Бул секторго 500 дөн ашык товарлардын түрүн чыгаруу бекитилип берилген. Айталык, ушундай татаал өндүрүш болгон станокторду жана электр приборлордун 60% майда ишканаларда жасап чыгарылган, ал эми текстиль өндүрүшүнүн теңинен көбүрөөгү кол өнөрчүлөр өндүрүшүнө тура келген.

Эң жөнөкөй эсеп боюнча 10 миллион рупий өлчөмүндө инвестиция салынса ал жаңы сектордо 360 жумушчу орунду, майда ишканаларда - 1200, ал эми традициялык сектордо 5,5 миң жумушчу орунду түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

2. айыл чарбасындагы калктын саны тынымсыз көбөйүп турган. Индиянын жер аянтынын теңинен көбүрөөгү айдоо аянтына айландырылган. Бул көрсөткүч дүйнөдөгү эң көп көрсөткүч болуп эсептелинет. Мисалы: АКШнын территориясынын айдоо аянты бар болгону-16% ды, Японияда-15%, Кытайда-11% ды түзөт. Ошондуктан Индияда айдоо аянтын мындан дагы көбөйтүү мүмкүнчүлүгү жокко эсе. Дагы көп эле болсо 20 миллион га айдоо жери кошулушу мүмкүн. «Жашыл революция» бар болгону чарбалардын 20% тин өзүнө камтыган. 35 млндай дыйкандардын жер аянты 1 гадан аз өлчөмдү түзөт. Ошондуктан бул маселе боюнча дагы Индия эки ача жолдун алдында турат: же натыйжаны көбүрөөк берүүчү фермердик чарбаларды түзүүгө өтүү, же болбосо азыраактан болсо дагы жер бөлүп, калкты иш менен камсыз кылуу саясатын улантуу.

Булардан башка өлкөнүн калкынын социалдык абалында дагы көп маселелер бышып жетилген. Мисалга, киреше алууда дагы

теңсиздик келип чыккан. Болжол менен жаңы укладда эмгектенген бүткүл калктын 20% түзгөн бөлүгү жалпы улуттук доходдун теңинен көбүн керектеген.

Өлкөдөгү жакырчылык маселеси дагы оор бойдон калган. Бирок Индия элинин бактысына жараша акыркы жылдары болуп көрбөгөндөй деңгээлдеги экономикалык жана социалдык маселелерди өлкө өз күчү менен гана чечип келген. Ошонун аркасында Индияда орточо таптын деңгээлине жеткендердин саны 300 миллионго барып калган.

II. Ички саясий кырдаалдын өнүгүшү.

Саясий бийликти кайрадан колуна алган И.Ганди Пенджабга байланышкан оор маселелерге кабылган. Бул жердин калкы Сиххилер көптөн бери эле бул штатка көбүрөөк автономиялык укуктарды берүүнү, Пенджаб менен Харьяна штаттарынын жалпы борбору Чандигарх шаарын өздөрүнө өткөрүп алууну жана Инд дарыясынын суусун кайрадан бөлүштүрүүнү талап кылып келишкен.

Джаната парти бийликте турган мезгилде деле сиххилер Конгрессчилерге каршы күрөштү улантышкан. 1978-жылы Дал Халса уюму ал гана турсун Халистан мамлекетин түзүүнү талап кылган.

1983-жылы Пенджабда-марча-деп аталган атуулдук баш ийбөө компаниясы башталып, ал индуисттерге каршы террорго өсүп чыккан. Анын айынан 5 миңден ашуун адам каза таап, куралдуу адамдар 40 ка жакын сиххилердин ыйык жерлерин, анын ичинде-Амритсардагы алтын храмды дагы өз колдоруна алып алышкан.

Буга жооп кылып И.Ганди аскерлерге ыйык жайларды экстремисттерден тазалоого буйрук берген. 1984-жылы июндагы Алтын храмды бошотуу операциясы мезгилинде эле (танкалар пайдаланылып) 1 миңден ашык сиххилер өлтүрүлгөн. Жаалданган сиххилердин куралдуу күчтөрү Алтын храмды экинчи жолу тартып алганда, Индиянын аскерлери кайрадан кыйратуучу сокку урган. Буга жооп кылып 1984-жылы 30-октябрда улуту сиххи болгон өзүнүн эки жан сакчылары И.Гандини өлтүрүшкөн.

Ошондон көп өтпөй эле 28-декабрда өткөрүлгөн парламенттик шайлоолордо ИУК (И) 80% орунду ээлеп - болуп көрбөгөндөй жеңишке жетишкен. Конгресстин жетекчилеринин сунушу менен өлкөнүн премьер-министрлик кызматын И.Гандинин уулу, 1983-жылдан бери партиянын генералдык секретары болуп келген – Раджив Ганди ээледи.

Р.Ганди мүнөзү жагынан атак-даңкка умтулбаган, түнтүрөөк адам болгондуктан көпчүлүк саясий ишмерлер аны аты бар, заты жок жеткчи болот го деп болжолдошкон эле. Иш жүзүндө биринчи эле жылы өзүн чыныгы лидер катары көрсөтө алды, өзүнүн токтоо

мүнөзүн чечкиндүүлүк менен айкалыштырып, ага кошумча анык чынчылдыгын көрсөтө алды. Ал 1985-жылы 24-июнда Акали дал партиясынын лидери С.Лонговал менен келишимге кол койгонго жетишкен. Бул келишимдин шарты боюнча Чандигарх шаары Пенджабдын курамына өткөрүлүп берилип, анын ордуна Харьяна штаты бир нече чек ара кыштактарын, аларга кошуп Инд дарыясынын бир агымын (тарамын) өзүнө ыйгарып алууга жетишкен. Бул чечим Акали дал партиясынын Пенджабда 1985-жылы сентябрда өткөрүлгөн шайлоодо жеңип чыгуусуна, ошондой эле Р.Гандинин баркынын өсүшүнө алып келген. Тилекке каршы көп өтпөй Лонговал сиххилик экстремисттер тарабынан киши колдуу болуп өлтүрүлгөн.

Кийинки жылдары Р.Гандинин кээ бир штаттардагы кадыр-баркы төмөндөй баштап, 1986-жылы сиххилер менен түзүлгөн келишим өз күчүн жоготкон, анткени, экстремисттер Алтын храмды кайрадан басып алышып, ал гана турсун аны индустар булгап салышты деген шылтоо менен бузуп тыптыйпыл кылуу чакырыгы менен чыгышкан. Аскерлер аларды храмдан кайрадан сүрүп чыгарышкан, бирок, Пенджабдагы карама-каршылыктар улана берген.

Р.Гандинин жеке кадыры коррупцияга каршы ийгиликсиз жүргүзүлгөн күрөштөн төмөндөй берген. Өкмөттүн курамындагы өтө бедели жогору болгон коргоо министри В.П.Сингхтин аскердик курал-жарактарды сатып алуу боюнча түзгөн контрактарга байланышкан финансылык чыр-чатактын аркасында отставкага кетүүсү дагы Р.Гандиге залакасын тийгизген. Анын жүргүзгөн тышкы саясатында дагы бир топ кемчиликтер орун алган. Алып карасак, анын Пакистан менен Индиянын мамилелерин жакшыртууга болгон аракети ордунан чыкпай, 1987-жылы тамиль сепаратистерин басууга жардам берүү үчүн Шри Ланкага жиберген Индиянын аскерлери 1989-жылы жайында жаманатты болуп келиши дагы өз кедергисин тийгизбей койгон жок.

Ошонун негизинде 1989-жылы шайлоолордо Р.Ганди ар кошкон союзга утулуп калып, өкмөт башына Вишванатх-Пратап Сингх келген. 1990-жылы ноябрда Р.Гандинин колдоосун алган Чандра Шекхар алмаштырган. 1991-жылы 21-майда Р.Ганди дагы Түштүк Индиялык тамиль террористи тарабынан киши колдуу болуп каза тапкан.

1991-жылдагы шайлоолордо ИУК (И) көпчүлүк орундарга ээ болуп, бийликке анын лидери Нарасимха Рао келген. Ал оңчулдар менен дагы, солчулдар менен дагы эпке келишүү жолу менен партиянын катарын бир топ чыңдоого жетишкен. Өлкөдөгү жалпы кырдаал дагы жөнгө салына баштаган. Экономикалык абал турукташып, Пенжабдагы сиххилердин жаалы басандай баштаган. Негизги саясий атаандаш Бхаратии Джаната партии (БДП) 1993-

жылдагы шайлоолордо чоң жоготууларга учурап, бөлүнүп-жарылар абалда калган. Ошого карабастан мезгилдүү басма сөз беттеринде ИУК (И) партиясын коррупцияга малынган деген күнөө коюулар күчөгөн. 1993-жылдан Индия өкмөтүнүн башына ИУК (И) нин дагы бир ишмери Кумар Гуджрал келип олтурган. Кийинки жылы штаттарда болгон шайлоолордо бул башкаруучу партия бир топ жеңилүүлөргө учурап, ал эми 1996-жылы майда болгон жалпы шайлоолордо позициясын андан дагы көбүрөөк бошоңдотуп алган. Тескерисинче майда партиялардын абалы жакшырган. Ал эми БДП партиясы парламентте161 орун жеңип алып, анын лидерлери А.Б.Ваджпаи менен Л.К. Адванилердин кадыры өскөн.

Премьер-министрлик орунду Бириккен фронттун лидери Х.Д.Деве Гоуда ээлеген. Бул коалицияга көптөгөн солчул жана ортолук позициядагы күчтөр биригишкен, бирок парламенте көпчүлүк орунду ала алышпагандыктан жыл айланбай өкмөттүн башына 21-апрель 1997-жылы кайрадан Кумар Гуджарал келип башкаруу тизгинин өз колуна алган.

1998-жылы февраль айында чукул чакырылган парламенттик шайлоолор болуп өтүп, анын жыйынтыгында негизги утуш 182 орун ээлеген БДПнын колуна тийген. Анын лидери Аттар Битали Ваджпан дагы 18-майда партиялардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жаңы коалициялык өкмөт түзгөн. Кийинки жылдардагы кезектеги парламенттик шайлоолордо БДП утушун андан ары чыңдап, эми 24-майда партиялардын коалициясынын өкмөтүн түзө алды.

Ал эми ИУК (И) партиясы 1998-жылдан баштап оппозицияга өткөн, анын башында өлтүрүлгөн Р.Гандинин жесири Соня Ганди турат. Анын артынан Нерунун үй-бүлөсүнүн кийинки муундары өсүп келе жатат-алар: Радживдин уулу Рахул Ганди жана кызы Приянка. Аларды жакшы билгендердин айтууларына караганда Нерунун бул урпактарынын келечеги чоң.

III. Азыркы мезгилдеги Индиянын диний-этникалык жана касталык маселелери.

Индиянын диний-этникалык маселелери диндик мүнөзгө ээ

1. Пенджабдагы сиххилердин маселелери чечилбей калып жатат, бул маселе өзгөчө 1980-жылдардын биринчи жарымында өтө курчуп, И.Гандинин өлүмүнө алып келген. Кийин 1985-жылы абалды жөнгө салуу боюнча келишимге кол коюлганы менен, анын шарттары бир нече жолу бузулган, бирок, кантсе да 1990-жылдары сиххилердин ачык күрөшү бир аз тынчып калган. Жалпысынан бул жаңжал убагында 250 миңге жакын адамдардын өмүрү кыйылган.

Халистан мамлекетин түзүүнүн ураанын көтөргөн экстремистерди сиххилердин баары эле колдогон эмес. Алар Индиянын ар түрдүү аймактарында жашашып, коомдо активдүү орун ээлеп келишкен. Айталык индиялык армиянын жана коопсуздук күчтөрүнүн офицерлеринин 90%, бай фермерлердин, көптөгөн мамлекеттик компаниялардын директорлору сиххи улутундагылар болушат.

Пенджаб штаты өзү эле өлкөдө өндүрүлгөн буудайдын 1/5 берип, өнүккөн өнөр жайдын, өзгөчө электрондук өнөр жай жана алдыңкы технологиялардын борборуна айланган.

2. Ассам штатында этникалык маселелер 1980-жылдардын башталышында курчуган. 20 миллион ассамдыктардын арасында көпчүлүгү Бангладештен качып келишкен 5 миллион бенгалдыктар жашайт. «Чет элдиктерди Ассамдан кууп чыгабыз» деген ураандын астында башталган студенттердин кыймылы адегенде сатьяграхи түрүндө жүрүп, 1983-жылы апрель айында кандуу кыргынга айланып кеткен. Жаңыдан өкмөт башына шайланган Раджив Гандинин Ассамга келип маселени жеринде чечүүгө жасаган аракетинен майнап чыккан жок. Ассамдыктар өкмөттүн бардык аракеттерин каршылык көрсөтүү менен тосуп алып жаткан.

Мындай каршы чыгуулардын артында турмушта боло келгендей коомдун кээ бир катмарларынын өз кызыкчылыктары болгон. Мисалы, ассамдык аткаминерлер менен интеллигенттер англичандар бийлик кылып турган мезгилдерден эле мамлекеттик аппараттан жылуу-жумшак жерлерди ээлеп келишкен бенгалдыктардын конкуренциясынан чочулашкан. Жергиликтүү бизнесмендер Батыш Индиядан чыгышып, азыр дагы өлкөнүн бардык аймактарында ийгиликтүү иш жүргүзүп жатышкан, марвари кастасынын ири бизнесинен чочулашкан.

Дагы бир жергиликтүү ассамдыктарды капа кылган жагдай Ассамда мунайдын көпчүлүк бөлүгү өндүрүлүп, дүйнөдөгү эң мыкты чай өстүрүлгөнүнө карабай, алардан түшкөн киреше «адилетсиздик менен бөлүштүрүлгөн». Абалды тынчтык менен жөнгө салуу келишимине 15-августа 1985-жылы зор кыйынчылыктар менен жетишилген. Карама-каршылыктар адегенде өз күчүн жогото баштаган, бирок 1990-жылдын ноябрь айында штатта президенттик башкаруу киргизилип, куралчан күжүрмөн топторго каршы аскердик операциялар башталган. Өзгөчө кырдаал (президенттик башкаруу) 1991-жылы июнда алынып салынган, ал эми 1999-жылдын май айынан куралчан күжүрмөн топторго каршы эң чоң аскердик операция жүргүзүлүп, анын натыйжасында штаттагы абал тынчый баштаганы байкалат.

3. Тамилдер маселеси Индия менен коңшу Цейлондогу (Шри Ланка) абал менен байланышкан. Анткени ал жерде Түштүк Индиядан

чыгышка тамилдер Цейлондо автономиялык укук же өз алдынчалык учун күрөш жүргүзүп келишет Индиянын Тамилнад штатынын калкы кандаштарынын бул күрөшүнө ар тараптуу колдоо көрсөтүп алардын жергиликтуу уюму болгон «Тамил-Иламды азаттыкка чыгаруучу жолборстор» уюмуна жардам беришип, алардын куралдуу топторун баш калкалатышып, аларды курал – жарак менен жабдып келишет. Индия өкмөтүнүн бул маселе боюнча катуу чараларды көрүү аракети, акыр түбү 1991-жылы мурунку премер – министр Раджив Гандинин киши колдуу болуп ажал табышына алып келген.

4. **Кашмир маселеси** 1947-жылы Кашмирдин махараджасы Хари Сингх Индиянын курамынан чыгып кетүү аракетин баштаган мезгилден пайда болгон. Кашмирдин калкынын көпчүлүгүн мусулмандар түзгөнү менен, бул аймактын ¾ бөлүгүн Индиялык Джамму жана Кашмир штаты ээлейт. А калган Пакистан аскерлеринин кол алдындагы калган бөлүгүндө формалдуу түрдө эркин аймак болуп эсептелген Азад Кашмир түзүлгөн.

Ошол мезгилден бери карай Кашмир маселеси эки өлкөнү тең чыңалуу абалында кармап турат, бир нече ирет согуштук аракет дагы болуп кеткен. Индиянын өзүндө саны жүз миллиондон ашык адамды түзгөн мусулмандар жамааты менен болгон мамиле дагы татаалдашып кеткен.

Кашмирдин Индияга тиешелүү бөлүгүнүн башында эл арасында кадыр-барктуу мусулмандардан чыккан саясий ишмер шейх Абдулла турган. Ал 1953-жылы камакка алынып, 1965-жылы абактан бошотулган. 1975-жылдын башында шейх Абдулла Кашмирди штаттык укуктары кепилдикке алынган индиянын ажырагыс бир бөлүгү катары тааныган. Ал, 1983-жылы өзү өлгөнгө чейин Индиялык Кашмирди башкарып келген. Анын мураскору катары уулу – Фарух Абдулла башкарууну өз колуна алган. Бирок 1980-жылдардын аяк ченинде кырдаал татаалдашып кеткен. Себеби Джамму менен Кашмирди азатыкка чыгаруу фронту деп аталып, көз карандысыздыкты талап кылган кыймыл жандана баштады. штатта жашаган индуистерге каршы террор башталып, алар Кашмирден кача баштаган. Алардын ичинде индиянын эң жогорку брахмандар кастасынан чыккан 400 миңдей брахман-кандиддер дагы бар эле. Бул аймакта өтө олуттуу баш аламандыктар орун алып, көптөгөн адамдар курман болушкан. Ушундай оор кырдаалда Индия өкмөтү Ф.Абдулланы бийликтен четтетип, штатта президенттик башкаруу киргизген. Абалды жөнгө салуу үчүн Кашмирге 600 миңдей аскерлер жөнөтүлүп, алар азыр дагы мусулмандар менен индустардын ортосундагы кагылышууларды басуу максатында антитеррористик операцияларды жүргүзүп жатышат.

5. Акыркы жылдарда **Индиялык федерализм** боюнча талкуу күч алып бара жатат. Айталык 2000-жылы августа парламент тарабынан

кабыл алынган Конституцияга 84-чү түзөтүү боюнча үч жаңы штаттар-Чаттисгарх, Уттаранчал жана Джаркханд түзүлгөн. Алар хинди тилинде сүйлөгөн, калкынын көпчүлүгү бөлөк-бөлөк уруулардан турган – Мадхья-Прадеж, Уттар-Прадеж жана Бихар штаттарынан бөлүнүп чыккан. Адистердин божомолдору боюнча Индиядагы штаттардын жалпы саны 58 жетиши мүмкүн (азыр алардын саны 28 жетти, ал эми 1956-жылы бар болгону 14 штат түзүлгөн болуучу).

6. Индиядагы эң манилүү проблемалардын бири дин маселеси болуп келе жатат. 1947-жылы индия динден ажыратылган атуулдук мамлекет деп жарыяланган, бирок ошол мезгилден тарта эле өлкөдө Хинду Махасабха, Раштрия Сваямсевак, Сангх, Шив Сена, Рам Раджья Паришад, Джана Сингх сыяктуу индуистик шовинистик* уюмдар ачык эле өз аракеттерин жүргүзүп келишкен. Алардын жалпы максаты Индияны индуистик мамлекет деп жарыялоо эле. Мындай аракеттерди козуткан, фундаментализм* ураандары менен чыгып жатышкан, исламдык экстремистери болгондугун дагы белгилей кеткенибиз орундуу.

Белгилүү болгондой исламдык эреже, негизги принциптер боюнча, эгерде еврейлер (жөөттөр) менен христиандар «колдоочулары бар» статусу бар деп эсептелишсе, анда индуистер политеистик* диндин өкүлдөрү катары ислам динине өтүп кетүүлөрү, же болбосо биротоло эле жок кылынуулары керек. 1980-жылы индуистик диндик идеяларды коргоого алган Бхатрия Джаната партии (БДП) түзүлүп, 1990-жылы түндүк индияда мечиттерди талкалап, алардын ордуна индуистик храмдарды курууга чакырган бул партиянын лидери Л.К.Адвани камака алынган.

1992-жылы декабрь айында топтошкон индуистик фанатиктер* Айодхьядагы (Уттар-Прадеж штаты) Бабурдун мечитин бузуп салышкан. Мындай аракеттерге бийлик дагы тоскоолдук кыла албай диний жамааттардын ортосундагы мамилелер курчуп кеткен. 1998-жылдан өкмөттүн башына БДП келген мезгилден тарта индияны индуистердин өлкөсүнө айландыруу мүмкүнчүлүгү артты.

7. Индияда касталык маселе дагы өтө курч абалда, анткени калктын ¾ бөлүгүн төмөнкү кастадагылар түзүп, алардын ичинен 15,5 % - далиттер же хариджандар, мурунку «кол тийбестер» болуп эсептелишет. Өнүккөн касталар калктын 17,6% барабар болсо алардын 5,5 % мамлекеттик жогорку кызматтардын 63% ээлешкен брахмандар түзүшөт. Индиянын бардык өкмөттөрү жогоруда көрсөтүлгөндөй туура эмес абалды оңдоп, арта калган касталардын бир аз болсо дагы коомдогу абалын көтөрүү максатында аларга мамлекеттик сектордогу билим берүү жаатында, административдик аппаратта иштөөлөрү үчүн кызмат орундарды атайлап бөлүп берип турган. 1978-жылы Джаната парти бийликте турган мезгилде артта

калган касталардын коомдогу абалын текшерүү максатында атайын комиссия түзүлүп, ал 1980-жылы бул төмөнкү касталар үчүн атайын бийлик органдарында орундарды резервке алып коюу жөнүндө сунуш киргизген. Өкмөттүн моюн толгогондугуна карабастан бул сунуштар парламентте каралып, далиттер үчүн орундарды сактап туруу чечими кабыл алынган. Мындай чечимге каршы чыгышкан Джаната партиинин ишмерлери 1980-жылы андан бөлүнүшүп, кийинки мезгилдерде өкмөттүн башында турган Бхатрия Джаната партини түзүштү. Ошого карабастан 1997-жылдын 25-июлунда индиянын президенти болуп өзү далиттерден чыккан Кочерил Раман Нараянан шайланган. Ал дагы жогорку кастадагылардын көңүлүн төмөнкү кастадагылардын абалына бурууга аракеттенип келе жатат.

8. Индия, калкынын саны тез өсүп жаткан өлкөлөрдүн арасында, алдыңкы сапта келе жаткан өлкө. Анын калкынын саны 2001-жылы эле – 1 млрд. 27 миллион адамды түзгөн, башкача айтканда азыр жер жүзүндөгү ар бир алтынчы адам – индиялык. Мындай өсүш экинчи жагынан көптөгөн социалдык маселелерди жаратып келет. Алардын көпчүлүгү традициялык жана жаңы заманбап секторлордогу адамдардын кирешелеринин ортосундагы айырмачылыкка байланышкан. Болжол менен алганда Индиядагы калктын 300 миллионунун кирешесинин деңгээли өнүккөн өлкөлөрдөгү калктын жан башына бөлө келгендеги кирешесине барабар. Так ошолор өлкөнүн «орточо табын» түзөт. Тилекке каршы калктын калган бөлүгүнүн ахыбалы бир топ эле начар абалда экендигин белгилей кетишибиз абзел.

Тактап айтсак калктын 20% Индияда расмий түрдө белгиленип коюлган жакырчылыктын чегинен (1 жылда 100 доллар) да төмөн. Иш жүзүндө калктын 35 миллиону жумушсуздар (4,3 %). Балдардын жарымына жакыны ар дайым тое тамак ичпегендер, ошонун кесепетинен өлкөдө кез кези менен жугуштуу оорулар болуп турат.

Индиянын алдында турган өтө курч маселелердин болгондугуна карабастан, бул өлкө мүмкүн болушунча аларды жеңип келүүгө аракети дурус. Индиянын согуштан кийинки мезгилдерде жетишкен ийгиликтери таң калтырбай койбойт. Башкасын айтпай койгондо дагы, ушул мезгилдердеги өлкөнүн калкынын өмүрү эки эсеге узаргандыгын, азык-түлүк маселесинин чечилгендигин, экономикасынын өсүшүнүн деңгээли жыл сайын 6 % жеткендигин белгилебей кое албайбыз. Азыркы күндө индия дүйнөдөгү ылдам өнүгүп бара жаткан он өлкөнүн катарында. Саясий жактан - дүйнөдөгү эң ири демократияның өлкөсү. Таң калыштуу жагдай: Өлкөдө бир бүтүндүк, биримдик сакталып жаткандыгы менен, ошол эле мезгилде аймактардагы маданий өзгөчөлүктөр дагы жашап келе жатат десек жаңылышпайбыз.

Тема боюнча корутундулар:

1. 1980-жылдан ИУК (И) нин өкмөтү өзүнүн экономикалык саясатын чукул өзгөртүп рыноктук реформаларды өнүктүрүүгө багыт алат. Бул реформалар 1991-жылы бийликке кайра келгенден кийин андан ары улантылган. Ошонун аркасында Индия болуп көрбөгөндөй экономикалык прогресске жетишип, анын жыл сайын өнүгүшү кийинки жылдарда 9 % ашкан.
2. 1980-жылдары көптөгөн саясий катаклизмге карабастан ИУК (И) саясий бийлигин сактап турган. Бирок 1989-жылы парламенттик шайлоолордо жеңилип калып оппозицияга өтүүгө аргасыз болгон.
3. 1991-жылы ИУК (И) кайрадан өкмөттүн башына келип, анын бийлиги 1998-жылга чейин созулду, анын ичинде 3 жыл бою бир нече партиялар менен коалиция түзүүгө тураа келген. 1998-жылдын февраль айынан баштап өкмөт башына ондогон майда партиялар менен коалиция түзгөн БДП келген. Ал эми ИУК (И) кайрадан оппозицияга өткөн.
4. Бүгүнкү күндөрү Индия олуттуу обьективдүү мүнөздөгү проблемаларды чечүүнү башынан кечирип, аларды чечүүгө зор ынтызарлык менен аракет кылып жатат же аларды жаңы тарыхый шартка ыңгайлаштыруу үчүн күрөшүүдө.

№8-тема: Индияның тышкы саясаты (1947-2000).

I. Д.Нерунин «бейтараптык» саясатынын калыптанышы.

1947-жылдагы кыргын учуруна туш болгон өлкөнүн көз карандысыздыгы Индия менен Пакистандын өз ара мамилелерин душмандык нукка бурду.

1947-жылы октябрь айында эле Пакистандын түндүк-батыш чек ара провинциясында жашаган пуштун* уруулары Кашмирдин Пунч деп аталган княздыгынын аймагына басып кириштн. Ал жердин махараджасы Хари Сингх жардам сурап Индия өкмөтүнө кайрылып, ошол эле заматта Индияга кошулаарын жарыя кылды.

Ошентип, Кашмирде өзүнчө бир татаал кырдаал пайда болгон: калкынын 4/5 мусулмандар түзгөн, бирок башка ушундай мусулмандары көп аймактарга салыштырмалуу Мусулмандар лигасынын бул аймакта эч кандай таасири жок болгон. Кашмирликтердин көпчүлүгү княздарга каршы чыгышып, негизинен эки уюмга: башында эл арасында таасири күч шейх Мухаммед Абдулла турган Улууттук конференцияга (анын катарында индустар дагы бар эле) жана Кашмирдик Мусулмандар конференциясына (таза мусулмандар уюму) чоң урмат менен мамиле кылышкан. Өз кезегинде Улуттук конференция менен башында М.К.Ганди турган Индия Улуттук конгреси (ИУК) өз ара жакшы мамиледе болушкан.

Жогоруда айтылгандай Хари Сингхтин Индиянын курамына биригүү жөнүндөгү билдирүүсүнөн кийин эле, бул княздыктын борбору Сринагарга Индиялык аскерлер киргизилген. Пакистан дагы Кашмирдин өзүнө караштуу аймагына өз аскерлерин киргизип, Кашмир үчүн эки өлкөнүн ортосундагы биринчи согуш оту тутанган. Бул маселе Бириккен Улуттар Уюмунда (БУУ) каралып, согушкан эки тарапка тең согушту токтотуп (1949-жылдын 1-январында токтотулган), Кашмир боюнча плебисцит* өткөрүү милдеттендирилген (бул болсо кагаз жүзүндө эле калтырылган).

Согуш отунун ошентип өчүрүлүшү Кашмирде кокусунан белгиленген чийин боюнча эле бөлүнүп калышына алып келген. Анын батыш бөлүгү Пакистандын курамына кирип-кийинчерээк ал аймакта Азод Кашмир деген формалдуу түрдө эркин зона пайда болгон. Кашмирдин аянтынын ¾ бөлүгү Индияга өтүп кеткен. 1949-жылы ал жердин князы бийликтен кеткенден кийин, премьер министри шейх Абдулла башкарып калган. Бирок, ал 1953-жылы камака алынып, 1964-жылы бошотулган. Ошол мезгилдерде тагыраак айтканда, 1954-жылы бул аймак Индиянын Джамму жана Кашмир штатына айландырылган. Узакка созулган өз ара тирешүү (Индия менен Пакистандын ортосундагы) мына ошентип башталган.

Бул тирешүүнү 1950-жылдардагы сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө болгон аракеттер жыйынтыксыз аяктаган. Пакистан БУУ аркылуу референдум өткөрүүгө умтулса Д.Неру ооз жүзүндө өз макулдугун бергендиги менен, иш жүзүндө батыш Кашмирде Пакистандын аскери тургандыгын бетке тутуп, референдум өткөрүүнү создуктуруп келген.

Индия менен Пакистандын ортосундагы мамилелердин курчтугу бир караганда Кашмир маселесине байланып калгандай көрүнөт, чындыгында алардын тамыры дин менен тыгыз байланышкан.

Айталык, Пакистанда ислам жөн гана дин эмес, улуттун биримдигин бекемдөөчү күч болуп калган. 1948-жылы сентябрь айында «Пакистандын атасы» деп эсептелген Мухаммед Али Джинна өлгөндөн кийин өлкө өз башынан өтө оор күндөрдү кечирип, анын акыры 1958-жылы бийликке генерал Айюб хан келип, согуштук абал киргизилиши менен аяктаган.

Пакистандагы туруксуз абал, ал жердеги коомго баш ийбеген бийликтин орнотулушу, Индия тарабынан дагы зор чочулоолорду жаратканын түшүнсө болот. Мисал катары, 1954-жылы АКШ Пакистанга согуштук жардам көрсөтүү максатында аны менен өз ара келишимге кол койгондо, Индия дагы СССР менен жакындашуу аракеттерин көргөн.

1950-жылдары Индиянын тышкы саясатындагы «Д.Нерунун курсунун» калыптаныш мезгили болуп калган «Кансыз согуштун» башталышы менен Д.Неру каршылашкан эки тараптын тең аракеттерин акылга сыйбаган нерсе катары баалап өз өлкөсүн ал экөөнөн тең обочороок кармоону тура деп эсептеген.

1950-жылы республика болуп түзүлгөн Индия, Британия ынтымакташтыгынын мүчөсү бойдон калуу менен бирге эле, «Кансыз согуштун» активдүү мүчөлөрүнүн бири болгон Англиядан акырындап алыстай баштаган (СССР менен болгон мамилелери боюнча). Индия Корея кризисин жана Индокытайдагы кырдаалды жөнгө салууда ийгиликтүү салым кошуп тараптардын жылуу пикирине татыктуу болгон.

1955-жылы Индия менен Советтер союзунун жетекчилеринин өз ара расмий визиттери менен алмашышы, 1956-жылдагы СССРдин Венгрияга аскерин киргизүүсүн Индия өкмөтү тарабынан сынга алынышына, ошол эле учурдагы англичандар менен француздардын Египетке карата биргелешкен агрессиясына дагы каршы чыгуусуна тоскоол боло алган эмес. Ошол окуялар бардык ири державалар бул же тигил бузукулук, жаман иштерге барууга жөндөмдүү экендигин, ошол себептүү Азия өлкөлөрү гана ушул оомал-төкмөл дүйнөдө туура, калыс саясат жүргүзүүгө,туура ой жүгүртүүгө жөндөмдүү деп Д.Неру чын ниети менен ишенген.

Индиянын Д.Неру түзгөн тышкы саясатынын негизги максаттары 1954-жылы Кытай менен түзүлгөн соода келишимде «Панча шила» принциптери катары берилип, анда: конфликтерге жана жалпы эле «кансыз согушту» эске салуучу кадамдарга барбоого, бүткүл дүйнө элинс өз ара урматтоо жана ишеним көрсөтүү мүмкүн экендигин далилдөө аракети көрсөтүлгөн.

«Панча шила» - тынчтыкта жашоонун «5-принциптери» деп которулуп, ага:

а) суверендүүлүктү жана территориялык бүтүндүктү урматтоо; б) кол салышпоо; в) ички иштерине кийлигишпөө; г) теңдик; д) өз ара пайда көрүү- камтылган. Ушул принциптер 1955-жылы Бандунг шаарында өткөн согуштук блокторго кошулбаган өлкөлөрдүн Биринчи конференциясында жактырылып, Д.Неру тарабынан түзүлгөн дүйнөлүк «бейтарап өлкөлөрдүн кыймылынын» карманган принциптери болуп калды .

Пакистан менен болгон татаал мамиле Индиянын башка өлкөлөр менен тутунган саясатына дагы өз таасирин тийгизбей койгон жок. Айталык ошонун айынан Индия Кытайдын Тибеттеги саясатына, анын ичинде чек ара маселесине дагы кандайдыр бир деңгээлде көз жумду мамиле кылышына себепкер болгон. Бул жердеги чек ара маселеси 1913-1914-жылдары эле Симлдеги конференцияда аныкталып «Макмагондун сызыгы» боюнча өтүш керек болгон. 1949-жылы КЭР жарыялангандан кийин кытай тарап ал чек арага башкача мамиле кыла баштаган, бирок, жогоруда Пакистанга байланышкан себептер менен Д.Неру токтоолук кылып Кытай менен болгон мамилеге аяр мамиле тутунуп келген. 1953-жылы Индия –Кытайлык сүйлөшүүлөр башталып, 1954-жылы Тибеттеги соода жана байланыш кызматтары боюнча келишимге кол коюлган. Анын шартына ылайык Индия мурдагы өзүнүн англиянын мураскору катарында Тибетте аткарып келген почта жана башка кызматтарын Кытайга өткөрүп берип, жалпы Тибеттеги Кытайдын суверенитеттик укугун тааныган.

Эки айдан кийин Д.Неру кытай өкмөт башчысы Чжоу Энлай менен Делиде жолугушуп, ал эми октябрда Пекинге барып келген. Ал Кытай менен болгон мамилелерге өтө олуттуу маани берип, алардын чек ара аймактарындагы кыймыл аракеттерин дагы анча таназар алган эмес. Анан калса 1955-жылы Пакистандын аскердик СЕНТО блогуна мүчө болуп кириши дагы Кытай менен Индиянын мамилелерин ынтымактыктын деңгээлинде кармап турууну шарттаган.

Ушундай кырдаалда 1950-жылдардын орто ченинде Кытайлык тарап талаш аймак деп эсептелген Аксай Чинге кирип келишип, Тибеттин борбору – Лхаса менен өзүнүн батыш провинциясы Синцзянды байланыштыруучу темир жолду курууга киришишти. Мунун артында талаш деп эсептелген 31 миң чарчы км жерди ээлеп

алууну кытайлыктар ишке ашырууга ниеттенип жатышкандыктарына карабастан, Индиядан эч кандай расмий билдирүү же нараазычылык жиберилген эмес. 1958-жылы Кытайлыктар Индиялык күзөтчүлөрдү туткундап алгандан кийин гана Индиялык өкмөт Кытайдын бул аракети жана темир жол курулушун баштаар алдында кеңешип койбогондугуна таң калгандыгын жана өкүнгөндүгүн билдирген.

1959-жылы Тибетте кытайлыктарга каршы көтөрүлүш башталып, алардын диний башчысы далай-лама Индияга качып кеткен. Д.Неру өзүнүн Чжоу Энлайга жазган жекече катында бул окуяларга тынчсызданганын билгизген. Ал эми Кытай тарап бул каты алгандан 6-айдан кийин жооп жазып, анда Индиянын бир топ кең аймактарына өз дооматын билдирген. Ага кошуп, Индия Тибеттеги окуяларга тиешеси бар деп күнөөлөнгөн. Тибеттеги козголоң мезгилинде 100 миңдей адам каза тапкан.

1959-жылы жайында Кытай менен Индиянын ортосунда аскердик чыр-чатактар башталып бир нече индиялыктар өлүмгө учураган. Бирок,1960-жылга чейин Д.Неру Кытай менен чек ара маселелерин талкуулоодон баш тартып келген. 1960-1961-жылдары сүйлөшүүлөр башталып, бирок эч кандай жыйынтык чыкпады.

Чоң жаңжал 1962-жылы Пакистан Кашмирдеги өзүнө тиешелүү жердин 20% Кытайга өткөрүп берүүгө макул болгондон кийин башталды. Себеби Пакистандын бул кылыгы Индиянын нааразычылыгын туудуруп, ага жооп иретинде Кытай тарап даярдыгы начар Индиялык аскер бөлүктөрүн талкалап салган. Миңдеген индиялыктар өлтүрүлүп, 4 миңдей адам туткундулган, кытайлыктар бир топ аймакты басып алган.

Ушул окуядан соң Индияда «Д.Нерунун саясатына» нааразычылыктар күчөп, оңчулдар «бейтараптык» саясатынан баш тартып, Батыштын колдоосун алуу үчүн аракет жасоону талап кыла башташты. Бул окуялар Кариб кризисине байланыштуу дүйнөдө түзүлгөн кырдаалга туш келген.

Бирок Д.Неру тирүү мезгилде Индияның тышкы саясаты бекем сакталып, негизги душман болуп-бир гана Пакистан эсептелген. Аны менен болгон мамиле барган сайын оорлошо бергендиктен Д.Нерунун өмүрүнүн акыркы айларында Пакистандын аскердик диктатору Айюб Хан менен байланышууга болгон аракеттери талаага кеткен. 1964-жылы майда Д.Неру каза болуп, аны менен кошо «бейтараптык» саясатынын дагы жашоосу аяктаган.

II. 1960-1970-жылдарда Индия өкмөтүнүн СССР менен « өзгөчө мамилелерге» өтүшү.

1962-жылы Кытай менен болгон согуш бейтараптык саясатты бир топ начарлатты. Индиялыктардын кыжырын келтирген дагы бир жагдай ошол бейтараптык кыймылдын мүчөлөрү болушкан өлкөлөрдүн – Бирма, Шри-ланка, Индонезия, Бириккен Араб республикасы (Египет) жана Гананын өкмөттөрү тарабынан жетишерлик деңгээлде колдоо таппагандыгы болду. Анткени тилектеш, максатташ өлкөлөр катары алардан колдоо алуу үмүтү чоң эле.

Индиянын чочулоосун жараткан окуяларга Пакистандын Кытай менен мамилесинин жакшыра башташы (1965-жылдардын башында Айюб Хан Пекинге барып келген) жана Пакистандын келечекте америкадан аскердик жардам алуу мүмкүнчүлүктөрүн кошсок болот.

1965-жылы августа Кашмир маселеси боюнча Пакистан менен согуш башталып, анда Индия өзүнүн Кытай менен болгон согушта кетирип алган аскердик кадырын бир топ чыңдоого жетишти. СССР дагы кимди колдоорун билбей баш катырып жаткан эле, анткени Индия менен мамилеси бир топ дурус эле, ошол эле мезгилде Кытай тарапка биротоло ооп кетеби деген күдүк ой Пакистан боюнча дагы бар эле. Ошондуктан 23-сентябрда 1965-жылы согуш БУУ нун талабы менен токтотулгандан кийинки, бул чатакты жөнгө салууда СССР дин ортомчулук демилгени колуна алышы дагы түшүнүктүү болуп калган. 1966-жылдын башталышындагы Ташкентте өткөн конференцияда Индия менен Пакистандын биргелешкен декларациясы* кабыл алынган.

Дагы бир Индия үчүн жагымдуу окуя Кашмир согушуна байланыштуу Пакистандын АКШ менен мамилесинин муздай түшүшү болду. Пакистан АКШ дан аскердик жардам алууга үмүттөнгөн, ал эми АКШ БУУнун туруктуу мүчөсү катарында Англия, СССР менен биргеликте бул конфликти жөнгө салууну жактап кол көтөрүп жатып Пакистанга жардам бере алган эмес.

АКШ га таарынган Пакистан СЕНТО* аскердик блогунун мүчөлүгүнөн дагы чыгып кетти. Бир топ татаалдашкан эл аралык абалды эске алып, Индия үчүн эки жол бар болгон: биринчиси, бейтараптык саясатты тутууну уланта берсе, башка бир мамлекет тыштан агрессия* коркунучун пайда кылбайт деген кепилдик жок эле, экинчиден кандайдыр бир согуштук блокко мүчө болуп кире турган болсо, анда анын каршылаштары менен душман болууга туура келмек.

Бир топ убакыт ички маселелерди чечүү убаракерчилиги бул татаал маселени экинчи орунга жылдырып койду, качан гана коңшу Пакистанда абал оорлошо баштаганда аргасыздан кайрадан ойлонууга тура келди.

Пакистандын чыгыш жана батыш бөлүктөрүндө абал өтө курч мүнөзгө айлана баштаган. 1960-жылдары Пакистандын экономикасы дүркүрөп өсүп, анын бир бөлүгү болгон Чыгыш Бенгалиянын артта калуусу күчөгөн. Анан калса 1970-жылы декабрдагы шайлоолордо башында шейх Муджибур Рахман турган чыгыш бенгалиялык Авами лиг партиясы жеңип чыккан. Бирок бийликте турган аскерий адамдар бийликти жөн эле граждандык адамдарга берип койгулары келген эмес. Ошондуктан М.Рахман камакка алынып, Чыгыш Бенгалияга аскер киргизилген, репрессия башталган. Бул болсо бенгалдыктардын нааразычылыгын жаратып, эл Пакистан армиясына каршылык көрсөтө баштаган. Өз кезегинде Пакистандык аскерлер элге карата аңсуз жырткычтык мамиле жасагандыктан миллиондогон бенгалдыктар Индияны көздөй кача башташкан.

Индия менен Пакистандын мамилеси кайрадан курчуп, 1971-жылы согуш башталып кеткен. Бул мезгилге чейин Индияга СССР гана БУУ жана башка эл аралык уюмдарда дипломатиялык колдоо көргөзүп келген. 1971-жылдын августунда советтик-индиялык келишимге кол коюлуп, анда «эгерде кандайдыр бир согуштук коркунуч пайда болгон учурда эки тарап бири-бирине аскердик жардам көрсөтө алат»-деген статья камтылган болчу.

1971-жылы декабрда пакистандыктарга каршы Индиялык аскерлер чабуулга өтүп, 14 күндүн ичинде Пакистан аскерлеринин 100 миңдей калдыгы Дакка шаарынын алдында капитуляция болгондугун моюнга алды. Индия андан башка Кач Ранды (Батыш Пакистсанда) жана «Азад Кашмирдин» бир бөлүгүн дагы басып алган. Бул согушта Пакистан толук жеңилүүгө дуушар болгон.

Генерал Яхья Хан отставкага кетип, анын ордуна З.А.Бхутто келген. Башында М.Рахман турган жаңы Бангладеш мамлекетинин түзүлгөндүгү жарыяланган. Анын территориясынан Индиялык аскерлер чыгарылып кеткен.

1972-жылы Индия менен Пакистан бардык талаш туудурган маселелерди тынчтык жолу менен чечүү жөнүндө Симл келишимине кол коюшкан. 1975-жылдын баш ченинде Индия шейх Абдулла менен келишим түзүп, анын шартына ылайык Кашмир Индиянын бир бөлүгү катары таанылган, ошол эле мезгилде Кашмирге штат катары автономиялык укуктарга кепилдик берилген.

1970-жылдардын башынан тарта Индия менен СССРдин өтө тездик менен жакындашуусу башталды. Алардын лидерлеринин расмий иш сапарлары жогорку сый-урмат менен коштолуп, байланыштары ар тараптуу өнүгө баштады, алардын ортосунда ар түрдүү достук жана өз ара кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп жатты. Индия СССРден аскердик техникаларды жана курал-жарактарды сатып ала баштады.

1975-жылдын апрель айында орбитага алып чыгуучу советтик ракетанын жардамы менен Индия биринчи «Ариабата» деген Жердин спутнигин ийгиликтүү учурду. Иш жүзүндө Индия мурда өзү тутунуп келген «бейтараптык» саясатынан четтегендигин айгинеледи. Бирок официалдуу түрдө дагы эле бейтарап өлкө бойдон калды.

III. Индиянын XX кылымдын акырындагы тышкы саясатындагы актуалдуу маселелер.

1980-жылы бийликке кайрадан кайрылып келгенден тарта И.Ганди СССР менен болгон өтө тыгыз байланыштардан акырындап четтей баштады. Анын себеби, өзүнүн жүргүзгөн экономикалык саясатынын өзгөрүшү (рыноктук мамилелерге өтө баштоо), андан башка Советтер Союзунун коңушу Ооганстанга жасаган агрессиясы, ошого байланыштуу анын эл арасындагы кадыр-баркынын кете башташына байланыштуу эле. 1984-жылы Индия өкмөтүнүн башына келген Р.Ганди апасынын саясатын андан ары карманган.

Ал гана турсун СССР менен жылуу мамилени сактоо менен, ошол эле учурда АКШ жана Кытай менен болгон мамилелерин жакшыртууга жетишкен, АКШдан өз өлкөсүнө техникалык жардам да ала алган.

Индиянын демилгеси менен 1985-жылы декабрда Даккада Түштүк Азия өлкөлөрүнүн аймактык кызматташтык Ассоциациясы (САРК) деген уюму түзүлгөн. Ага мүчө болуп Индия, Пакистан, Бангладеш, Непал, Шри-Ланка, Бутан жана Мальдив аралдары кирген. Кээ бир күчтөрдүн жана өлкөлөрдүн бул уюмду саясий же согуштук маанидеги уюмга айландырууга болгон аракеттери Индия тарабынан четке кагылып, бүгүн дагы САРК жалаң гана экономикалык, техникалык жана маданий кызматташтыкты өнүктүрүү менен алектенип, келет.

Ошол 1985-жылы эле Р.Ганди Пакистан менен тил табышуу аракетин жасап көрдү. 1977-жылдан бери бийликте турган диктатор генерал Зияя-уль-Хак менен бир нече жолугушууларды өткөрдү. Бирок, 1987-жылдын башталышында эки өлкөнүн тең аскерлери чек арада топтоштурулушу, сентябрь айында Кашмирдеги Сиячин мөңгүсүнүн жанында 500 дөн ашык адам өмүрүн кыйып кеткен кагылышууга алып келген.

1980-жылдары советтик аскерлердин Ооганстанга киргизилиши менен Кашмирдин тегерегиндеги талаш-тартыштар экинчи орунга жылдырылып, кырдаалдан пайдаланып Пакистан АКШдан кошумча жардам алууга умтулган. Индия Пакистан тарапты Пенджабдагы сиххилерди өзүнө каршы тукуруп жатат деп күнөөлөп, ал жакка өзүнүн аскерлерин жөнөткөн.

1988-жылы генерал Зияя-уль-Хак авициялык кыйроодо курман болуп, анын ордуна 1979-жылы генералдар тарабынан өлтүрүлгөн Зульфикар Али Бхуттонун кызы Беназир Бхутто премьер-министр болуп дайындалган. Ушул окуядан пайдаланып эки өлкөнүн мамилесин оңдоо максатында Р.Ганди менен Б.Бхутто өз ара жолугушуп, сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Бирок, 1989-жылы Борбордук Кашмирде Индиялык аймакта тартип бузуулар болуп көптөгөн адамдар курман болгон. Бул тополоңду уюштурган катары Пакистанга күнөө коюлду.

1990-жылы Беназир Бхутто ээлеген кызматынан четтетилип, Пакистандагы бийлик парламенттеги 2/3 көзөмөлгө алып турган исламдык экстремистердин колуна өткөн. Ошол жылдагы эки өлкөнүн мамилелерин оң жолго салуу аракеттеринен майнап чыккан жок.

Көп өтпөй, 1992-жылдын күзүндө эки өлкөнүн лидерлери бири-бири менен өтө одоно түрүндө жазылган билдирүүлөрдү алмашышкан. Бул болсо Кашмирдеги кырдаалдын курчушуна байланышкан болучу. 1994-жылы Индия Пакистанды өзүнүн ички иштерине кийлигишти деп күнөөлөп, Кашмирдеги ээлеп алган жерлерди кайтарып берүүсүн талап эткен.

Индияда бийликке Бхатрия Джаната парти келгенден кийин 1998-жылдын июлунда премьер-министр А.Б.Ваджпан менен Пакистандын премьер-министри Наваз Шарифтин сүйлөшүүлөрү болуп, 1999-жылы февралда эки өлкөнүн ортосунда автобустук байланыш ачылып, биринчи рейс менен Лахорго А.Б.Ваджпан өзү жөнөп барып, Пакистандын премьер-министри Н.Шариф менен дагы бир ирет жолугушуп сүйлөшкөн.

Дал ушул сүйлөшүүлөр жүрүп жаткан учурларда куралдуу күжүрмөн топтор Кашмирге басып кирүүгө камданып жаткан. 1999-жылдын жаз айларында Кашмирдин бардык чек ара сызыгында куралдуу кагылышуулар жайылып, Пакистан тарап өлтүрүлгөндөр жана майып болгондор болуп 1,5 миң адам жоготкон. 2001-жылдын май айындагы мусулмандардын динине үгүттөөчү, Мухаммед Фаракты акыркы сапарга узатууга Кашмирдеги бардык белгилүү мусулман ишмерлери катышып, Индиялык коопсуздук күчтөрү аларга карай ок аткан. Ушул окуя эки коңшу мамлекеттердин өз ара мамилелеринин кайрадан курчушуна түрткү болгон.

Эмне үчүн Индия менен Пакистандын ортосунда оор, татаал мамиле сакталып турат? Бир караган адамга 1971-жылдан кийин Индия Пакистандын андан ары начарлашына кызыкпаш керек эле. Анткени Түштүк Азияда Индия ансыз деле бардык жагынан үстөмдүк кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. М: Индияга бул аймактагы жердин жана калктын 3/4 бөлүгү, улуттук дүң продуктунун 80% туура келет. Мына ушундай абал Пакистанга тынчтык бербей, ал Индиядан эч нерсе боюнча артта калгысы келбейт.

Индия аскердик жактан дагы Пакистандан алда канча күчтүү: куралдуу күчтөрдүн саны боюнча 2,5 эсе, самолеттору боюнча - 2 эсе, танка жана артиллерия жагынан - 1,7 эсе көп. Андан башка согуштук техниканын сапаты дагы Индияда дурус. Ошону менен катар Индия коргоонуу иштерине улуттук дүң продуктун 2% гана сарптаса, бул чыгымдар Пакистан үчүн 6% түзөт, башкача айтканда үч эсе көп. Индиянын согуштук кудурети күн санап өсүп жатат, эксперттердин божомолдоосу боюнча 2015-жылы Индиянын бул көрсөткүчү Кытайдыкына жетип бармакчы.

Азыркы мезгилде дүйнөлүк коомчулуктун көңүлү бул эки коңшулаш өлкөлөрдүн ядролук программаларынын өнүгүшүнө бурулган. Белгилүү болгондой Индия 1974-жылы эле ядролук куралынын биринчи ийгиликтүү сыноосун өткөргөн. Ал эми Пакистан өкмөтү өзүнүн ядролук программасын ишке ашырууну 1972-жылдан баштаган. Сыягы эки өлкө тең 1980-жылдары өздөрүнүн атомдук бомбаларын жасап алышкан, бул боюнча алардын саясий ишмерлеринин кыйыр түрүндө айткан билдирүүлөрү бар. Ал эми 1994-жылы августа Пакистандын премьер-министри Наваз Шариф өлкөсүндө атомдук бомба бар экендигин расмий түрдө жарыялап, зарыл болгон учурда Индияга каршы колдонулат деп билдирген. Бул эки өлкө тең ядролук куралдарды жайылтпоо жөнүндөгү келишимге кол коюудан баш тартышып, бул маселеде АКШнын кысымын дагы этибарга алышкан эмес. 1986-жылы эле Америка Конгрессинде «Пресслердин түзөтүүсү» деген документ кабыл алып, ал боюнча өзүнүн атомдук куралын жасап жаткан мамлекеттерге экономикалык жана согуштук жактан жардам берүүгө тыюу салынган. Тилекке каршы бул талапты аткарууда АКШнын президенттери өзүм билемдикке жол берип келишет.

1998-жылдагы эки өлкө тарабынан тең өткөрүлгөн ядролук сыноолор зор ызы-чуу жаратты. Анткени Пакистан дагы эч артта калгысы келбей-заряддардын саны, жалпы кубаттуулугу боюнча бирдей көрсөткүчтү карманган. Бул ядролук куралдарын болжонгон жерге ташып жеткирүү техникалык каражаттын үстүндө дагы иштер жүргүзүлүүдө. 1990-жылдардын баш ченинде Пакистан Кытайдан орто алыстыкка учуучу М-11 деген 50 ракета сатып алып, ал аз келгенсип Исламабаддын жанына Кытай ушундай ракеталарды жасап чыгаруучу завод кура баштаган. Ал эми 1997-жылы Пакистан «Хатф-III» деген өзүнүн ракетасын сыноодон өткөргөн. Ал 800км алыстыкка учуп, Индиянын ири шаарларына жетүүгө кудуреттүү эле.

Ал эми Индияда болсо 1997-жылы «жерден-жерге» учуучу үлгүдөгү «Притхви» деп аталган ракетанын эки моделин жасап чыгуу аякталгандыгын жарыя кылышты. Анын учуу аралыгы 250 км жетет. 1999-жылдын 11-апрелинде учуу аралыгы 2 миң км түзгөн Агни-2 ракетасын ийгиликтүү учурган. Ал эми акыркы мезгилдерде учуу

аралыгы 8 ден 12 миң км жеткен континенттер аралык «Сурья» ракетасын сыноо өткөрүлүп жатат.

Бирок, Индия менен Пакистандын өз ара тирешүүсү сыягы Индиянын пайдасына чечилип калчуудай болуп турат. Мунун белгилери алардын экономикалык жана согуштук кудуреттеринен дана көрсө болот. Экономикалык абалынын өтө төмөнкү чекке жеткендигине карабастан, Пакистандын согуштук чыгымдары Индияга салыштырмалуу жан башына эки эсеге көптүк кылат. Анысы аз келгенсип, Пакистанда исламдык фундаментализм орноо коркунучу бышып жетилип, өлкө ошол эле мезгилде коңушу Ооганстандын чатагына дагы аралашып алган.

1999-жылдын 12-октябрында Пакистанда дагы бир аскердик төңкөрүш болуп, бийлик Генерал Первез Мушаррафтын колуна өткөн. Мурунку өкмөткө коррупцияга баткан жана экономикалык кризисти жоюу боюнча чара көргөн эмес деген күнөө коюлган. Ушул мезгилде өлкөнүн тышкы карызы 34 миллиард доллардан ашып түшүп, экспорттон алынуучу кирешенин 62% жыл сайын ошону төлөөгө кетип турган. 2000-жылы апрелде мурунку премьер-министр Н.Шариф сот жообуна тартылып, кийинчерээк өкүм жумшартылып, аны өлкөдөн кууп жиберишкен.

1999-жылдын декабрь айында жаңы бийлик Бүткүл дүйнөлүк банктын (БДБ) талаптарынын негизинде түзүлгөн өлкөнүн экономикасын реформалоонун жаңы Программасын кабыл алды. Ал программа ишке ашырылып жатат, бирок абал оңолду деп айтууга али эрте. Тескерисинче, акыркы жылдарда элдин жашоо деңгээли 20% төмөндөп кетти. Өлкөдө шайлоо аркылуу куралуучу бийликтин жоктугу Батыш өлкөлөрү жана Индия тарабынан терс кабыл алынып, Индия менен Пакистандын ортосундагы мамилелердин оңолуп кетишине кедергисин тийгизип келет.

Кийинки мезгилдердеги бул мамлекеттердин ортосундагы маселелердин чыңалып кетишинин себеби 2001-жылдын декабрында террористтер тарабынан Индиялык парламенттин 14 мүчөсүнүн өлтүрүлүшү болуп, ага Пакистандын катышы бар деп күнөөлөнгөн. Ошондуктан 2002-жылдын 1-январынан баштап эки өлкөнүн ортосундагы жолдор жабылып, чек арага эки тараптын тең аскерлери алып келинген, Делидеги Пакистандын өкүлү чакырылып кеткен.

Бул тирешүү чоң кыйындыктар менен жөнгө салынып, аскерлер чек арадан алынып кетилди. Пакистанда 5 экстремисттик мусулман уюмдарына тыюу салынып, терроризмге катышы бар делген адамдар камака алынган.

1990-жылдары Индия менен Кытайдын мамилелеринде бир аз болсо дагы жакындашуу боло баштады. Бирок территориалдык маселелерде жылыш жок, согуштук (аскердик) маселелер боюнча өз ара ишеним тууралуу келишим түзүлгөнүнө карабастан, бул боюнча

Цзянь Цземиндин Делиге 1996-жылы декабрдагы расмий визити дагы жардам бере албады.

Ошого карабастан бул эки улуу державаларды бири-бирине жакындаштыруучу себеп бар-бул исламдык фундаментализм. Мындан 100 миллиондой мусулман калкы бар Индия дагы, мусулмандар мекендеген Синцзянь провинциясы бар Кытай дагы чочулашат. Ушул коркунучту болтурбай коюу максатында аталган эки өлкө аргасыздан өз ара майда маселелерди экинчи орунга сүрүп салып, жалпы тил табышууга барышат деген ишеним бар.

Гималайдагы эки кичинекей Бутан жана Сикким княздыктары 1940-1950-жылдары эле Индия менен келишим түзүп, Индиядан финансылык жардам ала турган болушуп, анын ордуна буларды коргоо жана тышкы саясатын жүргүзүүнү Индия өкмөтүнө өткөрүүгө макул болушкан. 1974-жылы Сикким ассоциялык укукка ээ штат катарында Индияга кошулган, ал эми Бутандын тышкы байланыштары Индия тарабынан жүргүзүлүп келет.

Бул чөлкөмдөгү салыштырмалуу ири жана толук көз карандысыз өлкө болуп, Гуркхтардын мекени – Непал өлкөсү эсептелет. Ал жерде негизинен буддистер, алар менен катар Моголдордон качып баш паанек табышкан индуистер дагы жашашат. Ошондуктан бул өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелер өзүнө көптөгөн кылымдарды камтыйт.

Кийинки жылдары Непалдын королу Бирендра Бир Бикрам шах Дева өлкөнүн Индиядан экономикалык көз карандылыгын чектөө максатында, башка өлкөлөр менен ар тараптуу байланыштарды түзүүгө умтулган. 1988-жылы Кытай менен курал-жарактарды алуу боюнча келишим түзгөндө, Индия өз ара соода келишиминин мөөнөтү аяктагандыгын шылтоолоп, эки өлкөнү байланыштырып турган 15 чек ара пункттарынын 13-жаап салган. Бул өз кезегинде өлкөнүн экономикалык абалын кескин төмөндөтүп, нааразычылыктарды пайда кылган. Ошондуктан 1990-жылы Бирендра Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизип өз бийлигин чектеп, эркин шайлоолорду баштоого аргасыз болгон.

2001-жылы 1-июнда Непалдын королу жана анын үй-бүлөсү белгисиз себептер менен уулу Дипендра тарабынан өлтүрүлүшкөн. Андан көп өтпөй Дипендра өзүн-өзү өлтүргөн. Өлкөнүн жаңы королу Бирендранин иниси – Тьянендра болуп калган. Бирок королдун өлтүрүлүшү өлкөдөгү абалды бузган.

Индиянын дагы бир коңшусу Шри-Ланканын – калкы негизинен индуисттер, ошого байланыштуу бул эки өлкөнүн байланыштары өтө тыгыз болгон. Индия Шри-Ланкага тамилдер маселесин чечүүгө жардам берүүгө аракет кылып келе жатат, ал гана эмес 1987-1989-жылдары бул аралга өз аскерлерин дагы жөнөткөн. Бирок, сепаратистердин кыймылын басып коюуга эч кимисинин кудурети

жеткен жок. Бул, «Тамил Иламды боштондукка чыгаруучу жолборстор» уюмунун мүчөлөрүнүн колунан 60 миңден ашуун тынч жашаган адамдар каза тапкан.

Индиянын мусулмандардын өлкөсү болуп эсептелген Бангладеш менен мамилеси дагы татаал бойдон калып жатат. Өкүнүчтүүсү өз убагында Индия бул мамлекеттин пайда болушуна зор салымын кошкон болуучу, ал эми анын калкынын дагы, Индиянын Батыш Бенгалия штатынын калкы менен этникалык жактан эч айырмасы жок.

Бенгладештин биринчи кадыр – барктуу лидери М. Рахман 1975-жылкы аскердик төңкөрүш мезгилинде өлтүрүлүп, андан өлкө эч бир утушка жетишкен эмес, экономика толук бойдон төмөндөө абалына өткөн. Экинчи лидери дагы 1982-жылы киши колдуу болуп өлгөндөн кийин жаңы президент болуп Х.М.Эршад келген. Ал 1990-жылга чейин гана өлкөнү башкарып, ошол мезгилде 1985-жылы Исламды мамлекеттик дин катары жарыялап жиберген. Ошондон бери дагы өлкөдө саясий туруктуулук жок.

Бангладеш дүйнөдөгү калкынын жыштыгы жагынан эң алдыңкы орунду ээлеп, анын территориясынын 3/4 бөлүгү табигат кырсыктары чалган убактарда суу астында калып, экономикага зор залакасын тийгизип келет.

Дагы бир мусулман өлкөсү, географиялык жактан обочо жашаган – Мальдивдер мамлекетинин Индия менен мамилесин жакшы деп айтууга болот, анткени анын коопсуздугун Индия кепилдикке алып ар тараптуу жардамдарын аябай келе жатат.

Индия менен Россиянын ортосундагы мамилелер дагы ийгиликтүү өнүгүп жатат деп айтууга негиз бар. 2000-жылы октябрдагы Россиянын президенти В.В.Путиндин Делиге жасалган расмий визити мезгилинде өз ара мамилелер боюнча бир нече келишимдерге кол коюлган. Азыркы мезгилде жыл сайын россиядан сатып алып жаткан аскердик курал жабдыктардын жалпы баасы 1 млрд доллар өлчөмүнө жетип барат.

Индиянын бүгүнкү күндөгү тышкы саясатын толук бойдон эгемендүүлүк деңгээлде деп мүнөздөөгө болот. Бул өлкө бардык мамлекеттер, анын ичинде: АКШ, Европа союзу, Япония, Россия, Түштүк-Чыгыш Азия менен жакшы мамилени орнотууга кызыкдар. Индиянын өкмөтү дагы деле өз өлкөсүнүн кызыкчылыгы үчүн протекционисттик саясат жүргүзүүгө аргасыз экендигине карабастан, негизинен анын экономикасы тышкы дүйнө үчүн ачык. XXI кылымда Индия дүйнөлүк экономикага толук интеграция болуп, эл аралык коомчулуктун татыктуу мүчөсү болуп каларына шек жок.

Тема боюнча корутундулар:

1. Тышкы саясаттагы бейтараптыктын негизги максаты кылып койгон – «кансыз согуш» мезгилинде өз өлкөсүн конфликтерге аралаштырбоого Д.Неру жетти. Бирок, 1960-жылдардын баш ченинде Индиялыктарда ошол бейтараптын өлкөнүн коопсуздугун камсыздыгынын кепили болуп бере алабы деген кооптонуу пайда болгон.

2. 1960-1970-жылдары Индия акырындап өз армиясына керектүү курал-жаракты берип турган, Индиянын дипломатиялык демилгелерин колдоп турган, ар түрдүү тармактарда негизги өнөк боло баштаган СССР менен жакындашуу саясатына өткөн.

3. 1980-жылдардан баштап Индиянын тышкы саясаты кайрадан көз карандысыз нукка оогон Россия менен жакшы мамилелерин сактоо менен , ошол эле мезгилде АКШ, Европа союзу, Япония, Кытай менен дагы өз ара өнөктүк мамилелерди өнүктүрө берди.

4. XX кылымдын акыркы он жылдыгында жана жаңы кылымдын башталышында Индия өзүнүн тышкы саясатында негизги көңүлдү Түштүк Азия аймагындагы өлкөлөр менен өнөктөштүгүн артырууга бура баштады. Ушунун аркасында пакистандан башка өзүнүн бардык коңушу өлкөлөрү менен мамилесин жакшы деңгээлге чыгарууга жетишти. Пакистан болсо эл аралык деңгээлде Индиянын жападан жалгыз атаандашы болуп калды.

№9-тема: Индиянын бүгүнкү күндөгү абалы жана келечеги.

Индия өзүнүн келечеги үчүн биринчи кезекте өнүктүрүүчү беш негизги чөйрөсүн аныктап алган. Алар: айыл чарбасы жана жасап чыгаруу өнөр жайы, туруктуу электроэнергетика, билим берүү, саламаттыкты сактоо, информациялык технологиялар. Ушул беш негизги багыттарды көңүлдүн борборунда тутуп, таланттуу адистердин күчүнө, табигый булактарга, өнүккөн инфраструктурага, эң жогорку дизайнга жана программалык камсыз кылуунун эң жаңы жетишкендиктерине таянып, Индия 2020-жылга өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине жетүүнү максат кылып келе жатат.

Калыптанып калган эл аралык классификация боюнча Индия өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн тобуна киргени менен, бүгүнкү күндө биринчи кезекте информациялык жана медициналык технологиялар боюнча дүйнөлүк рыноктогу лидерлеринин бирөөнө айланганы талашсыз. Өзгөчө бул өлкөнүн программалык жактан камсыз кылуу индустриясы жана информациялык технологиялык жактан кызмат көрсөтүүсү дүйнөлүк экономикадагы өтө тез өнүгүп бара жаткан секторго айланды. Ушул тармак жалпы экспорттун 16,5% берип, 500000 жумушчу орунду камсыз кылат жана 1,5 млрд доллардан ашыгыраак инвестиция алып келип жатат. Эң кызыгы Индиялык программалык жактан камсыз кылуунун экспорту негизинен АКШ га багыталган. 2003-жылы бүткүл дүйнө жүзү боюнча информациялык технологиялары боюнча адистерге болгон талап 650 миң адамды түзгөн болсо, анын 475 миңи башкача айтканда 73 % Индия даярдап турган.

Индиянын Интернет индустриясынын өнүгүп кеткендиги да негизинен эки себепке байланышкан: биринчиден – көп сандаган индиялыктардын чет жактарда жашагандыгы жана алардын бул тармакка 100 млрд. доллар өлчөмүндөгү каражат салуу мүмкүнчүлүктөрү бар экендиги. Экинчиден – электрондук бизнес жергиликтүү рыноктун алкагында эле чектелип калбай тургандыгында. Индиянын утушу катары өкмөт тарабынан Интернеттин диапозонун кеңейтүү чечимин кабыл алгандыгын эсептесе болот. Анткени ошол чечимге ылайык Интернетти пайдалануучулардын катарын кескин көбөйтө алышты: жергиликтүү тармакка жазылгандардын саны эле 2003-2005-жылдары 1 миллиондон 25 миллион адамга өсүп кеткен. Ал гана турсун американын «Силикон өрөөнү» деп аталган аймагында түзүлүп иштеп жаткан компаниялардын 30% жакынын индиялык компаниялар түзөт.

Өлкөдөгү электрондук технологиялар өнөр жайдын өсүшүнө өкмөттүн информациялык технологиялар тармагына өкмөт тарабынан пошлинасыз режим киргизгендиги дагы зор салымын кошту. Андан башка дагы, өкмөт бул тармакты өнүктүрүү

максатында программалык жактан камсыздоо боюнча экспортту көбөйтүп жаткан компанияларды кирешеден алынуучу салыктардан бошотуп салды. Ушундай шарттардын түзүлгөндүгүнүн негизинде Интернет – компаниялардын рыноктук капиталы 4 млрд. дан 55 млрд. долларга чейин өскөн (2000-ж. көрсөткүч).

Дагы бир Индия үчүн пайдалуу жагдай: Индия дүйнөдө англис тилинде сүйлөгөн илимий кызматкерлердин саны боюнча АКШдан кийинки экинчи орунду ээлегендигинде. Ошондуктан, илимий-техникалык өнүгүү жаатынын негизги келечектүү багыттары боюнча бул өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрү өтө жогору: Бүгүнкү күндө өлкөдөгү 2300 дөн ашыгыраак окуу жайлары жыл сайын компьютердик 122 миңден профессионал адистерди даярдап чыгарып турууга кудуреттүү.

Индия медициналык дары-дармектерди иштеп чыгаруу боюнча дагы бир топ ийгиликтерди жарата алды. Алсак, дүйнөдөгү бүткүл дары-дармектерге болгон муктаждыктардын 6,5% чыгарып, дүйнөдөгү 15 эң алдыңкы көрсөткүчү бар өлкөлөрдүн катарына кошулду.

Жалпысынан азыркы күндөгү Индиядан экспорттолуп жаткан товарлардын түрү 7500 аталышты түзүп, 190 өлкөгө жөнөтүлөт. Ошол эле мезгилде сырттан 140 өлкөдөн 6 миңден ашыгыраак аталыштагы товарлар импорттолуп турат. Бүгүнкү күндө Индия сүт продуктуларын иштеп чыгарууда дагы абдан өнүгүп алды. Индиянын өнөр жай өндүрүш базасы ушунчалык жогорку деңгээлге жеткендиктен, өлкө муктаж болгон продукциянын дээрлик бардык түрүн өндүрүү мүмкүнчүлүгү бар: анын ичинде өзүнүн аскердик самалеттору, ракеталары дагы өндүрүлөт. Анын далили катарында өзүнүн көз карандысыздыгын алган учурда калкынын жашоо деңгээли өтө төмөнкү абалда болгон бул өлкө бүгүнкү күнү ядролук державага айлангандыгын айта кеткендигибиз оң.

Эң негизгиси – Индия жакырчылыкты жана ачкачылыкты жоюп, бүгүнкү күндүн талабындагы деңгээлде инфраструктураны түзө алды, инженердик базасы күчтүү. Ошонун негизинде бул өлкө оор машина куруу жаатында эң татаал долбоорлорду ишке киргизүүгө кудурети жетет. Өлкөдө жетиштүү сандагы ишкерлер табы түзүлүп, айыл чарбасы миллиарддын чегинен ашкан калкын азык-түлүк менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн түздү. Ар бир жан башына эсептегенде киреше 400 доллардан ашты.

Ушундай жетишкендиктер менен бирге эле Индиялыктардын алдында чечиле элек маселелер жана толгон токой тоскоолдуктар жаткандыгы дагы талашсыз. Бирок, саясий жактан демократиялык өнүгүү жолун, экономикалык жактан рынокту, болгондо дагы эң жаңы технологиялык өнүгүшкө негизделген багытты тандап алган Индия бардык кыйынчылыктардан чыгып кетүүчү күчкө ээ экендигин белгилей кеткенибиз туура болот

СӨЗДҮКТӨР

Автономия – саясий жактан өзүн-өзү башкаруу укугу.

Агрессия – басып алуу, багынтуу, эзүү максатында кол салу.

Аскет – турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып, түнт жашоочу адам

Бизнес – коммерция, соода

Бюрократия – массадан обочолонуп, мекеме аркылуу гана башкаруу системасы.

Бюрократ – иштин формалдык гана жагын карап, анын негизги мазмунуна көңүл бурбаган адам

Валюта – алтын же башка баалуу нерселер менен камсыз кылынган акча.

Варшава келишими – бул 1955-жылы кол коюлган «достук, өз ара кызматташуу жана жардамдашуу жөнүндөгү» келишимдин негизинде түзүлгөн саясий – аскердик блок. Бул уюмга мүчө болуп: Албания, Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румыния, СССР жана Чехословакия өлкөлөрү киришкен. Адегенде 1962 –жылы Албания андан бөлүнүп чыгып кеткен. Ал эми 1991-жылы бул блок жашоосун токтоткон.

Визит – расмий түрдө келүү, жолугуу, баруу

Графика – ариптердин жазылышы.

Девальвация – акчанын официалдуу курсунун, баасынын төмөн түшүшү.

Декларация – кандайдыр бир Эл аралык саясат жөнүндө бир же бир нече мамлекеттердин билдирүүсү.

Депозит – сактап коюу үчүн же башка максат менен кредит мекемелерине бекилүүчү кымбаттуу кагаздар же акча.

Децентрализация – майдалоо, борбордон бөлүү, борбордун кээ бир укуктарын жергиликтүү органдарга берүү

диапозон – арым, көлөм.

Диктатор – чектелбеген бийликке ээ болгон адам өкүм адам

Доход – кирешe.

Инвестиция – иш канага капитал салу.

Индустрия – өнөр жай.

интеграция – биригүү.

интернет – бүткүл дүйнөлүк байланыш.

Инфляция – кагаз акчанын керек болгон өлчөмдөн алда канчалык көп чыгып кетиши жана ошонун аркасында анын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү.

Информация – иштин ал жайы жөнүндө билдирүү, бир нерсенин ал абалын билдирүү.

Канон – эреже, негизги принцип, үлгү.

Капитуляция – багынуу, жеңилдим деп душманга багынуу, моюн суну, күрөштү токтотуу.

Классификация – айырмалоочу белгилерине карап класстарга, түркүмдөргө, бөлүмдөргө, деңгээлдерге бөлүү.

Катаклизм – табийгаттагы жана коомдук турмуштагы кыйратуучу чоң төңкөрүш.

Климат – кандайдыр бир жердин абасынын шарттары.

Конкуренция – пайда үчүн, рынок, сырье үчүн өз ара күрөшүү, атаандаштык.

Коалиция – жалпы максатка жетүү үчүн түзүлгөн мамлекеттердин, партиялардын союзу, бирикмеси.

Коммуналдык – шаардык чарбага таянган.

Конпенсация – тапкан зыяндын ордун толуктоо.

Контракт – өз ара милдеттенип, эки тараптын ортосунда түзүлгөн келишим.

Конфискация – бирөөнүн мүлкүн мамлекеттин токтому боюнча мамлекеттин пайдасына алуу.

Конфликт – чыр-чатак, жаңжал, келише албастык, кагылышуу.

Концентрация – топтоо, топтолушу.

Корпорация – көбүнчө кесиптештик таламдар негизинде союз, бирикме, коом.

Коррупция – парага, акчага сатылуучулук, коомдук жана саясий ишмерлерди, мамлекеттик чиновниктерди жана кызмат адамдарын пара берип сатып алуу

Лексика - бир тилдин сөздүк курамы.

Либерализация – бир аз эркиндик берүү

Лингвистикалык – тилдик.

Лицензия – уруксатты күбөлөндүрүүчү документ.

Мажоритардык – көпчүлүккө негизделген мажоритардык өкүмчүлүк – эң көп добуш алган кишини «шайланды» - деп эсептей турган шайлоо системасы.

Мандат – адамга берилген укук.

Масштаб – бир нерсенин көлөмү , өлчөөсү.

Мораторий – финансылык милдеттенмелердин жана төлөмдөр дүн мөөнөтүн узартуу.

НАТО – түндүк Атлантикалык блок – 1946-жылы16 мамлекетте өз курамына бириктирген саясий-аскердик уюм. Анын курамына: Бельгия, Англия, Дания, Исландия, Италия, Канада, Люксембург, Нидерланды, Норвегия, Португалия жана Франция кирген. Кийинчерээк: 1952-жылы Греция жана Туркия, 1955-жылы ФРГ, 1982-жылы Испания кошулган. Социалистик система урап, СССР таркагандан кийин бул блок өзүнүн негизги максатын саясий-согуштук маанайдан тынчтыкты сактоо жана өз ара жардамдашуу багытына бурат деп жарыялаган. Бирок бул анын жасаган кадамдары менен төп келбей жатат. Кийинки жылдары бул уюм өзүнүн курамына мурдагы социалисттик лагерге, анын ичинде СССРдин курамында болуп келишкен өлкөлөрдү кабыл алып жатат. (тактоо керек).

Обьективдүү - табиятта адамдын акыл оюна карабастан жашоочу шарт.

Оппозиция – кандайдыр бир партиянын ичинде анын көпчүлүгүнө каршылык көрсөтүү саясатын жүргүзгөн топ.

Оппонент–талаш-тартыш маселелеринде бирөөгө каршы сүйлөөчү адам **Отставка** – *кызматтан такыр бошонуу.*

Плебисцит – жалпы элден суроо (өтө айрыкча манилүү маселе боюнча жалпы элдин добуш берүүсү).

Позиция – бир маселеде кармаган жол, ээлеген орун.

Политеизм – көп кудайга сыйынуучулук.

Пошлина – бажы (тышкы алып чыгуучу жана ичке алып кирүүчү товардан алынуучу өкмөттүк салык).

Прибор – аспап, шайман.

Приватизация – менчиктештирүү.

Протекционизм – өзүнүн өндүрүшүн колдоо максатын,тыштан көздөп келүүчү товарларга кымбат пошлина салуу саясаты.

Пуштун уруулары – алардын көпчүлүк бөлүгү Ооганыстанда жашайт.

Резерв – кереги тийгенде пайдалануу үчүн камдалып коюлган нерсе.

Режим – тартип түзүлүш.

рекорд – эң мыкты натыйжа, жетишкендиктин эң жогорку көрсөткүчү.

Репрессия – жазалоо, кысымдоо, жаза чарасы, жаза берүү.

Референдум – эң манилүү маселелер боюнча жалпы элдин добуш бериши, калктын кароосуна коюу.

Романтик – кыялга берилүүчү.

Сальдо – эсепти жыйынтыктаган кезде кириш менен чыгыштын ортосундагы калдык, айырма.

СЕАТО – Түштүк чыгыш Азия өлкөлөрүнүн уюму – бул аймакта күч ала баштаган улуттук - боштондук кыймылына каршы түзүлгөн саясий-аскердик уюм. АКШнын демилгеси менен Манила шаарында сегизинчи сентябрда 1954-жылы бул уюмду түзүү келишимине: АКШ,

Англия, Франция, Австралия, Жаңы Зеландия, Таиланд, Пакистан жана Филиппин өлкөлөрү кол коюшкан. 1977-жылы өз жашоосун токтоткон.

СЕНТО – борбордук келишимдин уюму – АКШ жана Англиянын демилгеси менен 24-февраль 1955-жылы түзүлгөн саясий аскердик блок. Ага жогоруда аталган Англиядан башка дагы Түркия, Ирак, Пакистан жана Иран өлкөлөрү кирген. Бирок, 1959-жылы анын курамынан Ирак, ал эми 1979-жылы Иран менен Пакистан чыгып кетишкендиктерине байланыштуу өз жашоосун токтоткон.

Сектор – эл чарбасынын бөлүгү.

Сепаратизм – бөлүнүп чыгууга, обочолонууга болгон ар кандай умтулуш.

Социалдык – коомдук.

Статус – мыйзамдуу укук берүү.

Стерилизация – атайын операция жасоо аркылуу адамдын жыныстык органын уруксуздандыруу

Структура – түзүлүш.

Суверенитет – мамлекеттин өзүнүн ички иштеринде жана тышкы саясатында көз каранды эместиги.

Тариф – белгиленген, баа нарк көрсөткүч.

Текстил – кездемелер, токума, сокма нерселер.

Технология – материалдарды иштетүүнүн жолдору жана каражаттары жөнүнлөгү билимдин жыйындысы .

Теологиялык – диндик.

Террор – саясий душмандарга карата колдонулуучу зордук, аларды өлтүрүү.

Фанатизм – өзүнүн пикирине, идеясына аябай берилип, башканын пикирине такыр чыдабоочулукту көрсөтүү. Кандайдыр бир идеяга өтө берилген адам

Фундаментализм – өзүнүн түпкү баалуулуктарына кайрылуу, калыбына келтирүүгө болгон аракет.

Чала фабрикат – толук аягына чейин иштелип даяр боло элек, андан ары иштелип жасалуучу буюм.

Черный рынок (көмүскө рынок) – официалдуу эмес жашыруун рынок.

Шовинизм – чыныгы эл менин элим деп, башка элдерди жек көрүп, кемсинтүүчү, улуттар арасында душмандыкты туудуруучу, барып турган улутчулдук.

Цензура – басылып чыгарылуучу материалдардын мазмунуна мамлекеттик органдар тарабынан байкоо, тескөө жүргүзүп туруу

Экстремизм – саясатта эң эле аша чабууга, эң эле кескин чараларды колдонууга умтулуучулук.

Этнос – эл.

Негизги окуялардын мезгилдүү тизмеги

1918, июль	Индиянын башкаруу жөнүндөгү Мыйзамдын долбоору нун жарыяланышы.
1919,апрель	Роулеттин Мыйзамына каршылык иретинде башталган хартал (активдүү иш кылууну токтотуу).
1920,декабрь	ИУК тарабынан М.К. Гандинин программасы менен тактикасын кабыл алуусу.
1922, февраль	Индиядагы Сатьяграхинин өткөрүлүшү.
1928,февраль	Англиялык Саймондун комиссиясынын Индияга келиши.
1930, март	Индиядагы сатьяграхинин башталышы.
1931, март	Ганди – Ирвин пактысына кол коюлушу.
1931,сентябрь	М.К.Гандинин «тегерек стол» конференциясына катышышы.
1932, январь	сатьяграхинин кайрадан улантылышы.
1935, август	Индиянын жаңы Конституциясынын кабыл алынышы.
1939, октябрь	ИУКнин англиялык бийликтер менен мамиле түзүүдөн баш тартышы.
1940, март	Мусулмандар лигасы тарабынан көз карандысыз Пакистанды түзүү идеясынын көтөрүлүшү.
1942, март	Крипстин миссиясынын ийгиликсиз аякталышы.
1942, август	«август революциясы».
1944, май	улуттук кыймылдын лидерлеринин абактан чыгарылышы.
1946, август	М.Али Жинна тарабынан Индиядан Пакистанды бөлүп чыгарып кетүү үчүн күрөшкө чакырылышы.
1947, август	Индия жана Пакистандын көз карандысыздыгынын жарыяланышы .
1954, апрель	«Панча шила» принциптеринин жарыяланышы.
1955,январь	ИУКнин Авадидеги сессиясында «социалисттик мүнөздөгү коомду» курууга багыт алышы.
1956, ноябрь	Индиянын территориалдык жактан жаңыча бөлүнүшү
1962	Тибеттеги Индия менен Кытайдын согушу.
1964, май	Д.Нерунун өлүмү.
1965, август	Индия менен Пакистандын ортосундагы согуш.
1966, январь	Л.Б. Шастринин каза болушу, Индиянын премьер-министрлигине И.Гандинин көрсөтүлүшү.
1969, июнь	ИУКдеги бөлүнүп – жарылуу, М.Десаинин өкмөттүн курамынан чыгып кетиши.
1971, август	Советтик-Индиялык келишим.
1971, декабрь	Пакистан менен болгон согушу, Индиянын жеңиши.
1975, июнь	Саясий кризис, өзгөчө абал саясатынын киргизилиши.
1977, март	Жалпы шайлоолордо оппозициянын жеңип чыгышы.

1980, январь	И.Гандинин бийликти кайрадан колго алышы.
1981, ноябрь	Индиядагы экономикалык саясаттын өзгөртүлүшү.
1984, октябрь	Сикхи сепаратиси тарабынан И.Гандинин өлтүрүлүшү.
1989, ноябрь	премьер министр Р.Гандинин шайлоодо жеңилиши.
1991, май	Тамиль террористи тарабынан Р.Гандинин өлтүрүлүшү.
1991, июнь	Шайлоодо жеңишке жетишип, ИУКнин бийликке кайрадан келиши.
1998,февраль	ИУК (И) нин оппозицияга кетиши, А.Б Ваджпан башында турган коалициялык өкмөттүн түзүлүшү.
1998, май	Индия жана Пакистан тарабынан ядролук (өзөктүү) куралдарды сыноо.

Адабияттар

1. Антонов К.А., Бонгард-Левин Г.М., Котовский Г.Г. История Индии. – М.: Мысль, 1977.
2. Бельский А.Г., Фурман Д.Е. Сикхи и индусы: религия, политика, терроризм. – М.: Наука, 1992.
3. Влодин А.Г. Индия: становление институтов буржуазной демократии. – М.: Наука, 1989.
4. Ганди М.К. Моя жизнь Пер. с англ. – М.: Наука, 1969.
5. Гопал С.Д. Неру: биография: Т:1-3 Пер. с. Англ. – М.: Прогресс, 1989.
6. Горев А.В. Махатма Ганди. – М.: Международная жизнь, 1989.
7. Индия 80-х годов: тенденции социально-политического разватия Под.ред. А.Г. Бельского. – М.: ИНИОН, 1990.
8. Неру Д. Открытие Индии. Т.2. Пер. с англ. – М.: Политиздат, 1989.
9. Плешева М.А. Демократия в Индии: проблемы местного самоуправления. – М.: Наука, 1992.

Мазмуну

1. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки Индиядагы антиколониялык кыймылдын жогорулашы. 3

2. 1920-1930-жылдардагы Индиядагы антиколониялдык күрөш. 14

3. Индиянын көз каранды эместиги үчүн күрөштүн акыркы мезгили (1939-1947). 26

4. «Нерунун доорундагы» Индиянын экономикалык маселелери (1947-1964)..... 36

5. «Нерунун доорундагы» Индиянын ички саясий өнүгүшү (1947-1964)..... 45

6. 1960-жылдардын экинчи жарымында - 1970-жылдардагы Индиядагы кризистик кырдаалдар. 53

7. Индия XX кылымдын аяк ченинде (1980-1990-жылдарда)..... 66

8. Индиянын тышкы саясаты (1947-2000). 78

9. Индиянын бүгүнкү күндөгү абалы жана келечеги. 91

10. Сөздүктөр..... 93

11. Негизги окуялардын мезгилдүү тизмеги 99

12. Адабияттар..... 101

Индиянын соңку тарыхы
(1918-2005-жж.)

Окуу куралы

Компьютерге терген:
Муратбаева Гүлжамал

Басууга берилди: 13.02.2008.

Формат: 60x84 1/16 Келемү: 6,5 б.т.
Буйрутма: №6 Нускасы: 200 даана.

ОшМУ, "Билим" редакциялык-басма бөлүмү
Ош шаары, Ленин к., 331, каб.135., тел.: 7.20.61